**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# Өзгөнү ээрчиген өзүн унутат

**Чокоева Д.М.**

Жалал-Абад

**ББК: 63.5**
**УДК: 39**

**Д.М. Чокоева**

**Рецензенттер:** ***фил.и.д., проф. Асакеева Д.Ж.,***
***фил.и.к., доц. А.Оморов***

# Өзгөнү ээрчиген, өзүн унутат

Бул китепте: улуттук чындык кандай экендиги, кыргыз элинин руханий таржымалынын башаты кайда жаткандыгы, улуттук баалуулуктарды башка багытка буруунун түпкү максаттары жөнүндөгү чет элдик жана Ата мекендик окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнө комментарийлер берилет. Ошолорго таянуу менен автор, бүгүнкү күндө өлкөбүздө орун алып жаткан идеологиялык каталыктар боюнча өзүнүн корутундуларын жасайт.

Китеп гуманитардык факультеттердин студентерине, жаш окутуучуларга жана мектеп жетекчилиги менен мугалимдерине жана окуучуларына сунушталат.

Эмгек Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Регионду изилдөөчү илимий темаларды колдоо” долбоорунун каржылоосу менен ишке ашырылып, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук кеңешинин уруксаты менен басмага берилди (2021-жыл.22-январындагы кезектеги жыйындын №4 протоколу).

Автордун жеке менчик укугунда.

## МАЗМУНУ


*Алгы сөз.......................................................................... 6*
*Молдолордун теңирчиликтен корккондорунун себептери.... 15*
*“Манас” жана теңирчилик................................................. 21*
*Теңирчилик жана буддизм.................................................. 25*
*Дагы бир жолу Теңирчилик жөнүндө, же, Ватиканда эмне болду эле?........................................................................ 28*
*Теңирчилик жана Чоюн Өмүралиев...................................... 30*
*Кудай бул - физикалык кубулуш........................................... 34*
*Кыргыз салттарынын дүйнөдөгү орду ................................ 39*
*Мусулманчылыктын сырдуу доктринасынын түбүндө эмне бар?........................................................................ 43*
*Мухаммед башында (610-652-жылдары) кандай эле? .......... 46*
*Мухаммед кийин кандай болуп өзгөрдү?.............................. 47*
*Кантип көп кудайлуулуктун борбору болгон Мекке кыбыла болуп калды?......................................................................... 48*
*Маршал Жуков курандан эмне издеген?............................... 49*
*Эмне үчүн ислам жалаң коркутууларга негизделген?.......... 49*
*48-сүрөдөгү табышмактуу жагдайлар................................ 50*
*Исламдагы көп кудайга сыйынуунун элементтери.............. 51*
*Дагы бир жолу курандагы негизги катачылык жөнүндө.................................................................................. 52*
*Курандын Кудайдыкы экендигин тастыктаган далилдер жөнүндө.................................................................................. 53*
*Түшүнүүгө мүмкүн эмес дүйнө. Дүйнө түзүлүшүнүн сыры жана адам-пайгамбар........................................................... 57*
*Биз, кыргыздар (түрктөр) исламдын кишенинен чыгууга тийишпиз................................................................................ 58*
*Теңирчиликтин - кыргыз дүйнө таанымынан көрүнүшү....... 60*
*Теңирчилик бул диалектика.................................................. 63*
*Теңирчиликтеги Жол категориясы: Баары агат... Конфуций.............................................................................. 69*
*Кыргыздын Кел-Кел, Кет-Кет түшүнүгүнүн теңирчилиги................................................................. 70*
*Манастын ыйыктыгы эмнеде............................................. 74*
*Нарктуулук, салттуулук - теңирчиликтин өзөгү................. 75*

*“Аңкайсаң асман, эңкейсең жер” же, теңирчиликтеги жуптуулук принциби.......................................................... 77*
*Кыргыз кантип эл болуп түзүлгөн?...................................... 82*
*Эми салт жана анын ыйыктыгы жөнүндө.......................... 83*
*Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес................................ 84*
*Зомбулукка салттык көз караш............................................ 86*
*Биз кыргыздар ким элек да ким болдук.................................. 90*
*Кыргыздын өзүнүкү менен бирөөнүкүн айырмалай билүү принциптеринин салты....................................................... 92*
*Эми салттын өзүнө келсек................................................... 94*
*Адамдын жаш курагына тиешелүү салттар..................... 95*
*Кыргыздын кийим боюнча философиясы........................... 96*
*Өлгөнгө кошок кошуп, өкүрүү керекпи, же... ....................... 97*
*Софоклдын: гректердин маркумду акыркы жайына узатуу салтына карата көз карашы................................................ 102*
*Элмирбек өлүмү менен да элге үлгү...................................... 103*
*Кыргыздардын адам өлгөндө курмандык чалуу адаты кайдан келген жана анын кандай мааниси бар?............................................................................ 104*
*Угуп жатасыңарбы, түрктөргө доор Чакырык таштап жатканын?................................................................................. 108*
*Эмне үчүн түрктөр өздөрүн “Асман уулу” деп эсептешкен?....................................................................... 109*
*Ата-баба арбагын культташтыруу эмне үчүн керек болгон?......................................................................................... 110*
*Кайрылгыс болуп жоголгон кыргыздардын өздүк мамлекеттик түзүлүшү, же, эң мыкты билим, бул – тажрыйба, же, “Аксакал” институтунун мааниси ........... 111*
*“Жардам” деген сөзгө катылган карөзгөйлүк.............................................................. 112*
*Жоголуп бараткан кыргызча мамлекет түзүү илими........................................................................................... 114*
*Салттуу билим......................................................................... 118*
*Салттардын (үрп-адат жана ырым-жырымдардын) турмуштук маанилери........................................................ 123*
*Бизге да ювеналдык юстиция жетип келбешине кепилдик жок........................................................................................... 128*

*Санариптештирүү саясатынын артында эмне жатат?....* *131*
*Мамлекеттин да иммундук системасы болушу зарыл.........* *135*
*Санарип саясаты..................................................................* *136*
*Санарип мектеп, кандай мектеп?........................................* *138*
*Г Л О С С А Р И Й..................................................................* *141*
*Шилтемелердин беттери...................................................* *143*
*Колдонулган адабияттардын тизмеси..................................* *144*

## Алгы сөз

Бул китепти жазуунун себеби: кийинки кезде улутубуздун жаштарынын исламга болгон фанатикалык кызыгуусунун эбегейсиз өскөнү болду. Анткени, бул түпкүлүгүндө атуулдук согушка, кыргыз менен кыргыздын кырылышып чабышуусуна алып келүүчү абдан коркунучтуу кубулуш. Себеби, элибиздин өзүнүн руханий башаты бар, ал - теңирчилик, анын негизи, "Манас" эпосунда жана каада-салттарыбызда жатат. Ал эми шарияттын көпчүлүк шанимдери элдик каада-салттар менен карама-каршы келиши, салтты кармангандар менен шарият менен жашоону жактоочулардын ортосундагы ажырымды улам алыстатып баратат. Мындай көрүнүштүн себеби төмөнкүчө: Татар Республикасынын билим берүү министрлигинин грифи менен мектептердин жогорку класстарынын окуучулары жана филологиялык факультеттердин студенттери үчүн окуулук катары чыгарылган Р.Н.Безертиновдун "Древнекыргызская религия "Тенгрианство" деген китебинде: "Байыркы кыргыздар өздөрүнүн динин "Теңир" – "Чексиздик" деп аташкан. Жана ал дүйнөдөгү диндердин ичинен бир гана япондордун синтоизми менен жакындашат, окшоштуктары бар. Ал эми пайгамбарлар тарабынан жаралган диндерден айырмачылыгы: теңирчилик - эң байыркы, табиятка жана анын стихияларына карата адамдын мамилесин чагылдырган мифологиялык түшүнүктөрдү өзүнө камтуу менен табигый тарыхый жол менен өсүп отуруп калыптанган дин. Бул динге таандык өзгөчөлүктөр: адам өзүн курчаган чөйрө менен тууганддык мамиледе турат деген түшүнүк. **Жаратылыш менен ата-баба арбактарын кудайлаштыруу.** Дал ушу теңирчилик ишеними түрктөрдө табияттын рухун туюнуусун, өзүн, жаратылыштын бир бөлүгү катары сезүүсүн, табият менен гармонияда болуусун, жаратылыштын ритмине баш ийип жашоосун, анын чексиз кубулууларынан ырахат алуусун, көп кырдуу коздугуна кубануусун калыптандырган. Бул сезимдер адамдын жашоосунун мазмундуулугун тереңдеткен (муну кыргыздын кара күүлөрүнөн сезүүгө болот-Ч.Д.). Түрктөр бардык нерсе бири-бири менен өз ара ички байланышта турат деп түшүнүшкөн, талааларга, шалбааларга, тоолорго, сууларга, көлдөргө, т.а. бүтүндөй табиятка, кудайдын мөөрү басылган ыйык катары карашкан" [1,4] деп жазат. Ал эми исламда булардын

баарынын ыйык деп саналуусуна, ал тургай күү ойноого, угууга, ырдоого, бийлөөгө тыюу салынган. Комуз күүлөрү, ыр, бий, “Манас” айтуу жана кыргыз турмушунун бардык жагдайларын камтыган каада-салттар, кыргызды эзелтен коштоп келген, кыргызды (пендени) адам кылууда негизги роль ойногон элдик тарбиянын күчтүү инструментарийлери болгон. Анан кантип буларга тыюу салууга болот? Булар биздин тарыхыбыз да. Тарыхты тандоого болобу? Тактап айтканда, кайсы бир эл өзүнүн башатын танып, толугу менен башка элдин философиясына өтүп кете алабы? Антпейт. Анте албайт. Анткени, адам деген ой жүгүртүүчү зат. Ал эми исламда дал ушу ой жүгүртүп көрүүгө, ой жүгүртүп жашоого тыюу салынат. “Ойлонбой туруп ишенүү гана керек” - деп ишендиришет. Ишенбесеңиздер куранды 50 жолу араб тилинде окуп чыккан С.Алескеровдун ой жүгүрткөн мусулман менен ой жүгүртпөгөн мусулмандын ортосундагы **диалогуна** көңүл буруп көрүңүздөр:

### *Түшүнүү, же сокур түрдө ишенүү?*

*Кайсы бир мечиттин короосунда эки мусулмандын ортосунда ушундай диалог жүрдү:*

*Экинчи мусулман биринчи мусулманга кайрылды:*

*– Сен чыныгы мусулманмын дедиң. Анда айтчы, Аллахтын, Курандагы: «Артка карай жылган планеталар менен карганам” дегени эмнени түшүндүрөт?*

*– Билбейм…*

*– Аллах: «сиздин Кудайыныз – чыгыштар менен батыштардын Кудайы» дегенде эмнени айткысы келген?*

*– Ошондой да болобу – көп «чыгыштар», “көп батыштар” болмок беле? Чыгыш да бирөө, Батыш да бирөө да?*

*– Кыскасы, муну да билбейсиң. Ал эми Аллахтын «Мен силерди былжыр заттан уютуп жасап, үч катар тоскоолдун ары жагындагы бекем жайга каттым» дегени эмнени түшүндүрөт?*

*– Өлөйүн, билбейм.*

*– Сен деген күнүгө куранды окуйсуң да, анын жарымын жаттап алганыңды, күнүнө беш маал үзбөй намаз окуганыңды жетишкен ийгиликтерим деп эсептейсиң, Кудайга терең ишенем дейсиң, бирок, кантип ишенесиң эгерде курандын маанисине түшүнбөсөң?*

*– Курандын маанисине түшүнөсүңбү, түшүнбөйсүңбү, ага карабай ишениш керек.*
*– О-го. Куран эмне жөнүндө экендиги кантип сени кызыктырбайт?*
*– Жетишет. Мени кечке уяткара бербе. Андан көрө чыгыштар жана батыштар жөнүндө айтып берчи…*
*– Бул узак сөз – деди сакалчан мойсопут киши, – канчалаган мусулмандар куранды жатка айтып жүрүшөт, анда эмнелер айтылганын билбестен. Ал эми куран болсо, билимдин булагы да, ошондуктан, аны христиандар менен иудейлер да түшүнүүнү каалагандары бекеринен эмес.*
*– Сен эмне, алар биздин душмандарыбыз да!*
*– Сен эмнени сүйлөп турасың! Мусулман имиш дагы! Биздин диндердин тамыры бир, бөлө турган эч нерсе жок, динге зордуктоо жок экендиги куранда айтылган…*
*– Койчу, сен кайда кирип кеттиң, а **жихад** деген эмне анда?*
*Алар көпкө айтышты, соңунда ушул саптардын автору мындай жыйынтыкка келди: **мусулмандар куран эмне жөнүндө экендигин түшүнүшпөйт, анда эмнелер жазылгандыгын билишпейт, өз динин, көрүнгөндүн оозунан угуп, бурмаланган тейде түшүнүшөт.***
*Сакалчан экинчи мусулман биринчи мусулманга мындай деди:*
*– ар бир эл өз Кудайына сыйынат, бирок бир эле Кудай, бардык эл үчүн бир Кудай, Ал Кудай – ал тургай өзүн тааныбаган, кабыл албаган кудайсыздардын да үстүнөн карап, жалгап турат;*
*– мейли, ар ким өз Кудайына ишене берсин, жыйынтыгында баары эле бир Кудайга сыйынышат;*
*– динге зордук жок;*
*– Куранды Кудай, Библия, Тора, Евангелие сыяктуу асмандан адамдарга түшүргөн, жана ушул бардык ыйык китептерде – Кудайдын акылмандыгы берилген;*
*– Куранда бир өзгөчөлүк бар: Мухаммед пайгамбар Кудайдан анын адамдарга эмне айтканын гана эмес, өзү эмнени угууну кааласа ошону да "уккан" жана куранда экөө тең чагылдырылган.*
*Ошентип, сакалчан мусулман да, пикирлеши Кудайга ишенген деңгээлде эле Кудайга ишенет жана минтип ойлойт:*

*– Бүт жер шарынын адамдарынын үстүндө бир гана Кудай бар – ал Аллах;*

***Биринчи мусулман болсо минтип ойлонот:***

*– бардыгы мусулман болуш керек, анткени, куранда мусулман дини бардык диндерден жогору турат, мусулмандар гана бейишке кире алат деп жазылган;*

*– ким, исламга кирбесе, ал – динсиз, кафир, гяур, андайларды өлтүрүш керек, Мухаммед ушундай кылган;*

*– ар бир мусулман бардык нерседе Мухаммедди туураш керек;*

*– **өзүңдүн мамлекетиңдин мыйзамдарына баш ийбешиң керек,** куран баарынан жогору турат;*

*– Куран – алгачкысынан акыркы тамгасына чейин Аллахтын өзүнүн сөзү;*

*– Мухаммед күнөө кылган эмес;*

*– ал эми сага окшогон мусулмандарды жөн эле, динсиз катары өлтүрүш керек.*

*Ушуну менен алар эки жакка кетишти, жана жанагы сакалчан мойсопут экинчи мусулман ушу китепти жазууга отурду" (Самир Алексеров "Великий Пародокс, или два почерка в Коране").*

Куранды түшүнбөө боюнча икаялар көп. Мисалы Омор Хаямда:

"Куран ырын окуп жүрөт көптөрү,
Кантип окуйт? Түшүнүшпөйт өздөрү.
Таңдан окуп, күндүз окуп, кечке окуп,
Миң кайталап жадатты го сөздөрү"

деген сыяктуу, исламдын акыл-эске, логикага төп келбеген жактарын ашкерелеген саптар аябай көп. Ислам жөнүндө мындай терс көз караштардын калыптанышына, аны догмага айлантышкан ортодокстар күнөөлүү, алар адамдарды сокур ишенимге чакырып жатышып, жогорудагы диалогдо келтирилгендей курандагы чыныгы илимди, чыныгы баалуулуктарды көлөкөдө калтырышкан жана мында алардын жана Мухаммеддин өзүнүн жеке кызыкчылыктары болгон. Эгерде Иисус Христос жаңы дин жараткыч, анын башында турган феномен болсо, Мухаммед жеке эле духовный лидер эмес, өз мамлекетин түзгөн жана анын башында турган саясий лидер дагы болгон. Ал эми транс аркылуу берилген илим бир адамдын жана бир мамлекеттин кызыкчылыгын эске албаган нейтралдуу абалда берилген. Ошондуктан,

Мухаммедге жана анын соратниктерине ислам мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн Кудайдан берилген кабарларды бурмалоо, өз кызыкчылыктарына туура келгендерди кошуу аркылуу элдерди манипуляциялоого туура келген. Тактап айтканда, С.Алескеров: Мухаммед дайыма эле Кудайдын сөзүн укпастан, өзү эмнени угууну кааласа, ошону да "уккандыгын", б.а. өз кызыкчылыгына туура келген нерселерди Кудайдын сөзү катары берген учурлары да болгондугун белгилеген... Ал эми Мухаммад Вахкабович сыяктуу исламды реставрация кылып, анын чыныгы гана маанисин калтыргысы келгендер, ортодокстардын каарына калган. Мисалы, Вахкабович, "Меккедеги кааба ташын талкалайм" (18-кылымда) деп аракеттенген. Чындыгында, ал мындай иш-аракетин, Мухаммед пайгамбардын "материалдуу нерселерге сыйынуу, адамдарды кудайдын өзүнөн алаксытат" деген жобосуна таянуу менен ишке ашыргысы келген. Ал эми билбегени жок, орустун бундеркинди А.Вассерман: "Адегенде Меккедеги кааба (куб) ташынын сыйкырдуулугуна Мухаммед өзү ишенген эмес. "Кудай асманда, бул таш асмандан түшкөнү менен жерге жеткиче сыйкырынан айрылган, кадимки эле кара таш" дегендиги үчүн Меккеден Ястрибге (кийин Медина "пайгамбардын шаары" деген атка конгон) куулган. Ал жерден кол жыйнап, Меккеге кайра барган, бирок, Каабанын арты менен акча тапкан курейштер катуу турушкандан кийин, Мухаммед саясий чечим кабыл алууга аргасыз болгон" – дейт...

Бул тарыхта кыргыздар көңүл бура турган өзгөчө жагдай: байыркы кыргыздар: "буларда кудайдын мөөрү басылган" деген теңирчилик көз караштан улам: тоо-таштарга, жер-суу, көл, дарактарга сыйынуу салтын калыптандыргандыгы боюнча жогоруда Р. Безертиновдун китебинен мисал келтирдик. Азыркы молдолор ушул салттан баш тартып, каабага барып сыйынуу гана парыз деп кыргыз жаштарынын аң-сезимине сиңирип жатышат. Ал эми окумуштуулар Мекке дагы эле бутпарастардын борбору экендигин, Меккеге баргандар, ташка, ошол бутпарастардан калган ритуалдар аркылуу сыйынуусун ишке ашыра тургандыгын жазып келатышат. Окумуштуулар кыбыла Мекке болуп калгандыгы дагы Мухаммеддин жеке пенделик мамилелеринен улам болгонун белгилеп келишет (мурда ал намазды Иерасулимге багыттап окууну

буйруган, бирок, еврейлер менен ыркы келишпей калгандан кийин, Мухаммед намаз окуунун багытын Меккеге буруп койгон).

Ал эми теңирчилик дүйнө таанымы боюнча тоо-талааларга кудайдын мөөрү басылган, ошондуктан, аларга сыйынуу керек деген салт калыптанса, кааба ташы “катып калган периште” болгондуктан, аны өпкөн, жок дегенде, колу жетип сылаган пендеге, ал, тиги дүйнөдө кыяматтын көпүрөсүнөн өтүүгө жардам берет – делип түшүндүрүлөт. Ошентип, Теңирчиликте кудайдын өзүнүн мөөрү, ал эми исламда, кудайдын периштелеринин бири деп эсептелген таш негизги сыйынуу предмети болуп калгандыгын эске алуу керек.

(Ошентип, ортодокстар, адамдардын чыныгы кудайдан келген кабарлар менен эмес, Мухаммеддин өзүнүн сөздөрү менен гана тааныш болуусуна, ошолорго гана ишенип, баар-жокто Мухаммедди туурап жашашына жетиштиргилери келгендигинин натыйжасында ислам догмага, дүйнөнү дүрбөлөңгө салган агрессивдүү, коркунучтуу динге айланган. Ошондуктан, В.Порохованын куранды каталардан арылтып тууралап окуганга жасаган аракеттери, “Куранды диалектикалуу жана улуттук түшүнүктө окуш керек” деген сөздөрү, ушундай догмаларга каршы жаңыргандыктан, анын котормосу жана окуусу прогрессивдүү ой жүгүрткөн адамдар арасында исламдын баркын көтөргөн – Ч.Д.).

Р.Н.Безертиновдун белгилөөсүнө караганда: “теңирчиликтин дагы бир өзгөчө айырмасы кудайларды үч зонага бөлүп жайгаштыруу болгон: асман зонасында адамга карата айкөл жана жарык кудайлар менен периштелер жайгашса, жерде, табияттын түрдүү колдоочу кудайлары жана ээлери, оттун жана шамалдын, оорулардын, ошондой эле өлгөн бакшылардын рухтары жайгашкан, байыркы түрктөр менен монголдордун түшүнүгүндө, адамдарга эң жакындары ушул кудайлар болгон, адамдар бакшынын ортомчусуз, өздөрү эле аларды атынан атап кайрылып, тамак-аш арнашкан жана алардан колдоо сурай алышкан (азыркы мазар жана жер-суу тайуу иретинде өткөрүлгөн иш-чаралар ошол теңирчиликтин элементтери-Д.Ч.). Кудайлар менен периштелер жайгашкан үчүнчү зона: жердин алды болгон” [2,5].

Экинчиден, мындай көп кудайлуулук исламдын борбору Меккенин өзүндө али да өкүм сүрүп турганын жогоруда мисалдар менен келтирдик.

Үчүнчүдөн, илимий булактар, монотеисттик (бир кудайга сыйынуучулук) дин теңирчиликтен башталып, башка дүйнөгө тарагандыгын тастыктоочу далилдерди улам барган сайын көбүрөөк келтирип жатышат. Иудаизм, христианчылык, ислам диндеринин ыйык китептеринде, биринен-экинчисине көчүп жүргөн сюжеттердин башаты түрк тилдүү элдердин фольклорунда экендиги тастыкталып жатат. Ал эми семиттик диндер, тескерисинче, теңирчиликтин булагынан “суу ичкенге” чейин көп кудайлуулуктун башаты болуп келиптир... Теңирчиликти желмогуздай көрсөтүүгө болгон молдолордун аракетинде дал ушу теңирчилик, көп кудайлуулуктун булагы деген көз-караш жаткандыгы түшүнүктүү. Бирок, биз муну биринчиден танып кете албайбыз, анткени, бул биздин руханий дүйнөбүздүн кечээги тарыхы, ата-энени танып кете албаган сыяктуу тарыхты да танып кете албайбыз... Кыргыз болуп бекер жаралыппыз, араб болуп алалы деп, миң кааласак да боло албайбыз.

Кыргыз (кергис, кутий, самаритян) менен еврей элдеринин бир кезде өтө жакын жүргөндүгү, ал эми дин тили деп эсептелген шумер тили – түрк тили болуп чыккандыгы, “түрк” деп – түркий тилдүү элдер кийин гана атала баштагандыгы, бардык түрк тилдүү элдер эң байыркы мезгилде “кыргыз” деп аталгандыгы (В.Радлов “кыргыздар түрк элдеринин эң байыркы аталышын алып жүргөн жалгыз эл”) илимий булактарда белгиленип келет. Р.Безертинов өзүнүн китебин “Древнекыргызская религия “Тенгрианство” деп атаганда бизди, кыргыздарды эмес, жалпы түрктөрдүн тарыхый аталышын эске алган. Жана китептин мазмунунда татар элдеринин жарымы христиан, жарымы ислам динин тутунуп калгандыгы үчүн, өздөрүнүн улуттук жүзүн жоготуп таанылбай бараткандыгын, тилек, алкыш, суранып-тиленүүдө, т.а. дуба сөздөрүндө башка тилдерди колдонуу, элдин улуттук белгилерин тез жоготууга алып келе тургандыгын көрсөткөн.

Ал эми кыргыз элинин эгемен окумуштуусу Ч.Өмүралиев Теңирчиликти дүйнө таанымдын толук системасы катары карайт. Белгилүү болгондой, теңирчилик деген эмне экендиги, тээ алыскы

советтик тоталитардык бийлик күчүндө турган кезинде казак элинин аты-жөнү дүйнөгө белгилүү акыны жана даңктуу уулу Олжас Сулейменов тарабынан анализге алынып, теңирчиликти аң-сезимдүү түрдө таанууга биринчи чакырык ташталган. Анын ошондогу "Теңирчилик терең илимий изилдөөлөрдү күтүп жатат" деген билдирүүсүнө азыр илимий жооптор бериле баштады... Акын Олжас Сулейменов: Теңирчиликти үзгүлтүккө учураткан ислам дини, түрк дүйнөсүнө алып келген карама-каршылыктуу көз караштардын эң башкысы катары "Ислам Орто Азияда аялдарды күңдүк деңгээлге түшүрдү" деген, орто кылымда жашап өткөн түрк акыны Низами Ганжавинин сөзүн келтирген. Теңирчиликте болсо Аял – Умай эне катары башкы кудайлардын катарында болгондугун жазган. Шумер, Алтай, Алатау мүрзөлөрүнөн табылган, колуна кумура карматылып көмүлгөн аялдардын сөөгү, колуна кумура кармаган Аял түрктөр үчүн өлбөстүктүн, түбөлүктүүлүктүн символу болгондугун билдирет - дейт. (Ошондо элеси колундагы чөйчөгү менен бирге калган Мария Магдалинанын башаты кайдан башталганын боолголоого болот). Саймалы Таштагы жазууларды изилдөөгө көп өмүрүн арнаган профессор Л.Жусупакматов да "байыркы түрктөр үчүн аял сексуалдык объект эмес, сыйынуучу зат болгон" деп жазат. Бүгүн түрк тукумдары аял жөнүндө жакшы сөз айткысы келсе Мухаммед пайгамбардын "Бейиш энелердин таман астында" деген сөзүнөн башка сөз таба алышпайт. А чындыгында кыргыздардын, исламга чейин сабеизм динин тутунган арабдардын, "үй-бүлөсүндө кыз бала төрөлсө, тирүүлөй кумга көмгөн" (А. Атабек) адаты бар арабдардан мисал келтиргендери барып турган маңкурттук, уят иш. Кыргыздын улуттук архетибиндеги аялдын үлгүсүн Ч.Айтматов таап чыкканын да кыргыздар убагында баалай алышкан эмес. Жана бүгүнкү күнгө чейин Жамыйланын табиятын түшүнбөгөн кыргыздар көп. Ошентип, өзгөнү ээрчиген, өзүн унутат болуп, барган сайын өзүбүздү унутуубуз тереңдеп баратканын аңдоо, бүгүнкү күндө номур биринчи улуттук маселеге айланып баратат...

**Кыргыз лексикасынын корундагы Теңирге байланыштуу сөздөр жана фразалар колдонулбай баратышынын себептери жана балага ысым берүүдө эмнелерден качуу керек**

Кыргыз "Теңирим берсин", "Теңирим берерин унутпасын", "Теңир жалгасын", "Теңирим колдосун", "Теңир жылоолосун" деген алкаганда, бата бергенде. "Тең жегенди теңирим сүйүптүр" деген макалында. Ушундан теңирчилик, теңир тааным, Көк (же көкө) Теңир ж.б. философиялык терминдер тараган. Балдарына Теңирберди, Теңирберген деген ысымдарды ыйгарган кечээги жакынкы эле тарыхта. Бирок, барган сайын кыргыздын алкыш, батасында Теңирдин аты кем айтылып баратат, Теңирберди, Теңирберген деген ысымдар дегеле коюлбай калды, тескерисинче, наристесине куран ачып ысым берүү элибизде өтө өөрчүп баратат. Ошондуктан, эл арасында мааниси түшүнүксүз ысымдар көбөйгөндөн көбөйүүдө (арабча аталыштагы кафе-ресторан ж.б. ишканалар жайнап эле жатып калды). Ушуга байланыштуу мен, биринчи курстарга өтүлүүчү "Манас таануу" боюнча 1-лекциямды дайыма: бөбөккө ысым берүүдө саясий ысымдарды жана этимологиясы эне тилде түшүнүксүз аттарды тандоодон качуунун философиясына арнайм. Мисалы, жакында менин бир таанышым Мираида деген ысымын башкага алмаштырыптыр, эмнеге алмаштырдың деп сурасам: "Мир Аида" деген сөз "өлүктөр дүйнөсү" дегенди билдирет турбайбы дейт. Мен күлдүм, чынында грек мифологиясы боюнча: Аид Зевстин бир тууганы, тиги дүйнөнүн падышасы. Ошондой эле арабча фатима "тежемел багылган" дегенди билдирет (бул ысымды берип жатып адамдар Мухаммед пайгамбардын кызынын ысымын берип жатабыз деп ойлошоорун түшүнүп турабыз), ошондуктан, наристеге, ушундай кемсинтилген мааниге ээ сөздү ысым катары ыйгаруунун кандай мааниси бар? Садык деген чындык деген эле сөз, ырас ушундай болгондон кийин кыргызча эле Чындык деп койсок эмне жарашпайбы? Саясий ысым бербөөнүн себебин сүрүштүрсөк: Ислам Каримов – өмүр бою исламга каршы күрөшүп жүрүп өттү. Мындан, балага саясий аттарды берүү да өтө опурталдуу экендиги байкалат. Анткени, бала эртеңки күнү аң-сезимдүү жашоосунда кандай көз-караштты тутунаарын ким билет? Ошондуктан, адамдын ысымы өзүнүн саясий көз карашына туура келбей калбагандай

болушу керек. Мунун башка да себептери бар. Мына бүгүн Димаш Кудайберген бүт казактарды ааламга таанытып жатат. Анын алгачкы Динмухаммед деген аты, Димаш болуп жымсалданып калбаганда, дүйнө аны араб деп кабыл алмак да. “Бул араб эмес казак” деп, казактар бүт дүйнөгө кантип түшүндүрүп чыкмак эле. Чоочун ысым ыйгаруунун ушундай да жагдайы бар экендигин эстен чыгарбоо керек. Ал эми Теңирди Аллахка алмаштырып жатканыбыздын түпкүлүгүндө: улуттук рухий дүйнөбүздүн башатын, өнүгүү тарыхын билбегенибиз гана турат. Кыргыздардын мындай билимсиздигинен пайдаланып дин ишмерлери (өздөрү кыргыз болушса да), тезинен теңир ишенимин элдин жан-дүйнөсүнөн айдап чыгуунун аракетин көрүшүп, теңирчиликти коркунучтуу, эч нерсеге арзыбаган, терең эмес жеңил-желпи нерсе катары көрсөтүүгө (“теңирчилик болгону бир көз караш” А.Нарматов) аракеттенишүүдө.

**Суроо:**

1. *Жаңы төрөлгөн бөбөккө берилген ысымдын этимологиясы (мааниси) өз эне тилинде түшүнүктүү болуусунун зарылдыгы эмнеде?*
2. *Эмне үчүн молдолор теңирчиликти зыяндуу, коркунучтуу көз караш катары көрсөтүүгө аракеттенишүүдө?*

### Молдолордун теңирчиликтен корккондорунун себептери

Молдолор теңирчилик коркунучтуу, жаман илдет дегендей түшүнүктү жаштардын мээсине биротоло казык кылып кагуунун аракетин катуу көрүшүүдө. **Чындыгында теңирчилик эл үчүн коркунучтуу эмес, ал биздин руханий тарыхыбыз, элдин аң-сезимине мусулманчылыкты тереңдетип киргизүүнү көздөп жаткан дал ошол молдолор үчүн өтө коркунучтуу.** Анткени, кыргыздын бүтүндөй жашоо философиясынын илимий жана практикалык негизин азыркыга чейин теңирчилик (жана манихеизм) түзөт. Ислам эчак киргенине карабай, ал буга чейин жашоонун сырткы оформлениеси гана болгонго жарады (жаназа түшүрүү, куран окуу, нике кыюу сыяктуу). Кыргыз Республикасы суверендүүлүк алгандан кийин элдин социалдык абалы начарлады, тактап айтканда, көпчүлүк адамдар эптеп курсагын тойгузуу менен эле алек болуп калышты, билим берүүнүн сапаты төмөндөдү.

Ошондой эле мамлекеттин идеологиялык ишинин начар жүргүзүлүшү, коопсуздук жагы жакшылап кайтарылбай калышы, илимге болгон кызыгуунун солгундашы, мамлекеттик иштерге билими өп-чаптардын көп келиши сыяктуу факторлор дин ишмердүүлүгүнүн өөрчүшүнө алып келди. Айрыкча, мусулманчылыкка үндөө күчүнө кирип, мектеп жашындагы балдар 90-95 пайызга чейин мечитке тартылды. Бул ийгиликке жана контролдун жоктугуна шерденген молдолор, кыргыздарды чыныгы мусулманга айлантуунун айла-амалына жан үрөп киришишти. Жогоруда айтылгандай мурда мусулманчылык кыргыздардын турмуш философиясынын сырткы оформлениеси гана болсо, а калган бөлүгүнүн баары теңирчиликте турса (төмөндө конкреттүү мисалдар келтирилет), эми молдолор элдин жан-дүйнөсүнүн ошол терең жеринен теңирчиликти айдап чыгуу аракетин катуу башташты. Бул алардын кыргыз салттарын жерип, аны “ашыкча чыгым”, “ысырапкорчулук” ж.б.у.с. менен түшүндүрүүгө, теңирчиликке коркунучтуу түр берүүгө, “Манас” мусулман болгондугуна ишендирүүгө аракет кылып жаткандарынан, көрүнөт...




**Чындыгында, кыргыз дүйнө таанымы азыр деле теңирчиликте тургандыгын эмне менен далилдейбиз?** Мына, биздин колубузда, Татар Республикасынын билим жана илим министрлигинин грифи менен чыккан, Р.Н.Безертиновдун “ДРЕВНЕКЫРГЫЗСКАЯ РЕЛИГИЯ ТЭНГРИАНСТВО” деген, мектептер менен ЖОЖдорго арналган окуу китеби турат. Анын кириш сөзүндө: “Адам динсиз жашай албайт. Баардык кишилерге диндик сезим таандык. Ал сезим адамдарды адамзат тарыхынын башынан бери коштоп келет. Диний ырым-жырымдарды жана үрп-адаттарды жасоо убагында адам космостук жана жердик күчтөр менен байланышат. Дин дүйнөнү бүтүн кабылдоо үчүн керек. Ал аркылуу руханий дүйнө жана физикалык дүйнө менен адамдын өзүн жаратуучунун – Асман рухунун өзү ачылат. Эч кандай илимий ой жүгүртүүлөр ааламды толук камтый албайт, анткени, ал ушунчалык зор. Ошондуктан, дүйнөнү толук түшүнүүгө диндин жардамысыз жетише албайбыз. Дин менен илим бири-бирин толуктап туруш керек: илим өзүнүн илимий компотенциясында, ал эми дин – адам тиричилиги жөнүндөгү идеялары менен.

**Буддизм, христианство, ислам али жарала электе эле кыргыздар өздөрүнүн байыркы өз алдынчалуу динине ээ**

**болушкан. Ал космостук кудай Теңирдин культуна негизделген.** Теңир жөнүндөгү түшүнүк б.з.ч. V-IV кылымдарга барып такалат. Теңир башкы кудай деген түшүнүк Улуу Талаанын бардык түрктөрү менен монголдоруна мүнөздүү. Бул франциялык дин изилдөөчү Жан-Поль Рунун теңирчилик дүйнө таанымга “Теңиризм” деген жалпылама аталыш берүүсүнө алып келген” [3,3], деп берилген. Андан ары Р.П.Безертинов: “Теңир” – термин катары: “Асман”, “дүйнөнүн көзгө көрүнгөн бөлүгү”, “Кудай”, “башкаруучу”, “төрө”, “рух - кожоюну” деген маанилерди берерин “Древнетюркский словарь” дан (Ленинград, 1969) келтирет. Ал эми кыргыз жазуучусу О.Айтымбет уулу өзүнүн “Көкө Теңир” деген китебинде: **теңирчиликти** - баар-жокко өмүр берген Күн деп, Күндү кудай катары тааныган ишеним деп берет. Ушундан улам, “Манас” эпосун прозага айланткан жазуучу Ашым Жакыпбеков өзүнүн вариантына “Теңири Манас” деген аталыш бергени эске келет. Демек, кеменгер жазуучу “Манасты” проза кылып жазаардан мурда эпостун мазмуну менен эле эмес, илимий изилдөөлөр менен да кеңири таанышып чыккан болсо керек. Себеби, Манас эң байыркы кыргыздар тарабынан Күн кудайы катары кабылдангандыгын төмөндөгү окумуштуулар жетишээрлик аргументтер менен далилдешкен...

**Кыргыздардын Күн, Асман, Жерди ыйык катары тааныган мезгили** Философия илимдеринин доктору, профессор Ш. Акмолдоева: “... Манасты кыргыздар кудай катары кабыл алышкан - деп жазат да ага мындай түшүндүрмө берет: Манас космостон берки ортоңку мейкиндиктеги кейипкердешүү катары түшүндүрүлүшүнө негизденип, Асман менен Жердин никелешип биригишинин натыйжасында анын төрөлүү фактысын космогониялык көрүнүштүн спецификалуу чечмелениши катарында кароого болот. Семантикасы боюнча ал Ааламдын иретке салынган тартибинин жаралышында, Асмандын Жерден бөлүнүү процессинде жана Ааламдын түзүлүшүндө борбордук абалды ээлөөчү ортолук элементтин жаралышы катары чечмелеген ведалык космогонияга окшош”. Автор өзүнүн мындай оюн далилдеш үчүн эпосто Манас эмнеден жаралса, же, эмнеден төрөлсө ошонун баары жогорку дүйнө – Асманга, төмөнкү дүйнө Жерге тиешелүү болуп айтылаарын: Манастын “Айдыңынан Ай

корккон//Күлпөңүнөн Күн корккон” же, “Айың менен Күнүңдүн//Бир өзүнөн бүткөндөй//Алды калың кара жер//Жердигинен түткөндөй” [4,25] деген сыяктуу эпостогу айтылуу саптарды мисалга тартат. Ушундай эле маанидеги пикирлер Кыргыз илимдер академиясына мүчө-корр., профессор Р. Кыдырбаева жана профессор М. Борбугулов тарабынан Ш. Акмолдоеванын жогоруда келтирилген сөзүнө чейин айтылган. Мисалы, ф.и.д. профессор М.Борбугулов мындай ойду билдирген: “Алп Манас белгилүү бир мезгилде жан-жаныбарга өмүр берген күндүн образы болсо, б.а. мифтик образ болсо, бара-бара ал көп ирет өзгөрүп, кайра иштелип, терендеп жана кеңий берген” [5,17], ал эми филология илимдеринин доктору, айтылуу манас таануучу Раиса Кыдырбаева эпостон “Төбөсү ачык көр урсун//Төшү түктүү жер урсун” деген кеңири колдонулган антты келтирүү менен “Байыркы кыргыздар асман, жер, сууну ыйык тутуп сыйынышкан, алар жөнүндөгү өздөрүнүн мифтерин жаратышкан” [6,18] деп жазат. Бул факты жөнүндө байыркы грек булактарында “... түрк тилдүү уруулар байыркы учурда жерди ыйык тутуп, анын урматына гимндерди жаратышкан” деп жазылганын, ошондой эле “912-922-жылдары Волганын боюнда жашашкан түрк тилдүү элдердин арасында болгон араб саякатчысы Ахмед ибн-Федлан алардын (түрктөрдүн) көпчүлүгү Жерди кудай тутуп сыйынышат” деп жазганын келтирет. Профессор М.Борбугулов жогоруда сөз болгон изилдөөсүндө: Манастын кудайлык касиеттери “Манас” эпосунун кийинки варианттарында “Айың менен күнүңдүн//бир өзүнөн бүткөндөй” деген сыяктуу, каарманды (Манасты) шөкөттөөчү көркөм каражаттарга айланып кетсе, эпостун көөнө варианты “Алып Манашта” чүмбөттөлбөстөн ачыктан ачык эле, алп Манас (Алып-Манаш) жерге жарык, турмуш берген Күн түрүндө көрүнөт. Каардуу Аккандын (кыштын) туткундарына ал минтип кайрылат:

Азат бердим силерге,
Турбагыла бу жерде.
Катын-бала – баары калбастан
Баргыла өз жериңерге кеткиле.
Жер дагы, азык дагы
Жетет анда баары” [7, 18].

Ушинтип, Алп Манас (Алып-Манаш) жөн эле баатыр эмес, дүйнөдөгү бардык нерсенин булагы. Андай булак бирөө гана – Күн.

"Чыгыш менен Батыштын элдери баары бирдей: эң байыркы кездерде Жерди өздөрүнүн энеси катары таанышкан" – деп жазылат илимде (грек мифтери Жерди баар-жокту өзүнөн чыгаргандыгы үчүн, аны төрөгөн аялга, ал эми асманды - жер үстүнө көмкөрүлгөн эркекке салыштырган-Ч.Д.)... Ошондой элдердин катарында кыргыздар (түрктөр) да бар болгондугун бекемдөөчү аргументтер бүгүнкү күнү жетишээрлик табылат. Азыркы адабияттын өкүлү Ч.Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестиндеги "Жер-Толгонай" параллелин дал ушул элдик эс-тутумдун уландысы катары кароого толук негиз бар жана мындай көрүнүштөр: жер-сууну, ата-баба арбактарын ыйык көрүп, ага сыйынган аң-сезимдеги адамдарды каарман кылып алган - улуттук жазма адабиятыбыз дагы (фольклорубуз эле эмес) накта теңирчилик ("пантеисттик" Ж.Бөкөшев) көз караштагы адабият экендигин далилдеш кыйын эмес.

**Суроо:**

1. *Диндин адам турмушундагы мааниси?*
2. *Кыргыздардын (түрктөрдүн) өз дини качан пайда болгон жана кандай аталган?*

## "Манас" жана теңирчилик

"Теңири – жарык дүйнө дегенди билдирет" – деп белгилеген окумуштуу Алексей Образцов. Демек: байыркы кыргыз үчүн: Манас - баар-жоктун башталышында тургандын, жаратуучунун, жарыкчылыктын, күндүн синоними болгондугун далилдеген жогоруда биз келтирген аргументтер жайдак жерде эле пайда болуп калбаптыр. XX кылымдын залкар ойчулдарынын бири катары бүт дүйнөгө таанылган, казак элинин даңктуу уулу Олжас Сулейменовдун бир кезде СССР деген чоң державаны титиреткен атактуу "Аз и Я" аттуу китебинде теңирчиликке атайы тема арналган. Анда мындай сөздөр бар: "Казактарда "тамыз, тамыз, тамузук!" деген кайрык сакталып калган. Ал элдик ырлардын ар бирин, маанилик жактан байланышпаса да коштоп келет. Мен ойлойм, бул сап Күн Кудайга, Тамузга сыйынуу сөздөрүнүн эң

активдүү колдонулган бөлүгү болгон деп” [8,571]. Бул тезистеги ойлор эгемен философ Ч.Өмүралиев агабыздын “кыргыздан турмушун кай кайжагын караба **Теңиртааным** турат, карасаң көрүнөт, кол сермесең кармалат, бассаң чалынасың” деген асыл сөздөрүн эске салат. Кыргыз ай көрсө айга жалынат, “айдан аман, жылдан эсен бололу” – дейт. Күн күркүрөсө, “Жер айрылып көк чык, желин айрылып сүт чык” деп чака-челегин даңгыратып там айлана чуркайт. Жаз келгенде жасай турган ырымдары толтура, жаңы жылы да жер-суунун баары жанданып, түн менен күн теңешкен күнү, 21-мартта белгиленет. Кыргыздын жаратылышты тыңшап, табият менен бирге дем алып жашап келгендигин көрсөтүп турган жокпу булар. Элибиз анан табиятты Кудай тутпаганда кантет. Өлүгүн жаткырууда, үйдөн чыгарууда, жерге коюуда баарында Күн тарапты эске алат. Өлүккө чалынчу курмандыгын соёрдо да Күн тарапты каратып сойчу экен илгери, азыркылар аны билеби, жокпу чындыгында билбейм. Р.Н.Безертиновдун жазганына караганда өлгөндү жоктоосу да күн менен байланыштуу. Чындыгында өлүк чыккан үйдө мурда үч маал жоктолчу: эртең менен, түштө, кечкурун, азыр кыскарып эки маал болуп калганын жакында өзүмдүн апам каза болгондо билдим (шаарда жашаган кыргыздар көп салттардан алыс болуп калып жатпайбызбы, ойлоп көрсөм ушул абдан туура эмес экен. Ошол апам каза болгон чакта кайын журттан кадырлуу бир эжебиз дүйнө салды эле, балдар-кыздары баары орусча өсүп салтты билишпейт экен, өлүгү туз көмгөндөй болуп, эртеси эле тымтырс болуп калыптыр батага барсам. Ушундан улам дагы бир эжелерибиздин айтканы эске келет. Анын, өмүр бою чоң кызматта жүрүп, айылдан такыр кол үзүп кеткен тууганы каза болуптур: “өлүгү ит көмгөндөн да маскара болбодубу, келген эч ким жок, ыйлаган эч ким жок, балдар-кыздары салт-санаанын балээсин билишпейт экен, тосурайып эле отурушту, мындайда эмне кылат, кандай сөз сүйлөнөт, такыр билишпейт экен” деп. Өлгөндөн кийин баары бир да дечүлөр чыгат. Жок. Такыр андай эмес. Өлгөн өлөт. Бирок ал өлүмү менен мындан ары эл-эл, журт-журт болуп, т.а. кыргыз мамлекети мамлекет болуп туруш үчүн кызмат кылышы керек. Ошондуктан, Ч.Айтматов Казангаптын өлүгү жаткан бир сутканы бир кылымды ичине батырган убакыт катары караган. Бул боюнча

батыш менен чыгыштын чоң-чоң окумуштуулары кандай айткандары жөнүндө да ушул китептин башка бир беттеринде келтирилет). Ал эми география илимдеринин доктору, профессор, К.Матикеев кытай тарыхчысы Зайыр Жуманинин “Хан” жазмасындагы кыргыз тарыхына таянып Балта Баракан, Ысак Коңко деген манасчылардын вариантында Манас – Теңиркут деп берилген деп жазат дейт:

“Теңиркут Манас теңирсип,
Ааламга батпай кеңирсип,
Болуп турган кези экен.
Айкөлүң Манас кеңирсип,
Айды чапчып төбөсү,
Толуп турган кези экен” (булак-Ютуб “Бир мисал”).

Ушулардын бирин билбей туруп молдолордун “Манас мусулман болгон” дегендери кайсы акылга сыят? Өз элинин кечээгиси жөнүндө эч нерсе билбей, көкүрөгү бош калган кыргыздын мадырабаштарынын алдында аларың тим эле жер чечегин безеген чечен, акылдын сересин багынткан көсөм болуп алышат экен. А чындыгында өз элинин тарыхынан бир чымчым билишпейт. Эртеңден кечке Мухаммеддин тарыхы менен анын жашоо философиясын какшанышат. Кыргыз баласы төрөлгөндөн өлгөнгө чейин, өлгөндөн кийинки жашоосу да теңирчиликте тургандыгын аныктаган окумуштуулардын жогоруда келтирген аргументтери туурабы, же, кыргызга тиешеси барын далилдей турган бир фактысы жок каякта жаткан элдин жашоо философиясын алып келип, күнү-түнү дубана болгончо зиркилдеп элге таңуулап жаткан молдолордуку туурабы? Алардын айтканы боюнча кыргызга таандык нерсенин баары арам. “Бозо арам” – деп, оозун толтуруп айтып жатып ошо молдо, бозо элди эл кылып келаткан дарылык касиети улук улуттук суусундук экендигин, анын тарыхы тээ байыркы заманга (коло дооруна, тактап айтканда, б.з.ч. III кылымдарга) такалаарын эске алышпайт. Бозону арам деп, чындыгында, кыргыздын өзүн, анын тарыхын арамга чыгарып жаткандыктары ойлоруна келбейт, таруу, буудай, жүгөрү сыяктуу дандардан, кол менен, жөнөкөй технология менен жасалган бозонун арамдыгын эмне менен далилдешет? Бозо арам болсо, аны өмүр бою ичип келген ата-бабаларыбыз эмне болот, кайсы атка

калат, бүгүн дарылыкка жана суусундукка бозону колдонуп жаткан кыргыздар эмне кылышы керек? Арамдын арамы болуп элден чыгыш керекпи? Ушу кайсы акылга сыят? Кантип кыргыз деген аталыштан түзүлгөн мамлекеттин башында тургандар, өз мамлекетинде ушундай идеологиялык ээн баштыкка, ушундай чыккынчылыкка жол беришет? Эң негизгиси бозону колдонуудан чыгарып таштасынчы (ушундай темп менен жүрүп отурса ошол күндүн келери да алыс эмес), элдин (кыргыздардын) ден соолугу катастрофага кептелет. Сөзсүз...

Өзүнүн **"Манас" эпосунун философиясы"** аттуу ушу күндөрү жарык көргөн китебинде, философия илимдеринин доктору, профессор, өмүр бою мамлекеттик иште иштеген Ж.Сааданбеков Теңирчиликке абдан көп токтолот: "Мындан 3000 жыл илгери Байыркы Алтайдагы ар түрдүү этникалык топтор Теңирге болгон ишенимдин тегерегине баш кошушкан. ... Буларды бир туунун алдына тил эмес, ишеним (архетип), башкача айтканда, бир Кудай Теңиринин колдоосу жыйнаган. Бул жаатта немец окумуштуусу Г.Дерфердин изилдөөлөрү абдан кызыктуу: Теңир жөнүндөгү эң байыркы эскерүүлөрдү жыйнап, жалпылаган, "Теңири" түшүнүгүнүн калыптанышын эң байыркы, шаман кезиндеги мезгилинен бери карай дин катары эң жогорку стадияга көтөрүлгөн кезине чейин изилдеп чыккан окумуштуунун пикири боюнча: Теңирчилик - адамзаттын эң алгачкы монотеисттик диндеринин бири. "Кудай жалгыз" деп – Иисус Христос төрөлгөнгө чейинки мезгилде бир гана түрктөр эсептеген" (Ж.Сааданбеков).

Ал эми Н. Будаев болсо мындайча жазат: "Байыркы түрк элдеринин дин ишенимдеринин маалыматтарынын эң кызыктуусу Михаил Сирийскийдин (XII кылым) айткандары болуп саналат: "Түрктөр бардык убакта бир кудайды жар салган... Алар асман – жалгыз кудай "Тенгри хан" дешет". "Ташка жазылган эстеликтер байыркы түрктөрдүн "Тангри" түшүнүгүнүн мааниси асман кудайынан да кеңири болгон деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Бул жогор жактагы кудай бардык астралдык көрүнүштөрдүн синтези түрүндө чыгуусу керек эле, ал "Аалам" түшүнүгүнө окшош". Байыркы ирандыктар тууралуу Геродот мындай деп жазган: "... алар адатта эң бийик тоого чыгып, Зевске (Зевсти этимологиялык жактан Теңири менен байланыштырып,

түбү, экөө бир маанидеги сөз – деп караган окумуштуулар да бар- Ч.Д.), аларды курчап турган асман мейкиндигин анын ысымы менен атап алышканга курмандык чалышкан”. “Байыркы мезгилдер тууралуу жыйналган тарыхый-археологиялык материалдар бизге бир гана пикирди билдирет – ал мезгилде жердеги бардык адамдар, бардык адам уруулары Бир Кудайга сыйынышкан, ошол “жандандырылган асмандагы” Бир Кудайды гана таанышкан” (Д.К.70-б.). Буга төмөнкү малыматтар мисал боло алат: “Азыркы африкалык уруулардын жана элдердин дининин издерин изилдөө менен А.Б.Эллис мындай деп жазат: “Сук уруусу өзүнүн Жогорку Кудайын Торорут, б.а. “Асман” деп аташат... Негро уруусу өз Кудайын Ньяме демек “асман” дешет... Эве уруусунун көпчүлүгү Жогорку Кудайын Маву (бул ат “ву” – “төшөлүү”, “жамынуу” деген сөздөн чыккан) “асман” деп аташат. Акпосо негрлеринде Жогорку Кудай Уволуву – “жогорку чөйрө”. Жогорку асман кудайы тви жана анзамбе урууларында – Ньянкопон, банту элинде – Наам. Африкалыктар Кудай эбегейсиз бийликке ээ деп эсептешкен. Кийин ал Күн менен да теңештирилген. Индеецтердин сиу дакота уруусу Асман кудайын Вакан деп аташкан” (бул маалыматтар Д.Кадыровдун “Уңгу талаа таануу” аттуу китебинен келтирилди).

**Олжас Сулейменов** Теңирчилик тууралсында жогоруда эскерилген китебинде төмөндөгүдөй ойлорун айткан: “Жер планетасындагы эң байыркы дин теңирчилик, бардык семиттик диндердин башаты болгон христиан кудайына чейин 4 миң жыл мурда пайда болгон”[1] - (биз котордук-Ч.Д.) деп жазса, философия илимдеринин профессору Ж.Сааданбеков кийинки табылган булактарга таянуу менен Теңирчилик – бир Кудайга болгон ишенимдин башатында турган эң байыркы дин экендигин мисалдар менен бекемдеп, Теңирчиликтин тарыхын О.Сулейменов көрсөткөндөн ары дагы тереңдетет: “Алтай түрктөрүндө бүгүнкү күнгө чейин Асмандан түшкөн Ыйык китеп жөнүндөгү легенда айтылып келет. Легенда христианчылык менен байланыштуу эмес, ал Иисус Христос төрөлгөндөн жети-сегиз кылым илгери пайда болгон. Анда берилген символдор менен үрп-адаттар алтайлыктар

[1] Сулейменов О. Аз и Я. Алма-Ата “Жалын” 1990. 567-б.

менен буряттардын “Гэсэридесинде”, якуттардын “Олоңкосунда”, кыргыздардын “Манасында” сакталып калган. Библиядагы, Курандагы жана буддистердин ыйык тексттериндеги “түбөлүктүү сюжеттердин” көпчүлүгү ошол түрктөрдүн Асмандан түшкөн ыйык китебинен алынган”[2]; бул оюн, орус окумуштуусу, өзүн кыпчак эсептеген М.Аджинин: Кудайга сыйынган эзелки текст түрк тилинде пайда болгондугун (“Бир Тенгриге, Тенгри Атага... Тенгри Огулга (Христке) сыйынабыз”)[3] ишенимдүү далилдер менен улантышы түрктөрдүн рухий дүйнө тарыхынын караңгы жагына, жарыктын шооласын чачканга тете маанилүү илимий бурулуш катары кароого болот...

**Суроо:**

1. *Манас жана Күн (Куяш) бир маанини берген учур, кыргыз тарыхында качан болгон?*
2. *Асмандан ыйык китеп эң алгач кайсы элге түшүрүлгөн?*

## Теңирчилик жана буддизм

Кийин, качан теңирчилик дин катары калыптанган кезде, сакталып калган Индраны ардактаган көптөгөн салттар Теңирге ыйык катары сыйынуу ритуалдарына айланган. Мына ошондуктан окумуштуулар Орто Азияга эки жарым миң жылдай мурда жайылтылган буддизм менен Теңирчиликтен көптөгөн окшоштуктарды табышат. Ошол мезгилден бери карай **Түштүк Тибет** - монгол, түрк жана башка элдердин сыйынуучу жайына айланат. Тибетке барган ар бир адам, Кайлас тоосуна барууну гана каалашкан, анткени жанына чейин жеткен адам өмүр бою бактылуу болот деп эсептелген. Бирок тоого чыкмак турсун жакындап барууга да эч кимиси дааган эмес, кудайдын ачуусуна тийип алуудан коркушкан. Адамдар ыйык Манас көлүнө барып Кайласка алыстан сыйынышкан, философиялык темаларда сүйлөшүшкөн, сыйынуу үчүн ээн жайларды издешкен. Монахтык жалгыздыкка төнүү идеясы ушинтип пайда болот. Манас-тир (монастрь) түркчө

---

[2] Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас”, Б.: 2020, 48-б.
[3] Ошондо 53-б.

“Сыйынуу үчүн Манастын жанына жыйналуу” дегенди түшүндүргөн” [9, 46-47].

**Эң биринчи дин кыргыздар (түрктөр) тарабынан жаралгандыгы жөнүндө** Профессор Ж.Сааданбеков М.Аджинин “...түрк дүйнөсү: антикалык доорду жыйынтыктап, анын ээк алдында доордун жаңы барагын ачкан” деген оюн келтирет: тактап айтканда түрктөр мезгилди жаңы жана эски деп экиге бөлүп ташташты. Окуучу эски доордон жаңы доордун айырмасы эмне деп сураганга акылуу. Жооп бирөө гана: **дин.** Адамдарга Кудай-Рух ачылды. Континентте **Асман Кудайына** болгон ишеним жаралды. Аны Элдердин улуу көчү бекемдеп турат. Бул ыйык миссияны аткаруучулардын авангарды түрктөр болушту. Римдиктер Аттила падышаны “Бичом Божьим” деп, кокусунан аташкан эмес. Аттиланын туусунда төрт тарабы бирдей крест жаркырап турушу да кокусунан эмес. Мындай кокустуктар болбойт” [10, 53-54].

**Теңирдин жүзү жана анын таяныч түркүктөрү** Теңирчиликте канондорсуз (китепсиз) жана пайгамбарларсыз (ортомчуларсыз), адамдардын Кудай менен түз же жаратылыш аркылуу байланышка чыгуусу шартталган. Жана бул шарт бардык эле теориялардын (мында: диний окуулардын теориялары эске алынып жатат) адамдар тарабынан бурулуп-бурмаланып, кимдир-бирөөлөрдүн жеке кызыкчылыгына кызмат кылууга баш ийдирилип калаары, ал эми мындай канондорсуз Кудайды түз таануу адамдарды кимдир-бирөөлөрдү эмес, Кудайдын өзүн, же анын мөөрү басылган бөлүктөрүн (жер-сууну же ушулардын бир бөлүктөрүн: жалгыз булак, жалгыз дарак сыяктуу) культ тутуусун көпкө чейин сактаары биздин элибиздин (бизге окшогон дагы көптөгөн уруулардын) тарыхынан көрүнүп турат. **Теңирди улук катары (Асмандын руху катары) туткан түрктөр жана монголдор теңирдин жүзүн эч ким сүрөттөй албайт деп эсептешкен. Анткени, ал материалдуу эмес түшүнүк. Ал рух түрүндө, адамга да, жаныбарга да окшобойт, ал бардыкта бар жана Асман менен Жерди башкарып турат деп эсептешкен.** Тактап айтканда, монотеисттик диндердеги кудайдын образына жакын, же ошонун эле өзү. Болгону анын (теңирдин) жерде шайланган пайгамбарлары жок. Теңирчилик боюнча Аааламды 17 кичи кудайлар башкарат: Теңир, Жер-Суу, Умай, Эрлик, От, Күн,

Ай, жылдыздар, Аба, Булут, Шамал, Куюн, Күлдүрөк, Чагылган, Жамгыр, Жаануру (Асан-Үсөн, Радуга). Ал эми Көкө Теңир Чоң Кудай (Верховный бог-Зевс) катары ушулардын үстүнөн бийлик кылат деген түшүнүк бар экендиги жөнүндө жазуучу О.Айтымбет жогоруда эске алынган "Көкө Теңир" аттуу китебинде сөз кылат. Тактап айтканда, жазуучу 17 кудай (божество) Баш кудайга (Теңирге) алып баруучу негизги түркүктөр экендигин көрсөтөт.

**Теңирчиликтеги Аял (Умай) менен Эркектин (Эрлик) орду** Менимче, теңирчиликтеги эң кызыктуу көрүнүш: Умай-Эрлик (аял менен эркек) ааламды башкарып турган кудайлардан деп кабыл алынгандыгы. Мындай дүйнө түшүнүк, байыркы мезгилде эң өнүккөн маданиятты Жараткан гректерге да тиешелүү, т.а. байыркы грек рапсод Гесиод дүйнө Эростон келип чыккан, же, ааламды ушундай космоско (иретке, тартипке) келтирген Эрос деп эсептесе, анын артынан грек окумуштуусу Платон: Сократтын оозу менен баар-жоктун башында турган чоң кудай Эрос деп жарыялайт. Жана аялдын (Умай) эркек (Эрлик) менен тең катар кудай катары кабылданышы теңирчиликтин мыкты жагы катары эсептөөгө болот жана ал аял эркектен кийин, анын кабыргасынан жаралган деген семиттик диндердин принцибине туура келбейт. Тескерисинче, кыргыздар, аялга коомду алдыга сүрөөчү прогрессивдүүлүктүн башталмасы катары карагандыгын байыркы кыргыздын аң сезиминин көркөм туундулары болгон Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза жана башка аялдардын көркөм образдарынан көрүнүп турат. Жана бул позициянын башаты теңирчиликте жаткандыгын далилдөө кыйын эмес. Журналист Э.Нурушев көптөгөн булактарды салыштырып текшерүү аркылуу, кыргыздардагы аялдын ордунун бийиктиги: кыргыздын башкы культтарынын бири Умай – Кудай аял болгондугу менен байланыштырган.

Теңирчиликтеги семиттик диндерден катуу айырмаланган дагы бир принцип: адам-күнөөкөр пенде катары каралбагандыгы жана бул дүйнөдө жасаган жаңылыштыктарынын күнөөсүн тиги дүйнөгө алып кетпегендиги. Анда теңирчиликте адамды кылмыштарды, жаман иштерди жасоодон эмне кармашы мүмкүн деген сыяктуу суроолорго жооптор алдыда берилет.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Мекке менен Кайлас тоосун салыштырып карап, кайсынысы кыргыздарга жакындыгы жөнүндө ой жүгүртүп көргүлө.*
2. *Бир кудайга сыйынуу динин биринчи болуп кайсы эл ачыптыр?*
3. *Теңирчилик менен семиттик диндердин башкы айырмачылыгы эмнеден көрүнөт?*

## Дагы бир жолу Теңирчилик жөнүндө, же, Ватиканда эмне болду эле?

О.Сулейменов: "Семиттик жана индоирандык диндердин башаты болгон, христиандык кудайдан 4 миң жыл мурда жаралган, планетадагы эң байыркы дин, философиялык окуу теңирчилик өзүнүн изилдөөчүлөрүн качантан бери күтүп жатат" [11, 567] деп жазат жогорудагы китебинде. Теңирчиликти баштаган биринчи философиялык ойдун жыйынтыгы катары эң байыркы мүрзөлөрдөн табылган маркумдардын тизеси ээгине карай бүгүлүп кырынан жаткырылышы – деп белгилейт акын. Алгач адамдар өлүмдү кышкы чээнине кирип уктап, кайра жазында тирилип, жашоого киришкен айбандардын кышкы уйкусу деп үмүттөнүшкөн. Бирок, бара-бара өлгөн адам тирилбестигин түшүнүшкөн жана мындай ойдон алысташкан. Ошого жараша өлүк коюу расмиси да өзгөргөн. Бирок, өлгөн адамдын кайра тирилүү идеясы биротоло жоголбогондугун, ал башка бир элдер тарабынан өлбөс-өчпөс идеяга айланып эки миң жылдан ашуун көптөгөн элдерге үмүттүн шоолосын чачып келген дүйнөлүк негизги диндердин биринин, христианчылыктын негизги ишеним отуна, үмүт шооласына айланган. Христианчылыктын чыныгы башаты кайда жаткандыгын Ватикандын өтө кылдаттык менен абдан коркунучтуу сыр катары жети кабат дубалдын ичине жашыргандагы максаты Иисус Христосту Кудай катары көрсөтүп келаткан ишенимдин храмын кыйратпай сактоого негизделген. Жана бул дагы эле ушундай болоруна (чээнге кирип уктап, кайра чыккан айбандай болуп өлгөн адамдын кайра келээрине) ишенген карапайым адамдардын үмүтүн кыйратпоого, алардын акыркы ишене турган улуу касиеттин бар

экендиги жөнүндөгү бекем ишенимден айрылтпоого эле багытталган эмес. Ушунча узак убакыт ичинде Ватикан өзү болуп көрбөгөндөй коррупциялашып бүткөндүгүнөн, ошондуктан, ар бир жаңы шайланган папа реформа жүргүзөм деп келип эле жүргүзө албай калгандыгынан (кыргыз бийлигине окшоп), ал эми чындап Ватиканды реформалоого киришкен кезектеги папа Иоанн Павел II кызматына киришкендигине 33 күн араң толгондо эртең мененки саат 4.30 да өз кабинетинде өтө кыйноо менен өлтүрүлгөндүгү ачылган. Мына ааламдагы бир кудайга болгон ишенимдин тиреги катары көрүнгөн Ватикандын ички абалы...

**О.Сулейменов:** түрктөрдүн тарыхын күкүмдөп чогулткан жана аны өзүнүн гениалдуу акыл тегирменине салып, эчен жолу тегеретип көргөн, алган жыйынтыгын тарыхый фактылар, акылмандардын, илимпоздордун айткандары менен салыштырып чыккан акын, өзүнүн “Тенгрианство” деген тема астындагы фактылар аркылуу ой жорууларында, байыркы түрктөр дүйнөсүндөгү аялдардын ордун көрсөткөн көптөгөн археологиялык казуулардын жыйынтыгын, орто кылымдагы Орто Азиялык ири акын Низаминин сөзү менен жыйынтактаган: “По сообщению Низами, кочевые тюрки до принятия мусульманства поклонялись Бабе с Чашей как божеству” [12,570]. Акын колуна кубок түрүндөгү кумура карматылып көмүлгөн аялдардын сөөгү (Шумер, Алтай, Алатаудан табылган) өлбөстүктүн символу болгон деген ойду берет. “... У руки или изголовья устанавливали полную чашу – гарантию воскрешения” [13, 571]. О.Сулейменов бул тексттерди жазган кезде Святой Грааль жөнүндөгү азыркы христиан дүйнөсүндөгү ызы-чуу мынчалык ачыкка чыкпаган убак эле. Эгерде акындын бул жөнүндө маалыматы болгондо эки миңден ашуун жыл айтылып келаткан, бирок, эч ким көрбөгөн Иисус Христостун “канын куюп” Марина Магдалина Францияга алып качып келген чөйчөк жөнүндөгү христиандык сюжеттин баштапкы башаты түрктөрдүн - аялдын колуна карматып көмгөн кумурасынан башталгандыгын дагы көрсөтмөк болсо керек эле...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Эмне үчүн Ватикандын христиандардан жашыруун кармаган маалыматтары көп?*
2. *“Ыйык Грааль” идеясы кайдан алыныптыр?*

3. *Байыркы түрктөр эмне үчүн аялды ыйык деп эсептешкен?*

**Теңирчилик жана Чоюн Өмүралиев**

**Достойнейший Человек все свое усердие обращает к Корням. Когда Корни заложены то рождается сам Путь.**

**Все течет, течет... и повторяется** Куң Фузы (Конфуций).

**Жолду издеген табат** (Кыргыз макалы)

Теңирчилик жөнүндө кеп кылып жатып, кадимки эле Чоюн Өмүралиевдин, кыргыздын улуттук илимин иликтөөчүлөрдүн чоюн кулак алпынын Теңирчилик жөнүндөгү айткандарына токтолбой өтүүгө болобу? Анткени, акыры, айтаар сөзүбүздүн башкы максаты: өзүбүздүн түбүбүз, кайдан агып келгенибиз, башталган башатыбыз, башкы булагыбыз кайда экендигин жаштарга билдирүү болуп жатпайбы. Анткени, ал баар-жокто эле: көзгө урунуп, бутка чалынып, “мен мындалап” ыйлактап турса деле, көзүбүздү баскан кылаңгыр чылпактын кесепетинен карайлап көрбөй жатпайбызбы. Дал ушунетип, өзүбүздү өзүбүз таанбай кашайган абалыбызды Чоюн агабыз төмөнкүчө ташка тамга баскандай кылып айткан экен: “Теңирчилик жөнүндө сөз козгош бүгүнкү күндө иши кылып эле бирөөгө окшобогон оригиналдуураак ой айтып коюштун мүмкүнчүлүгү эмес (а азыр далайыбыз ушуга машталып албадыкпы), ал бая айткандай Ким болорубузду ойлоштон мурда, оболу Ким болгонубузду да билүү зарылдыгынан жаралып отурат. Ал эми өз элиндин не тарыхына, маданиятына, адебине, ишенимине, ыймандык дөөлөттөрүнө, бай руханына, айтоор материя-идея деп аталган Уч-Түптүн арасында жаадай керилген жашоосунун кай-кай салаасына кайрылба **Теңиртааным турат.** Каякка бассаң да, каякка кайрылсаң да, турат. Басасың – урунасың. Кол сунасың – кармайсың. Анан кантип аны таккесер эзелки өткөн чак санап айтпай дебей кое аласың. Ал көчмөндөрдүн кылымдарды тепчип кыйкуулап чапкан Жолунда жышылып бүткөн, иштелип бүткөн, соңунда **ТЕҢИРЧИЛИК** деген чулу бир системага өсүп

жеткен универсалдуу диалектикалык таанымга айланыптыр. ... Эмесе Теңирчилик деген эмне? Ал, дал ошол *КАН ЖОЛДУН* илими. *БУЛУТТУУ КӨКТҮН ЖОЛУ*. Экөөнүн ортосун жалгаган Киши уулунун *ЖОЛУ* бир жуурулушкан Үч Жолду жууруган КАН ЖОЛДУН ааламы. Ооба, байыркы көчмөн бабалар Көктүн, Жердин, Ааламдын бири-бири менен макул табышкан идеалдуу жуурум байланышын ушинтип табышкан экен. Кийинки аалымдар талашкан Материяң менен Идеяңдын бир гармониядан табылган жери ушу бейм. Адам дегениңдин материялык жана идеялык башталыштарынын бир нукта ойгонгон жери ушу бейм. Же, дин аңытын дилгир изилдеген ойчулдун бири Фейербах: “тайна религии есть тождественность субъективного и объективного” деп ушу учур тууралуу айткандыр. Бу тек менин фантазиям эмес. Көчмөндөрдүн тээ эзелки таш бетинде калтырган сүрөттөрүнүн тарыхы ушуну айтат. Байыркы аңыздары ушуну айтат. Таш жазуусу ушуну айтат, акыры барып Манасы да ушуну айтат.

“Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй”

Бул тек биздин илимпоздор ооз учунан бүлк эттирип коюшкандай апыртал сүрөт – гипербола эмес (“Манас” гипербола-литота жана башка көркөм сөз каражаттарынан турат деген илимий көз караш азыр артта калды. Азыр, биз ушу китептин башында сөз кылгандай “Манас” эпосунун ар бир сөзүндө кыргыз эле эмес, жалпы түрктүн тарыхы менен философиясы тунуп жаткандыгы жөнүндө концепция иштеп чыгышкан Р.Кыдырбаева, М.Борбугулов, Ш.Акмолдоева, А.Эшиев, С.Жумагулов сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрү актуалдуу. Чындыгында Ч.Өмүралиев деле ошолордун эле ойлорун башкача стилде айтып жатпайбы - Ч.Д.). Ушул саптар Күлтегин бабамдын ташындагы жазууларга кандай гана дал түшөт десең: “үстүдө Көк Теңири, астыда Кара Жер жаралганда эки арада киши уулу жаралган... ”. Көрүнүп тургандай эки текстте тең Көк Теңир, Жер-Суу жана экөөнүн арасын жалгап тирөөчтөй бойлоп Киши уулу турат.

Элестеткендирсиз. Жок, буга да ынанбасаңыз анда мен сизди тээ байыркы таш, коло замандарына чакырайын, бабаларыбыз аска таштарга чегип калтырган Сакраль белгилерге саамга бир үңүлөлү.

О Теңири! О Дүйнө! Күн алдында Киши уулуна Кудай эрегиш күч берген не? Бу не деген ажайып аалам, улуу сыр. Ай алдында адамдын эс чабыты мынча ажайып, мынча батыл эргиирби. Жылдызга эргип жылдызданган бу өңдөнгөн элести ким көргөн да, ким уккан! Адам уулу миң сөздүн торун жайып иле албас, акылга кармалбас, эске ирмелбес ааламдын символун бир чапчып алакан отуна илип алган рух кудуретин айтпайсыңбы. Ал мынаке! Көрдүңүзбү. Канчалык жөнөкөй жана гениалдуу! Төбөсү ачык Көк турат, төшү түктүү Жер турат. Ортосунда Адам – жалгам. Адам демекчи, башы кара, буту айры, ортосунда дене жаткан Киши сөлөкөтүнүн өзү да байыркы көчмөндөр үчүн так ошол аалам формуласынын сыпатында көрүнгөн. "Башы Көктө, буту Жерде, бул эмне?" деп кыргыз табышмактайт. "Киши" дейт, кайра өзү, же космикалык дене. Анын башы Көк челип, аягы Түпкө шуңгуйт. Андыктан Көк челген башы Нурга айланган, аягы Түпкө байланган. Башы – Күн, ортосу – ден, аягы – Түн (жер алды). Булуттуу Көк, муундуу Чөп, түнөргөн Түп – үч катмар дүйнө. Таш сүрөттөрдөгү башында таң аткан күнбаш адамдардын табышмагы ушул жакта. Аалымдардын "солнцеголовое божество" атап бир мазмунда карап келген символу, менимче, ушерден өксүйт, бутага тийбей кайыйт. Бул анын үч катмарлуу маңызына жетпегенден уламдыр. Сүрөттүн үч катмар маңызына макул болсок гана, мисалы, буканын жонуна конгон Күнбаш элес сырын жандырат. Жерди түбүнөн тиреп турган Көк Өгүз тууралуу көңкү мифти жадына кайырат.

Байыркы көчмөндөр түпкүлүгү ушул Үчтүк порумда түшүнгөн космикалык дене образдын ар бир мүчө-тепкичинин өз-өзүнчө кайталангыс сыпаты бар. Көчмөндүн Көккө эргиген кыял-чабыты бу үч катмардын ар биринин түпсүз сыр туңгуюгуна чейин сүңгүп кире берет. Бирок түпсүз жеке лабиринтинде адашып, кайып каңгып кетпей кайрадан үчөөнүн жолун бир киндиктен табыштырат, бир тоомдон тогоштурат. Ал – КАН ЖОЛ. КАН ЖОЛГО чейин келген канжыга ҮЧ ЖОЛДУН өзүлөрүнүн узакка чыйыры гана эмес бир бирине болгон катышына карай ар башка иерархиялык орду да бар. Албетте мында эң башкы аныктоочу орун Көккө же Теңирге таандык. **Анткени ал аавал жаралган же көөнө түрк жазуусу сүйлөгөндөй: "Үстүдө Көк Теңири жаралганда..." "оо Жер-Суу, жан жараткан Көкө Теңир, өзүң колдо" деп**

**алакан жайып көк тайыган байыркы баба”** (Кыязы, алакан жайып Көккө кайрылып бата тилөө дагы исламдан эмес, дал ушу теңирчиликтен башат алгандай. Жер-Суу тайуу, мазар тайуу, жалгыз даракка сыйынып бутагына чүпөрөк байлоо, жалгыз булакка сыйынып, ага тыйын, топчу ж.б. таштоо адатыбыз бүгүнкү күнгө чейин уланып, ага өзүбүз катышып, колубуз менен чүпөрөк байлап, колубуз менен тыйын таштап, же, ырым кылып булактын түбүн аңтарып жатып да теңирчиликке терс кайрык айткан молдолорду ээрчип, теңирчилик зыяндуу көз караш окшойт деп шекшип жатканыбыз, өзүбүзгө-өзүбүз ишенбей жатканыбыз, өзүбүздүн түпкүлүгүбүздөн өзүбүздүн коркуп жатканыбыз, биздин маңкурттук деңгээлибиздин кайсы чекке жетип калгандыгын далилдейт-Ч.Д.). “Башкы жараткан Теңир, Теңирден кийинки орун Жер – Сууга таандык, же “... астыда Кара Жер жаралганда...” деп атпайбы түрк жазуусу бу тууралуу. Андыктан байыркы баба учу Теңир тиреген улуу тоолордо, кыры көккө жанашкан кыраңдарда Теңирге багыштап, Ай, Күнгө атап айтуяк курман чалган соң паска түшүп асмандан кут түшкөн айдыңга, ыйык жайларга, булактардын көзүнө, арчалуу жышка, бир сөз менен айтканда Жер Суунун ээсине атап курман чалган, же Жер, Суу тайыган. Жер, Суунун ээси ар башка. Куланак айлымдын ээси Ак Кулан дешчү эле илгеркилер. Үч Терек мазарымдын ээси Ак Тайлак дешчү эле улуулар. Да бир жердин ээси Ак Бака, да бириники Ак Буура, Ак Торпок, Ак Бугу, Сары Багыш, Көк Бөрү... Атаң Жакып, энең Чыйырды мазар тайып бала тилеп зардап барганда түнү бою кабылан ыркыраган касиеттүү түн эсиңдеби. Кан Манастын жылоосу жадыңдабы боорум... ... Бул байыркы көчмөн үчүн азыркы аалымдар “анимизм”, тотемизм” деп бөлөк-салак бөлүп салгандай ажырым түшүнүк болгон эмес, чулу биримдик же улуу Учтүктүн бир тарабы болгон. Касиеттүү Жер, Суу гана болгон. “... Ортосунда Киши уулу жаралган” дейт көөнө жазуу. Киши уулунун бу Үчтүк иерархиясында алган орду айырмалуу. Ал Учту Түпкө жалгап турган тирөөч мисал. Андыктан көчмөн **бабанын сыйынганы арбак болгон, колдоо тутканы да арбак болгон** (Асман кудай, Жер кудай, тиги дүйнөдө ким Кудай, демек, арбак, өлгөндүн жаны Кудай**)**. Ар бир нерсенин ээси бар (алар жогоруда айтылды жана ар бирибиз өз айылыбызда ээси бар нерселерди билебиз), ар бир нерсенин өз колдоочусу бар: жигит

пири шаймерден, темирдин колдоочусу Дөөтү уста (“Дөөтү пирим колдосун” дейбиз, машинасы менен жолго чыгып жаткан адамга), ар бир нерсенин башы бар: суу атасы Сулайман, уйдун пири Заңги баба, кой атасы Чолпон ата, жылкы атасы Камбар ата, эчки атасы Чычаң ата ж.б., ж.б. Ушулардан улам айтылып жатат: “каякты караба, Теңиртааным турат” [14,16,23,24,25] деп. Өзүңөр ойлоп көргүлө, буларды каякка жоготобуз, теңирчиликти танганда, ал биздин башатыбыз эмес деп чанганда?...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Тамыр менен Жолдун байланышы?*
2. *Ата-баба арбагына сыйынууну кыргыз кайдан алган?*
3. *Теңирчиликтеги Диалектиканын көрүнүшү?*

## Кудай бул - физикалык кубулуш

Дүйнө өзгөрүп жатат. Ал өзү өзгөрмөйүнчө турбайт. Себеп: дүйнө дайыма диалектиканын мыйзамы боюнча аракетте болот. Ал эми диалектиканы эч ким жараткан эмес. Ал дайым бар болгон. Демек жок да болбойт. Жаңы төрөлгөн бөбөк билинбей чоңоюп отуруп өспүрүмгө, уланга, жигитке, кишиге, мойсопутка, карыяга айланып анан акырындык менен жоктукка төнүп кетет эмеспи. Бар болуудан жок болууга чейинки ушул жол жаралгандын баарына таандык. Жаралгандын үстүнөн жаралбаган, дайыма бар болгон нерсе гана үстөмдүк кыла алат. Себеби, ал түбөлүктүктүн эсебинен утат. Ошондуктан, жаралбаган, өзүнөн-өзү бар болгон нерсеге эч ким үстөмдүк кыла албайт. Анткени, ага үстөмдүк кылганга эч кимдин, эч нерсенин өмүрү жетпейт. Дүйнөдө андай нерсе бирөө гана: ал Кудай. Ал эми диалектика физикалык дүйнөнүн мыйзамы катары - Кудайдын бир аспектидеги ачык-айкын мүнөздөмөсү. Аны, Кудайды, ар бир эл, эл болуп жаралгандан баштап эле тааный баштайт. Ошондуктан, дүйнөдө Кудайдын аталышы көп, өтө көп, канча эл болсо, ошончо Кудайдын аталышы бар. Кээ бир элдер болсо аны эч бир атабай, эч нерсе дебей туруп тааныйт. Ошондуктан, Кудайды тааныбаган атеисттик дин деп эсептелген буддизмдин негизин да абсолюттук аң-сезимдин бардыгы, ал адамдын өзүнүн аң-сезиминин терең түпкүрүндө жайгашкандыгы жөнүндөгү философия түзөт. Демек, буддисттер дагы атын атабай туруп Кудайды таанышат. Ал эми кыргыздардын, дегеле,

түрктөрдүн кудайынын аты Теңири болуптур. Мындай деп айтуу да кайсы бир деңгээлде шарттуу. "Кудайдын Теңир деген аты – адамзатка белгилүү болгон Кудайдын эң байыркы аты. Бул ишеним – кайсы бир өзүнчө элдин, коомдун маданиятына таандык эмес, ал планетанын кандайдыр бир өзүнчө аймагы, ал тургай кайсы бир пайгамбардын же пайгамбарлардын аты менен байланышы жок. Бул дин ишеними универсалдуу, ал Жашоонун өзүнүн уңгусун түзөт жана анын тарыхы бардык адамзатка таандык. ... Кудай-Теңир бул абсолют, андан башка бир дагы кудай жок. Ал Өзү Өзүнөн жана Өзү Өзүндө жараткан Дүйнөдөн башка эч кандай абалдагы Дүйнө да жок. Демек Жаратткандын образы улуу Космос мейкиндиги менен ажырагыс байланышта экендиги бул дин ишениминде табигый нерсе болгонун эске алуу керек"[4]. Ушундай себептен улам: Теңир түрк тилиндеги Кудайдын аталышы деп энчилеп алганыбыз туура болбойт. Дүйнөдөгү бүткүл нерсе Кудайдын курсагында, т.а. өзүндө турат. Же тагыраак айтканда, кудай курчап турбаган эч нерсе жок. Ошол бүткүлдүн ичинен бир гана адам айлана-чөйрөсүн, өзүн кудайдын курсагында турганын тааный алган аң-сезимдүү жаныбар. Ошондуктан, адамзаттан чыккан акылдуулар Кудайдын кандай экендиги жөнүндө төмөнкүдөй түшүнүктөрдү калтырышкан: "Бул жердеги, адамдагы рух жана тигил жактагы, Күндөгү рух – карап көрсөң: бул Бирдиктүү рух жана эч кандай башкасы жок", - Таиттирийя Упанишада. "Ал жада калса ташта да бар", - Риг Веда. "Бардык нерседен Мени көргөндөр жана Мендеги бардык нерселерди көргөндөр үчүн Мен эч качан жоголбойм жана ал Мен үчүн эч качан жоголбойт" –Дьяхна Йог. "Кудай ар түрдүү жол менен бардыгында болот", - 1. Кор.Евангелие[5]. ЖАМУнун кыргыз тили кафедрасынын доценти, филология илимдеринин кандидаты А.Оморов дайыма айтат: "менин бир тууган агам Абсамат Оморов, совет мезгилинде эле Бухарадан ислам дини боюнча билим алган адам болгон. Кийин орто мектепте тарых мугалими, мектептин директору болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеди. Ал кезде дин жагынан эң илимдүү деп биздин чөлкөмдө Мусулманкул ажы эсептелчү. Бирок ошол Мусулманкул ажы "Куранды"

---

[4] Кадыров Д. Уңгу талаа таануу. Б.: 2014, 40-б.

[5] Ошондо. 41-б.

таржымалоодо “Абсамат менден мыкты, анткени араб тилин кадимкидей билет”, - дечү. Бирок, агамдын айылдын молдолору менен такыр ыркы келишчү эмес, эч нерсе билбей туруп молдо болуп алгандарды, анан оронуп алгандарды  жининдей жаман көрчү. Кыздардын ичинен оронуп алгандарды мектепке киргизчү эмес: “бул арабдардын кийими, алардын климаты, географиялык шарты ушул кийимге ылайык. Анын үстүнө, кайсы бир деңгээлде улуттук менталитети”, - дечү. Өзүн аябай эркин тутчу. Анан ошол агам айтат эле: “Кудай бардык жерде. Башыңдын эле эмес, бутуңдун айланасында да Кудай турат” –деп. Кудайдын жайы дал ушундай, анын баарында адамдар үчүн жыргал, бейиштей гана жайлар бар жана алар Кудайды тааныгандар, жана тааныбагандар үчүн бирдей. Кудай өзүн тааныбаганды (таанууга жетише электи), же, аны “жок” деп кабыл албаганды деле курчап тураарын ушундан билсе болот. Бирок, адегенде ошол Кудайдын кооз жерлерин бейиш деп эч ким атаган эмес, антип атоону эч ким билген да эмес. Бара-бара адамзаттын ичинен Кудайга жеке ээ болуу, аны менчиктеп, өз кызыкчылыгына кызмат кылдыруу аракети башталган. Алар адамдарды Кудайды тааныган жана таанымбаган деп бөлө баштошкан. Кудайдын жерин бейиш-тозок деп бөлүп, адамдарды бири менен коркутуп, экинчиси менен алдап киришкен. Кудайды тааныйбыз деп эсептегендер, бири-биринин Кудайды таануу жолун жактырышпай, өз араларын катуу чектер менен бөлүшкөн. Ар кимиси өз тарабына көбүрөөк адамдарды тартууга аракет кылышкан. Ар түрдүү (тили, дини, расасы боюнча) элдерди Кудайды таануунун ошолорго гана туура келген жолун кабыл алууга мажбурлашкан. Мындай кыл чайнашкан кырчылдаштын жолунда жеке адамдар эле эмес, элдүү эли менен кырылып жер жүзүнөн жок болушкан, этностор өзгөргөн (мисалы, арабдар согдиан элинин эркектерин бүт кырып, анан перстердин эркектерин сүрүп келип, жесир калган согдианкаларды ошолорго тийүүгө мажбурлагандын негизинде, экөөнүн ортосунан тажик эли келип чыккан деп жазылат илимий булактарда). Мындай кыргындын себепкери кайсы дин болгондугун түшүнүп турасыздар да. Ооба, албетте, ислам. Исламдан биздин түпкү бабаларыбыз да катуу абыгер чеккен. Исламды жайылтуу максатынын айынан түрктөр өзүнүн тарыхынан, маданиятынан, китептеринен жана эң негизгиси

жазуусунан кол жууган. Алардын - дүйнөгө өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотуудан башка максаттары болгон эмес. Бүгүн алардын мындай каалоосу жер жүзү боюнча триумф (салтанат) куруудa. Кечээ мусулмандардын кандуу колдорунан кырылып-жоюлгандардын тукумдары азыр бөгүлүп-чөгүлүп, ошол байыркы бабаларыбызды кырган жан кечтилердин иштерин улантуучулардын бут алдында өз эрктери менен тебеленип жатышат. Мухаммед пайгамбар ушуну каалады беле? "Мухаммед – деп жазат окумуштуу М.Уэбб, жөн гана Меккенин ак жүрөк, алпейим атуулу катары жашап жүрүп өлмөк. Бирок, дүйнөдө жүрүп жаткан диндик бөлүнүп-жарылуулар, анын тынчын алган. Ошондуктан, ал бир да ыргылжың болбостон туруп байлыгынан, эл ичиндеги кадыр-баркынан кечип, жылдап-жылдап тоолорго, аскаларга чыгып (Жабаль ан-Нур "жарыктын тоосуна") медитацияда отурган, Кудайдан Адамдын таза дининин сырын ачып берүүнү, адамдардын түрдүү диндерге бөлүнүүсүнөн улам жоголуп кеткен духовный доктринаны кайрып берүүнү суранган. Бир жолу анын үнү чындап Кудайга жеткен. Бул окуя Хира тоосунда (Жабаль ан-Нур), рамадан айында болгон"[6]. Бүгүн, анын жолун жолдоочуларбыз деп жүргөндөр Мухаммед пайгамбардын ысымын эмне деген жаманаттыларга кириптер кылбай жатышат. Алар пайгамбардын айтканынын карама-каршысын кылышат. Пайгамбар Меккеге сыйынуу үчүн барууга тегерек четинде жардамга муктаждыгы жок адамдарга гана буйруган. Бүгүн Меккеге амбициоздук кызыкчылыктарын канагаттандыруу үчүн, акчасы бар адамдардын (байлык, бийликтен кечип, пайгамбар жашоого ыкрар болгондор эмес) баары барып жатышат, алар тегерегин карап да койгон жери жок. Куранда аялга аябай зор рол берилген деп айтат, курандын мыкты котормочуларынын бири деп табылган В.Порохова. Бирок, бизде ашкере мусулмандашкан көпчүлүк эркектер араб мизогнизмин[7]

---

[6] Мэнли П.Холл. Тайные учения всех времен. М.:2019. 894-б.

[7] Мизогнизм-аялды жек көрүүчүлүк. Мухаммед пайгамбар арабдардын адеп-ахлагын жогору көтөрөм деп, ошого муктаждык болгон үчүн суурулуп чыккан да. Байыркы арабдар эгер үй-бүлөдө кыз төрөлсө тирүүлөй көөмп салышкан. Биздин намыс-арыбызга шек келтирген иштерге кириптер болушу мүмкүн деп, ушундан жанагы аялды шайтан деп эсептеп, аялды жек көрүп, аялдарга кыжынган кыргыз молдолорун кайсы адепти карманып жүргөнүн билсе болот. Байыркы кыргыздар тескерисинче, гинофилдер болушкан (гинофилия-аялды

ачык-айкын туу тутуп жүрүшөт. Ушундай арампөөштөрдүн өздөрүн эркин сезип, каалаган сөзүн айтып коомчулукка чыгып жаткандарынын себеби, биздин коомдо - билимсиздер ушунчалык көбөйгөндүктөн ар кандай дөөрүгөндүктү дагы эрээни жок кабыл ала берүү, ал эмес, ошол акылсыз сөздөрдүн ээлерин колдоп, асманга чыгарып, зээрин өстүрүп жиберүү нормага айланды. Тескерисинче, акылдуу сөзгө түшүнбөө, түшүнбөгөн соң аны кабылдабоо күчтүү. Американын чоң шаарларынын бири Чикагодо 1893-жылы өткөн Дүйнөлүк диний конгрессте жасаган докладында М.Уэбб мырза мындай деп айткан: "Мухаммед пайгамбар дагы, куран дагы "аялда жан-дүйнө деген жок, ал айбан сыяктуу зат" деген көз караште болгон" деген сөздөр айтылып жүрөт. Куранда аял толугу менен эркек менен бирдей укукта. Ал эми Мухаммеддин өзүнүн болсо, аялды эркектен жогору койгон учурлары көп" деп, окумуштуу мырза М.Уэбб сөзүнүн ырастыгын тастыкташ үчүн Курандан 33 сүрөөнүн 35 ырын мисалга келтирген, анда: "мусулман эркек, мусулман аял, ишенген эркек жана ишенген аял, ишенимге келген эркек жана ишенимге келген аял, ишенимдүү эркек жана ишенимдүү аял, моюн сунган эркек жана моюн сунган аял, садага берген эркек жана жана садага берген аял, бир нерсе үчүн туралган эркек жана ошол эле нерсе үчүн тура алган аял, дайыма акылдуу боло алган эркек жана дайыма акылдуу боло алган аял, Алланы көп эстеген эркек жана Алланы көп эстеген аял – аларга Кудай кечиримди жана улуу белекти камдап койду"[8] (В.Пороховaнын которуусунда бул куплетте жок "орозо кармаган эркекке жана орозо кармаган аялга" деген да сап бар). Неси болсо да Мухаммед пайгамбардын ар бир улуу диндин же этикалык системанын борбордук бөлүгүн түзгөн жашыруун доктринанын сырын тапкандыгы, өзүндө ачкандыгы чындык. Ал эми куранда жолуккан айрым карама-каршылыктуу маанилерге ал жооптуу эмес, куран кантсе дагы ал өлгөндөн кийин 20 жылдан кийин гана азыр биз билгендей китеп болуп куралган. Бул Мухаммед

---

сүйүп, урматтап туруучулук). Себебин, окумуштуу жана коомдук ишмер Э.Нурушевдин көптөгөн окумуштуулардын ойлорун мындай деп жыйынтыктагандыгынан көрүүгө болот: "Изилдөөчүлөр туура белгилешкен: кыргызда Умай энеден башталган ургаачынын культу күчтүү болгон."

[8] Мэнли П.Холл 901-б.

пайгамбарга карата бир көз караш. Бирок, мындан башкалар дагы бар. Анын айрымдары Мухаммед пайгамбардын ою туура эмес түшүнүлүүдөн бузулса, бирөөлөрү исламдын ичиндеги ар түрдүү багытты кармангандардын өз кызыкчылыгына бура тарткандыктан бузулгандыгы жөнүндө кеп кылышат окумуштуулар. Ал эми В.Порохова болсо куран жазылган эски араб тили менен жаңы араб тилинин ортосунда айырмачылык чоң болгондуктан, түшүнбөстүктөн келип чыккан бурмалоолор бар экендигин айтып келген. Жана котормочу айымдын "Куранды диалектикалуу жана улуттук көз караштa окуш керек" деген фразасына катылган маанинин актуалдуулугун исламдын тапсирчилери эске алышса, ошондой эле Курандагы маанилерге жогоруда эскерилген Абсамат Оморовдой объективдүү мамиледе болушса, исламды жайылтуу маселесинде эч кандай карама-каршылыктар келип чыкмак эмес...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Дүйнөлүк айрым диндердеги Кудайдын образы менен физика илиминдеги кудайдын гипотезасынын окшоштугунун себептери?*
2. *Исламдын түрктөргө алып келген зыяндары?*
3. *Кыргыз кудай таануусунун илимийлүүлүгүнө мисалдарды келтир.*

## Кыргыз салттарынын дүйнөдөгү орду

**Адегенде салт жөнүндө.** Бирок, салттан да мурда аны жараткан чөйрө жана ал чөйрөнүн эмне үчүн салттарды жаратকандыгынын себеби жөнүндө айтпасак, кепти башынан баштабаган болобуз. Же, салт жаратууга кимдер жөндөмдүү деген суроого жооп:

> **"Дүйнөнү падышалар эмес символдор менен ишарааттар (белгилер) башкарат"**
> Конфуций

## СЫРДУУ ДОКТРИНАЛАР, ЖЕ, ЭЛДИН ЭЛ БОЛУШУ ОҢОЙБУ?...

"Новый свет" - бул фраза Американы билдирээри белгилүү. Америка, европалык жашыруун коомдун "бардык адамдар

жаратылыштан бирдей жаралган” деген идеяга берилген жаңы улут жаратуу боюнча проектиси. Алар үчүн улут деген: ичинде кайсы бир идеяны жайылтуу мүмкүндүгүнө абдан ылайыктуу топ. Бул топтун өзгөчөлүгү: өздөрүн чогуу кармап тура турган идеяларга бекем болсо бар, эгерде аларды сактабаса, ага чыккынчылык кылса байыркы Атлантида сыяктуу жок болот. Роберт Кэмпелл өзүнүн “Биздин флаг” аттуу кичинекей ишинде: 1775-жылы колониялдык желекти уюштуруу ишинин, Америка тарыхындагы маанилүү ролун ачып берет. Т.а. анда Жорж Вашингтон менен Бенжамин Франклиндин ортосундагы белгисиз “профессордун” образы көрсөтүлгөн. Бир сөз менен айтканда, Колониалдык конгресстин комитетинин бардык алты мүчөсү, жаңы желектин символдору боюнча ошол “профессордун” сунуштарын каршылыксыз кабыл алышат. Ошондон кийин “профессор” ың-жыңсыз жоголот, ал жөнүндө эч ким, эч нерсе укпайт... Америка тарыхындагы экинчи сырдуу окуя 1776-жылы 4-июлда болуп өтөт: Филадельфиядагы эски Мамлекеттик үйдө бир канча адамдан турган топ, мурдагы 13 америкалык колониядан жаңы жана эркин мамлекетти түзүү маселесин чечүү сыяктуу абдан маанилүү ишти баштоо үчүн топтолушат. Бул өтө кооптуу болчу, айрымдарынын башы кетиши мүмкүн эле. Талаш-тартыш кызыган мезгилде кимдир-бирөөнүн айбаттуу чыккан кескин үнү, баарын өзүн көздөй жалт бурулууга аргасыз кылат. Чогулгандардын эч кимиси, эч качан көрбөгөн бейтааныш кишинин сөзү алардын ар биринин жан-дүйнөсүнүн тереңине куюлуп, аларды ынандырып жатты: “Кудай Американы эркин өлкө кылып жараткан” деп, чоң үйдү титиреткен акыркы айбаттуу сөздү айтуу менен, ал креслого кулап түшөт. Аларга дем-күч берген күчтүү Сөздүн ээси, өзү ушунчалык алдан-күчтөн тайганын тургандар көрүшөт. Анын сөзүнө демденишип, биринин артынан бири кол коюшат. Ошентип, Америка кандай өлкө болуш керектигинин тагдыры биротоло чечилет[9]. Америка, эркин өлкө экендиги Кудай тарабынан буйрулгандыгы жөнүндө Декларация кабыл алынып, андай түшүнүк ар бир америкалыктын аң-сезимине сиңдириле баштайт. Бирок, эки жүз кырк жылдай артта калган

[9] “Эпизоды из американской истории” // Энциклопедическое изложение герметической, каббалистической и розенкрейцерской символической философии.М.:2019, 942-943-б.

ошол күндөн улам алыстаган сайын Америка кудайдан буйрулган ошол вазийпасына чыккынчылык кылган учурлары улам көбөйүп бараткандыгы реалдуу факт (албетте, Америка элинин эркинен сырткары). Американын артка кайтуусу (регрессиясы) байкалып жаткандыгы жөнүндөгү илимий гипотезалар, Америка өзүнүн дүйнөгө эркиндиктин тиреги болуу милдетин биротоло унутса, анда сөзсүз ишке ашышы мүмкүн. Ошол байыркы убакта Американы оң жолго багыттаган экинчи табышмактуу бейтааныш жөнүндө да андан кийин эч ким, эч нерсе укпайт. Бирок, эки бейтааныштын тең адамдык облиги так көрсөтүлгөн. Биринчиси: "Ал бийик бойлуу, назик денелүү, келбеттүү, маданияттуу жана сөзүнөн кайтпаган, тамакты кылдаттык менен тандап жеген, балыкты, үй канаттууларынын жана жаныбарлардын этин рационуна жолотпогон" адам катары конкреттүү белгилери менен сүрөттөлсө, экинчи бейтааныш "бийик бойлуу, өңү купкуу" алсыз экендигине карабай сөзү абдан күчтүү чыккандыгы менен адамдарга таасир эткендиги берилет. Изилдөөчүлөр, биринчи бейтааныш Франклин Бенжамин өзү болушу мүмкүндүгү жөнүндө божомолдоолорун айтышат: анткени, Франклин Бенжамин өз убагында философ жана масон болгон. Ошондой эле розенкрейцерликке да мүчө болушу мүмкүн. Ошентип, биздин айтайын дегенибиз, Б.Франклин, маркиз де Лафайет жана дагы бир табышмактуу фигура – үчөө, эч кандай жашыруун сыры жок эле (кудайдын кудуретисиз эле) ушул үч реалдуу адам, жогоруда айтылган эки маанилүү документтердин авторлору болушу толугу менен мүмкүн. Ошон үчүн, Америка элинин кудайдан буйрулган тагдыры жана алардын "ыйык миссиясы" жөнүндөгү жашыруун доктрина маанисин жоготкон үчүн Американын колу-буту "кишенден" кутулуп, каалаганын жасай берүүгө өтүп жатабы? – деген сыяктуу, көңүл чөктүргөн ойлор адамдын башына айланчыктабай койбойт. Бирок, Б.Франклин сыяктуу адамдардын сыры: **акылы менен жаратылыш мыйзамдарынын сырын терең аңдап билгендигинде эмеспи. Кеп, Кудайдан адамзатка башкача жол берилбегендигин, алар акырына чейин түшүнө алышкандарында. Кудайдын атынан сүйлөөгө милдеттүү экендиктерин билишкендиктеринде. Адилеттүүлүккө негизделген коом гана түбөлүктүү боло алат. Бирок, аны**

**таанууга бардык эле адамдардын акыл парасаты жетүүсү кыйын, же мүмкүн эмес. Аны түшүнгөн адамдар: окумуштуубу же транценденталбы, кимиси болбосун Кудайдын атынан сүйлөй алышат. Жана көпчүлүк салттардын башатында, ушундай адамдардын салган жолдору, калтырган жоболору болушу мүмкүн.** Жогоруда келтирилген эки эпизоддун тарыхый мааниси мына ушунда. Демек, Американын башкы миссиясын аныктагандар Кудай же пайгамбарлар эмес, кадыресе эле адамдар экендигине карабастан, бул миссияга чыккынчылык кылган күндө, аны сөзсүз кыйроо күтө тургандыгы, башталыштын башында Адам акылы эле тургандыгын айгинелейт.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Сырдуу доктриналарды(салттарды) эң акылдуу адамдар жаратат деген түшүнүктүн туура экендигине ишенесиңерби?*
2. *Улут кайсы учурда бар, кайсы учурда жок экендиги жөнүндө айтып бер.*
3. *"Адилеттүүлүккө негизденүү гана түбөлүктүктү камсыздайт" – деген фразаны чечмеле.*

**Мындай сырдуу эпизод кыргыз тарыхында жокпу?** Бай Жакыптын зарыгып көргөн жалгызынын жентек тойуна чогулган көпчүлүк, Жакыптын өтүнүчүн аткара албай, наристеге ысым таба албай кысталып турган кезинде, кайдан-жайдан белгисиз дубана пайда болуп, "баланын аты Манас болсун" деп көздөн кайым болгондугун башкача эмне менен түшүндүрүүгө болот? Эмне үчүн байыркы жомокчу – ("манасчы" деген термин XX кылымда гана пайда болгон) бөбөктүн ысымын Акбалта же башка билермандардын бирөөнө койдуруп койбойт. **Дал ушул көрүнүштү кыргыз улутунун учугун үзүлтпөй сактап келаткан табышмактуу доктринанын өзү катары кабылдоого болот. Себеби, ал дубана, балага катардагы эле ысымды ыйгарбаптыр. "Манас" - мааниси кудай деген түшүнүк менен тең катар турган (акыл-эс, биринчи адам) санскрит тилиндеги универсалдуу, глобалдуу маани экендигин XX кылымдын окумуштуулары далилдеп отурушат.** Веда илимин өздөштүрүү үчүн Эйнштейн сыяктуу окумуштуулар санскрит тилин үйрөнүүгө аракет кылышкан экен. Балким, "Манас" эпосунун сырын толук

түшүнүү үчүн ошол Веданы билүү керек чыгар. Байыркы кыргыздар, балдарына “Манас” деген ысымды берүүдөн коркушкан. Себеби, бала көтөрө албай калса эмне болот деп чочулашкан. Кийин атеисттик доорду башынан өткөргөн кыргыздар, улуттук сакралдуу дүйнөнүн түп-жайын аңдабай, ага маани бербей Манас деген ысымды кең-кесири пайдалана башташкан. Эпосто Каныкей баласы – Семетейди атасына көрсөтпөөгө тырышат. Баласынын дидарын көргүсү келген Манаска, баланын жүзүнө тийгизилген камчыны гана карматат. Каныкейдин чочулоосу бекеринен болбогондугун, досунун баласы Коенаалыны Манастын тиги дүйнөгө өзү менен кошо ала кеткени менен көрсөтүлөт. Демек, бул белгилер Манастын аты менен затында өзгөчө энергетика бар экендигине ишаара кылган символдор. Ошентип, **элди эл кылып сактоочу салттарды, символдорду жаратуунун түп-башатында акыл-эстүү, аябай билимдүү же транцендենталдуу (аалам менен түз байланышка чыккан пайгамбар чалыш адам) жеке, конкреттүү адамдар тургандыгын билүүгө болот**. Мына ушунусу менен каада-салттарга катылган элдик билим, элдик философия катары жогору бааланып, улуттук жашоону тейлеп, алдыга өнүгүүсүнө багыт берчү негизги маяк катары ар кайсы убактарда, бардык коомдордон ордун таап келген.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *“Манас” деген сөздүн санскритче мааниси эмне?*
2. *Эмне үчүн Манаска ысым ыйгаруу сакралдуу жол менен ишке ашкан?*
3. *Салттар курамында жашоо негизи катылган илим бар үчүн сакталышы керек - деген көз караш туурабы?*

**Эми мусулманчылыктын сырдуу доктринасынын түбүндө эмне бар экендигине токтололу:**

**Куранды араб тилинде 50 жолу окуп чыккан С.Алескеровдун “Великий пародокс, или, два почерка в Коране” аттуу китебинин кээ бир жерлеринен комментариясыз түз котормо**

*“Мусулмандар Жер шарынын алтыдан бир бөлүгүн гана түзгөнүнө карабастан, бүтүндөй Жер шарынын жарымын ээлеп тургандан бетер ушунчалык ызы-чуусу көптүгүнүн себеби: мусулманчылыктын долбоорчусу дагы, прорабы дагы Мухаммед өзү. Бирок, ал үйдүн долбоорун чийип бүтпөй эле курулушун баштап жиберген прораб сыяктуу. Андай учурда курулуштун жүрүшүндө улам оңдоп-түзөөлөр киргизиле берет, ошентип отуруп аягында эмнени тургузгандыгын долбоорчу да, прораб да билбей калышы мүмкүн. Ислам дал ушундай жетилбеген план менен туура эмес тургузулган үйгө окшош. Бирок, ал үйдү сүрүп салууга мүмкүн эмес. Анткени, адамдар ичине кирип жашап алышкан. Көпчүлүгүнө бул үй жагат, бирок, китептин авторуна жана ага окшогон көпчүлүк мусулмандарга жакпайт. Бул үйдүн негизги кемчилиги: авторлор жеке өздөрүнүн амбициясын демонстрациялайт дагы, бүт Жер шарынын адамдарынан түшүнүүнү жана сүйүүнү талап кылышат. Ошондуктан, исламдын ушундай кемчилигин жакшы түшүнгөн мусулмандар, калган бир туугандарына: “келгиле, жашап жаткан үйүбүздү, андан чыкпай туруп эле оңдоп алалы, куруудан кеткен катачылыктарды жоёлу, ошондо гана имаратыбызга дүйнө элдери түшүнбөгөн жаман көз менен караганды токтотот” деген чакырык таштап келишет. Себеби куранда Авраам, Иисус Христос, Мухаммеддердин генеологиясы, согуштарынын схемасы, мусулмандар үчүн ыйык болгон Мекке, Медина шаарларынын планы, Мухаммеддин үй-бүлөсүнүн жана анын жолун жолдоочуларынын оор тагдырлары сүрөттөлөт”. Анан ушул мазмун бүт дүйнө жүзүнүн адамдары үчүн мааниге ээ болуш керек деп ойлошот айрым мусулмандар. Эмне үчүн?*

*Куран – бул көлөмү 500 беттен турган китеп. 114 главадан (баптан) турат. Анын 113 ү «Во имя Аллаха милостивого, милосердного» деген сөздөн башталат. Эгер туура айтчу болсок баптарды сүрөөлөр десек болмок, бирок антүүгө болбойт, анткени, сүрөөлөрдүн көлөмү өтө ар түрдүү... Ошентип, куран сүрөөлөрдөн, сүрөөлөр болсо аяттардан турат.*

*Мухаммед 570-жылы Меккеде төрөлүп 52 жашына чейин ошерде жашайт. Өзүнүн аяттарын 610-жылдан баштап өмүрүнүн акырына чейин 22 жыл айтат. Чыгыш таануучулар 22*

*жылды төрт бөлүккө бөлүшөт: үчөө “меккелик”: поэтикалык, рахмандык жана пайгамбардык жана төртүнчүсү: “мединалык”. Биринчи үч бөлүк 90 сүрөдөн, акыркы “мединалык” 24 сүрөдөн турат. Буларды билүү курандын маанисине жетүү үчүн абдан маанилүү. Алгачкы “меккелик” үч бөлүктө стилдик оттеноктор гана ар түрдүүчө болсо, “мединалык” бөлүктө оттеноктор эмес, сүрөлөрдүн өңү жана алардын мааниси өзгөрүлгөн. Курандын башында келтирилген ушул аятта:*

*Bismi Allahi alrrahmani alrraheemi!*
*Alhamdu lillahi rabbi al Aalameena*
*Alrrahmani alrraheemi,*
*Maliki yawmi alddeeni!*
*Iyyaka na Aabudu wa-iyyaka nasta Aaeenu!*
*Ihdina alssirata almustaqeema,*

*Бүтүн ислам дининин квинтэссенциясы ушул саптарда берилген.*

*«Мусулман» бул кудайдын баш көтөрбөс кулу. Ал Кудайга эч кандай суроо-сопкутсуз, шектенүүсүз ишениши керек. Бирок, ислам ортодокстары ушул* ***Кудайга баш ийүүчүлүк талабын Мухаммед пайгамбардын өзүнө баш ийүүгө айландырышкан.*** *Ооба Мухаммед улуу адам. Бирок, бардык адамдар сыяктуу эле жаңылган жана күнөө кылган пенде. Бирок ортодокстар, анын абсолюттук күнөөсүз экендигине ишенүүнү жана бардык жерде аны тууроону талап кылышат. Кантип, анткени, биздин заманда сени кимдер таарынтса, алардын баарын союп салууга жана бир убакта 11 аял менен жашоого мүмкүн эмес да. Мусулманчылык “ширктен” башталат, бирок, кийин Мухаммеддин өзүн баш уруунун предметине айлантышты. Пайгамбар эмес кудай кылып алышты.*

*Экинчи сүрө – сүрөлөрдүн эң узуну. Ушул 2-сүрөдө берилген идеяларды мусулманчылык ишенимдин жерпайы деп койсо болот. Мындай алганда маңызы боюнча биринчи сүрөнүн расшифровкасы. Ал кыскартып айтканда төмөндөгүдөй мазмундан турат:*

*Куран эмнеге багышталган. Дүйнөнүн жаралышы. Иблистин бунту. Бейиштен куулушу. Иудейлерге кайрылуу. Саткынчылык жана кызыл алтын жөнүндө. Тора жана Евангелие. Сыйкырчылыктын пайдасыздыгы. Авраам – бир кудайга ишенүүнүн жар салуучусу. Мечиттин мааниси. Намазды кай*

*жакты карап окуш керек? Адал жана арам тамактар. Өч алуу мыйзамы жөнүндө. Мурас жана мураскор. Орозону кантип тутат? Зыярат кылуунун жоболору. Аялдарга жана жетимдерге, ичимдикке жана кумар оюндарына кандай мамиле кылуу керек? Ажырашуунун жолдору. Талут жалутту кантип жеңди? Динге зордуктоо болбойт. Жакшылык эселеп кайтат.*

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Баардык нерседе Мухаммедди тууроонун зарылдыгы жана мүмкүндүгү жөнүндө ой жүгүртүп көр!*
2. *Ислам динин - планы жакшылап жетилдирилбей туруп курулуп калган имаратка салыштырган автордун ою туурабы?*

## *Мухаммед башында (610-652-жылдары) кандай эле? ...*

*Кудай Мухаммедди өзүнүн пайгамбары катары ишенич көрсөткөн кезде ал 40 жашта болгон. Ал адегенде малчы, анан соода кербенин коштоочу, андан соң ушундай кербендерди кабыл алуу жана жөнөтүү боюнча “менеджер” болуп иштейт. Сабатсыз болот, тамгаларды билгени менен аларды бир-бирине кошуп сөз кураганды өмүрүнүн акырына чейин үйрөнө алган эмес.*

*Бирок, ал жашаган 62 жылдын 52 жылы үчүн Мухаммедди абийири жана жаман кумарлары үчүн эч ким доомат айта алган эмес, анткени, бул убакыт ичинде Мухаммед мыкты адамдын үлгүсүн гана көрсөткөн. Бою жана салмагы орто, көп сүйлөбөгөн, дайыма тыкан жана жөнөкөй кийинген, азыраак тармалданып ийнине чейин түшкөн чачы бар адам болгон, дайыма иш үстүндө жүргөн, аябай катуу иштеген, өзгөчө такыба болгон. Мухаммед жашаган язычниктер арасында жыныстык катнаш, ысыктын күнүндөгү бир стакан сууга окшош, эч кандай прелюдия жана сүйүү талап кылынбайт деп эсептелген. Бирок, Мухаммед сексke кызыккан эмес, 25 жашында Кадичага үйлөнгөн жана аны бирге жашаган 26 жыл бою никеге ак болгон. Мухаммедге “Аль-Амин” (ишенимдүү, таза, изги дегенди түшүндүргөн) деген кличка беришкен. Кыязы, дал ушундай сапаттары үчүн Кудай аны өзүнүн элчиси катары тандап алса керек.*

***Мухаммед кийин кандай болуп өзгөрдү...***

*Куранда ушундай саптар бар (Н.Османовдун которуусунда):*

***«Эгерде кимдир-бирөө менен ыйык китеп боюнча талашып калсаңыз, ага эң ынанаарлык мисалдарды келтириңиз. Эгер ал жаман сапаттарын көрсөтсө, сиз ага теңелбеңиз. Айтыңыз: биз Кудай жөнөткөн сөзгө (Куранга) ишендик, сиздер да өзүңөргө жөнөткөн сөзгө (библияңарга) ишенгиле. Силердин Кудай, биздин Кудай, бир эле Кудай, биз баарыбыз ошого гана берилебиз”** (29: 46).*

*Ортодоксалдуу мусулмандар сыймыктануу менен “Куранда карама-каршылыктар жок” дешет. Бирок, Жараткандын иудейлерге, христиандарга карата мамилесин өзгөрткөнгө, лоялдуулуктан, чыдамдуулуктан “Ооба, Кудай аларды өзү өлтүрөт” деп чакырык таштоого эмне алып келди? Жоок, Кудай өзү жараткан пенделерин бири-бирине чыдамсыз мамиледе болушуна, өз ара бири-бирин жек көрүшүнө кантип жол берсин. Анан дагы “Ооба, аларды Кудай өзү өлтүрөт” деген сөз Кудайга кантип таандык болсун. Кудай, айтчу болсо, анда “мен аларды өзүм өлтүрөм” демек да. Демек, бул сөз жаратканга таандык эмес, анда кимге таандык болушу мүмкүн. Каталык Кудайга эмес, анын тандап алган кабарчысына Мухаммед пайгамбардын өзүнө таандык.*

*Эми бул сүрөнүн качан айтылгандыгын тактасак, табышмактын ачкычын тапкан болобуз: башка диндин адамдарына толеранттуу болууну пропагандалаган 29 жана 109 сүрөлөрдү Мухаммед Меккеде жүргөн кезинде айтат, ал эми Мухаммеддин башка диндегилерге карата мамилесинин кескин өзгөргөндүгүн көрсөткөн 5, 9 сүрөлөр Мухаммед Мединага келгенден кийин айткандыгын эске алсак, чындыкка жетебиз: жер которуу (Меккеден Мединага) Мухаммеддин өзүнүн алгачкы көз караштарын өзгөртүүгө, өзүнүн диндерди “жараштыруучу” баалуу башталмасын жокко чыгарууга алып келди. Эмне үчүн? Меккеде куугунтукта жүрүп исламды пропаганда кылган Мухаммед, Мединада бийликке ээ болуп чыга келди, мусулман коомунун башчысы, андан соң бардык Мединага, андан соң бүтүн Аравия жарым аралына башчы болду. Анда алтын, аялдар, бийлик пайда болду. Мухаммеддин көз караштарынын өзгөрүшүнүн себеби*

*дал ушулар, анын саясий жана социалдык абалынын аябай бийиктеши болду. Мындай мүмкүндүктөргө чанда бир адам көөп кетпей чыдай алышы мүмкүн болчу. Ага Мухаммед да туруштук бере албады. Жаңы абалы аны сындырды. Анын көз карашында өзгөрүү пайда болду. Акча жана алтын Мухаммедди да бузду. Аллах бирди айтса, Мухаммед башканы айтып, башкача кылууга өттү. Күнөөнү кылып жатып да өзүн туура жана күнөөсүз деп эсептеди. Өзүнүн күнөөсүз экендигине эч ким шексинбеш үчүн куранга 48-сүрөнү киргизди. Эң кызыгы мусулмандар өз пайгамбарынын күнөөсүздүгүн далилдеш үчүн дал ушул сүрөгө таянышат. Ал эми ал сүрөнү Аллах эмес Мухаммед өзү киргизген да. А ортодоксальный мусулман: Мухаммед күнөөсүз, куранда ошондой айтылган, курандын ар бир сөзү – бул, Кудайдын сөзү деп кайталагандан чарчабайт. Ой жүгүртө алган мусулмандын дагы бир, эч ким жокко чыгара албай турган фактысы бар: 33 сүрөдө айтылат:*

*«Бүгүнтөн баштап өзүңдүн күңдөрүңөн башка аялга, анын сулуулугу эсиңден тандырган болсо да үйлөнүүгө тыюу салынат».*

*Мухаммед бул сүрөнү өзүнүн өгөй баласы Зейддин аялына үйлөнгөн мезгилде, 628-жылы айтат. Бирок, өзүнүн сөзүн өзү бузуп Мухаммед андан кийин дагы үч аялга үйлөндү. Бул эмне күнөө эмеспи? Дегеле, адам күнөө кылбай жашай алабы? Ушундай суроо коюлганда ортодокска кылычын кындан сууруп “еретиктин” башын кыя чапкандан башка эч нерсе калбай калат...*

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Эмне үчүн Мухаммедди гениалдуу, бирок, жаңылып-жазган, күнөөлөрү бар кадыресе пенде катары кабыл ала албайбыз?*
2. *Мухаммедди эмне өзгөрткөн?*

***Кантип көп кудайлуулуктун борбору болгон Мекке кыбыла болуп калды?***

*... Чындыгында чындык ортодокстор түшүндүргөндөн кыйла башкачараак: кыбыланын өзгөрүшү, Мухаммед мединалык еврейлер менен конфликтке келген мезгилге туура келет. Адегенде Мухаммед өзүнүн жолун жолдоочуларга намазды Иерусалимге беттеп окууну буйрук кылган. Ал убакта, ал, иудейлер, христиандар менен мусулмандар бир тууган экендигин пропагандалап жүргөн убак болчу. Ал диндердин (иудаизм,*

*христианизмдин) проповедниктери менен чатакташып калгандан соң Мухаммед кыбыланы кайрыдиндердин ыйык шаары Меккеге буруп койду. Ошого карабай исламда Мухаммеддин көп кудайлуулукту, таш бурканга сыйынууну четке каккандыгы кыйшаюсуз пропагандалып келиши, чындыгында эч кандай логикага туура келбейт.*

### *Маршал Жуков курандан эмне издеген?*

*Исламдын дин катары калыптанышында бир өзгөчөлүк бар. Бул исламдын согуштун коштоосунда пайда болушу. Мында объективдүү фактор бар. Кудайдын элчиси Мухаммеддин биринчи жарлыгын курейш уруусу душмандык менен каршы алышкан. Мухаммед менен Иисус Христостун окшоштугу ушул гана, башка жок. Иисус жаңы диндин гана башында турган. Мухаммед болсо Кудайдын элчиси жана ошол эле убакта саясий лидер да болгон. Исламдагы* ***дуализм*** *Мухаммеддин ушундай эки жактуу ишмердүүлүгү менен байланышкан. Ал Кудайдан гумандуу болууга насааттарды алган, бирок, иш жүзүндө гумандуу болгусу келген эмес. Ал кылычтын, оттун жардамы менен өзүнүн мамлекетин негиздеген. Көп Кудайга сыйынуучу курейш уруусу Мухаммед менен анын окуучуларын Меккеден кууп чыгышкан. Ушундан тарта мусулмандардын адилеттүүлүк жана олжо үчүн болгон согуштарынын сериясы башталган. Сегиз жылдан кийин Мекке мусулман шаарына айланган.* ***Курандын көптөгөн жерлеринде согуш жүргүзүүнүн мыйзамдары, соода кербендерин тоноонун жоболору, аскердик абийирдин Мухаммеддин түшүнүгүндөгү законфдору берилген.*** *Маршал Жуков 30-жылдардын акырында ленинграддык Чыгыш таануу институтуна курандын ушул жерлерин которуп берүүнү тапшырган жана институт анын заказын аткарган. Жуков андан өзүнө керектүү жоопторду таптыбы жокпу белгисиз. Курандын дагы бир өзгөчөлүгү: андан жакшылык издегендер жакшылыкка, жамандык издегендер жамандыкка жол таба алгандыгында...*

### *Эмне үчүн ислам жалаң коркутууларга негизделген?*

*Башка диндерден, айрыкча христианчылыктан исламды дагы бир айырмалап турган белги: исламда адамдын өсүп-өнүгүшүнө*

*талаптын жоктугу. Христианчылык өз адамдарынан дайыма сүйүүгө, чыдамдуулукка, акыл-эстүүлүккө карай кыймылда болууну, өнүгүп отурууну талап кылса, ислам кудайга кыңк этпей баш ийүүнү, Аллахтан коркууну гана талап кылат. Тажрыйбалуу менеджерлер айтышат: эгерде фирмага коллективдин бардык мүчөлөрү бир максатты көздөсө гана өнүгүү болорун түшүнбөгөн начар адамдар топтолуп калса, анда менеджмент "коркутуу элементтери" (жумуштан айдоо, айлыкты төмөндөтүү сыяктуу) менен гана иш алып бара алат. Анын сыңарындай исламга чейин арабдар: өз ара ынтымагы жок, дайыма бир-бири менен суу, түшүмдүү жер, бак-дарак ж.б. талашкан чырдан башы чыкпаган, алсызын алдуусу тынымсыз кордогон, күчтүүсү күчсүздүн үйүн тартып алган эл болгон. Мындай атмосферада коркунуч менен башкарууну жактаган окуунун пайда болушу туура эле. Ошентип, көрүнүп тургандай Мухаммед өзүнүн кол алдындагы элдин нравасына ылайыктап өзүнүн окуусун түзүүгө аргасыз болгон. Исламдык окуунун жалаң коркутуулардан турганы ушундан.*

**48-сүрөдөгү табышмактуу жагдайлар...**

*Логикалуу ой жүгүрткөн адамга курандагы айрым ырлардын Кудайдыкына окшобогондугу тынчтык бербей келет. Мисалы, анын бирөө 48-сүрөдө: Кудайдын өзүнүн элчисинин буга чейинки жасаган жана мындан кийин жасай турган күнөөлөрүнө кечирим бериши. Өткөндөрүнө мейли десек да, Кудайдын, күнөөнү алдын-ала индульгенция кылышы такыр акылга сыйбайт да. Ошондой эле эркекке 4 аялга гана руксат берген 33-сүрөнүн Алланын элчисине тиешелүү эместиги. Ошондуктан ал он аял менен бир убакта жашаган (ал убакта каза болуп калган Хадичаны кошкондо 11 аял болот-Ч.Д.). Курандагы пайгамбарга гана пайдалуу мындай көрүнүштөр адамдарда: пайгамбар Кудайдан эмнени уккусу келсе, ошону гана уккан го деген крамольдуу (козголоңчул-Ч.Д.) ойлорду пайда кылбай койбойт. Ошондой эле, курандын Кудайдын сөзү экендигине шек жаратчу нерсе – курандагы фактылык каталыктардын көптүгү. Анын бирөөнү эле айтсам: Аллах өзү библияда эмчектеги Моисейди сактап калган жана үйгө алып келген фараондун кызы деп айтат дагы, Мухаммедге Моисейди*

*фараондун аялы сактап калган деп айттырат. Жана мындай каталар куранда толтура...*

***Исламдагы көп кудайга сыйынуунун элементтери...***

*Каабанын имараты ислам пайда болгондон алда канча мурун эле арабдардын идолдорго (таш буркандарга) сыйына турган диний борбору болгон. Айтымдарга ылайык каабада 360 буркан сакталып калган. Алар негизинен таш балбалдар менен графикалык сүрөттөр эле. Куранда Моисей менен анын уулу Исмаил таш буркандарды жок кылып, жаңы каабаны негиздешкендиги айтылат. Бирок, кааба кантип кийин язычниктердин ыйык жайы болуп калгандыгына куран түшүндүрмө бербейт. Ошондой эле ташка сыйынуунун калдыктары исламда эмгиче сакталып калганын мусулмандар мойнуна ала беришпейт. Таш буркандар жок кылынганы менен сыйынуунун негизги предмети болуп бир кезде асмандан түшкөн базальт ташы кала бергендиги чындык. Ага сыйынуу да негизинен ошол язычниктердин ырым-жырымдары боюнча ишке ашырылат. Каабанын бурчтарынын биринде жерден 1,5 метр бийиктикке бекитилген "аль-хаджар аль-асвад" деп аталган кара таш, т.а. үч бөлөк лава же базалть метеорити күмүш алкакка бириктирилип бекитилип жасалган таш. Каабанын ачкычы ошондон ушул күнгө чейин Мухаммеддин уруулаштары курейштердин күчтүү уругу хашымдарда. Сыйынуу үчүн келгендер ал ташты өпкөнгө, жок дегенде кол тийгизип калууга умтулушат. Анткени, бул бейиштен учуп келип катып калган периште, тиги дүйнөдө сурак берип жатканда, учуп келип, аны кимдер өпсө, ошолорду сактап калат деп айтылат.*

*Куранда көп кудайлуулуктун белгилери мындан да даана көрүнгөн жерлер бар. Айталы, мусулмандардын адамдарды идолдорго айлантып алууга жөндөмдүүлүктөрү. Мусулманчылыкта - Мухаммед күнөөсүз, ал эми анын аялдары бардык мусулмандарга эне, анын жолдоштору – таптаза адамдар, даанышман аалымдар деп табылышы. Алар жөнүндө жаман айтууга, аларды сындоого тыюу салынышы. Алардын баары ыйык жана кол тийгис адамдар деп табылышы. Жер тоголок, ошондуктан, кай жерден кетсең, кайра ошол жерге келесиң. Ошол*

*сыяктуу исламда да таш буркандардан кетип, кайра ошолорго келдик...*

***Дагы бир жолу курандагы негизги катачылык жөнүндө...***

*Биз жогоруда Мухаммедди кудайга айлантуу жана анын күнөөсүздүгүнө басым коюу мусулманчылыктагы негизги жаңылыштык экендигин айттык. Мухаммед күнөө кылган эмес - деп бекемдөө менен биз өзүбүздүн сөзүбүздүн туткунуна айланабыз. Себеби, андан ары жалган айтканга, Мухаммеддин кылгандарын кылбады деп танганга, чындык үчүн тура билген адамдар менен күрөшүүгө, чындык чыкпаш үчүн аларды коркутууга аргасыз болобуз. Эгерде ислам жок дегенде ушул XXI кылымда Мухаммеддин бардык эле реалдуу адамдар сыяктуу жаңылып-жазган, жыгылып кайра турган убактары болгондугун мойнуна алса абдан жакшы болмок. Мисалы, библиянын каармандары кандай? Христиандар менен иудейлер өздөрүнүн ыйыктарынын жаман-жакшы жактарын айткандан тартынышпайт, аларды кумир тутушпайт, библияда Ной, Лот, Моисей, Авраам, Давид, Соломондордун ишмердүүлүгүндөгү оош-кыйыштар тууралуу берилет, ал тургай Илия бир жолку оор сыноого турушпук бере албай шайтандын азгырыгына кирип кеткендиги, Иондун укпагандыгы, иудейлердин бутпарастыгы, Петрдун баш тартуусу, Павел менен Варнаванын чатагы тууралуу баары билишет. Христиандар Иисустун соодагерлерди храмдан кубалап чыккандыгын жана Мария Магдалина менен болгон мамилесин талкуулагандыгы үчүн куугунтукталбайт, өмүрүнө коркунуч келтирилбейт. Биз, мусулмандар, Мухаммедди күнөөсүз кылабыз деп жатып, өзүбүздү-өзүбүз кишендеп алганбыз: Мухаммедди күнөөсүз деп моюндагандан кийин анын соратниктеринин, Айшанын кылгандарынын туура экендигине шек санаганыбыз туура эмес болмок. Анткени менен Мухаммед өзүнүн күнөөлөрүн билген, муну, "кимдир-бирөөлөр канчалык сураныша дагы, алардын сураначы кудайга жетпей тургандыгы, ал өзүнүн элчисине жардам берип, аны тиги дүйнөдө бейишке ала тургандыгы" жөнүндөгү сырдуу аяты менен тастыктайт.*

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. *Мухаммедди күнөөсүз деп табуу идеясынын башаты кимден башталыптыр?*
2. *Мухаммед кайсы сүрөдөгү өзүнүн сөзүн өзү бузган?*
3. *Мухаммедге куранга 48-сүрөнү киргизүү зарылдыгы эмнеден улам пайда болгон?*

## *Эми Курандын Кудайдыкы экендигин тастыктаган далилдер жөнүндө*

*“Куран Кудайдын сөзү эмес, Мухаммеддин өзүнүн сөзү, ошондуктан, ал эч кандай кудайдын элчиси эмес” деген пикирлер жашайт. Мындай пикирди тутунгандар куранда карама-каршылыктар менен каталар өтө көп экендигин бетке кармашып, кудай ушунча ката кетириши мүмкүн эмес дешет. “Куранда бири-экинчисине карама-каршы келген жерлер 225 жолу жолугат”[15,24]. Ырас андай каталар бар, бирок, куранда чындыгында да асмандан түшүрүлгөндүгүн (муну түздөн-түз асмандан түшүрүлгөн деп эмес, Мухаммед пайгамбардын транска кирген убагында алган кабарлар экендигин түшүнүү керек-Ч.Д.) тастыктоочу мисалдар да бар. Мухаммед кабарларды өзүнө Гавриил (Жебрейил-Ч.Д.) периште жеткиргендиги жөнүндө сөз кылат. Ыйык китепке Мухаммед өзүнүн пенделик субъективдүү сезимдери менен каалоолорун киргизип жибериши мүмкүн, бирок, куранды толук жаратууга анын күчү жетмек эмес. Буга мисалды ыйык китептин көптөгөн жерлеринен табууга болот. Мисалы, курандын 15-сүрөсүндө: «Кудай асманга жылдыздар менен жылдыздар тобун жайгаштырды. Алар көзгө ушунчалык кооз көрүнөт. Аларга шайтандарды, жаркыраган кометаларды кароол кылып койду”. Сабатсыз төөчү жылдыз топторун жана кометаларды кайдан билет, анын башында жылдыздардын сырын билгиси келген шайтандын образы кайдан пайда болот? Андан ары куранда адамдын жаралышы жөнүндө: “Ал силерди энеңердин ичинде түйүлдөк кылып, анан жатынга жаткырып, анан каканак жарып, үч туңгуюктан чыгарды” [16,384] дейт. Ошондой эле курандан планеталардын ретроград кыймылына ишараат учурайт, а чындыгында мезгил-мезгили менен планеталардын катарында артка жылып бараткандай кубулуш байкалары илимде*

*куран жазылгандан алда канча кийин ачылган. Ушулар жана кудайдын өз элчисине каардануу менен эскертүүсү Мухаммедге жогору жактан берилген кабар экендигин тастыктайт. Анын кудай тарабынан өзүнө эскертүү берилгендигин адамдардан жашыра албагандыгына көңүл буруу керек. Бирок, куранда эки башка стилдин катуу айырмаланып турушу (мындай стилистикалык айырмачылыкты араб тилин билбеген, же билген болсо да орус, дегеле европалык котормочулар билүүсү мүмкүн эместигинин себептери жөнүндө сөз кылат автор-Ч.Д.), куран бир эле кудайдын сөзүнөн турбагандыгын, анда Мухаммед өзү угууну каалаган сөздөрүн дагы кудайдын атынан бергендигин тастыктайт. Көпчүлүк хадистер өтө эле примитивдүүлүгү менен таң калтырат: бут кийимди биринчи оң жагын кийүү керек, чечкенде сол жакты биринчи чечүү керек; эгерде сүткө чымын түшүп калса, аны стакандын түбүнө чейин малуу керек, анткени, анын бир канатында оору болсо, экинчи канатында шыпаа болот; ташты тешиктен атпоо керек, себеби, адамдын көзүн чыгара атышың мүмкүн; эгерде согуштан качып келген адам аялы менен жатпаган болсо, аны Аллах кечирет; эгерде, аялы күйөөсү суранган кезде аны менен жатпай койсо, ошол аялды таң атканча периштелер каргап чыгат; тамакты жеп бүткөндөн кийин адам колун өзү жалаш керек, болбосо башкаларга жалатуу керек ж.б.у.с. Эми бул примитивдерди төмөндөгү поэтикалык саптар менен салыштырып карап көргүлө: силердин көз алдыңарга накта кудайдын оозунан чыккандай керемет саптар – тартылат: Бул жер жана асмандар, бул түндүн күнгө, күндүн кайра түнгө айланышы, бул булуттар жана шамалдар, жерди, айбанаттарды жана чөптөрдү, ал тургай деңизде сүзгөн кемеден бери жандандырган бу жамгыр. Булардын баары кудайдын жаратканы. Бирок, адамдардын арасында ушу кудайга эмес, пенденин колунан жаралган жасалма Кудайларга сыйынып жүргөндөрү бар. Кудай мындай адамдарды кыяматтын күнүндө кечирбейт. Ал эми адам колунан чыккан буркандар болсо силерди тагдырдын колуна таштап, эстеп да койбойт. Ошондо: жараткан, бизге баарын башынан баштаганга, таш буркандарды, алар бизди унутуп калгандай унутканга шанс бер дейсиңер. Бирок*

*баары кеч болот. Кудайды унуткандардын алдында тозок оту гана күйөт.*
*Же, башка дагы бир мындай мисал:*
*Качан түн киргенде асмандагы жылдызга карап Ибрагим: бул менин Кудайым - деди. Бирок көп өтпөй таң атты, жылдыз жок болду, ошондо Ибрагим жылдыз Кудай эместигин түшүндү.*
*Анын эртеси асмандан Айды көрүп: ушу менин Кудайым – деди. Бирок Ай да батып кетти. Анда Ибрагим: Ай дагы Аллах боло албайт – деди. Кудай мени өзүн тааныткысы келбейт – деп, кайгылуу ойго чөмүлдү. Качан Ибрагим чыгыш жактан чыгып келаткан Күндү көргөндө, Күн жылдыздан, Айдан чоң экен деп ойлоп: мына Ушул менин Кудайым – деди, сүйүнгөндөн кыйкырып. Бирок кечкурун Күн дагы горизонттон ары батып кетти. Ибрагим көпкө ойлонду: Аллах ага эмнени ойлоп жылдызды, Айды, Күндү көрсөттү экен. Акыры түшүнгөндө бекем үн катты: Кудайым, мен түшүндүм: Ай дагы, Күн дагы, жылдыздар дагы Кудай боло албайт, сен жалгызсың, сени байкоо мүмкүн эмес. Мен көзүм менен ушул асмандардын, Күндүн, Айдын жана жылдыздардын жаратуучусу, баарынан бийик турган жалгыз өзүңө тигилем.*
*Же, үчүнчү мисал:*
*Аллахтын жакшы сөз жөнүндөгү мындай притчасы бар: жакшы сөз – соо дарактай: тамыры бекем, а бутактары узун. Анын жемиши да, көлөкөсү да пайдалуу. А жаман сөз болсо – ооруулу дарак сыяктуу: тамыры шалкылдап бош, шамалга ыргалып, азыр-азыр сынып түшчүдөй болуп кууpаган бутактары кычырап араң турат. Курандын тили жана ойлору – Мухаммеддин хадистери катары жазылган документтерден такыр айырмаланат жана салыштырсаң, жыйынтык Мухаммеддин пайдасына чыкпайт. Курандын тили – абдан кылдат философ-акындын тили жана ал VII кылымдагы төө айдоочунун жаргондорунан жана анын жөнөкөй аңкоочалыш сөздөрүнөн өтө өзгөчөлөнүп турат. Ушундай болгондон кийин эмне үчүн куранда Мухаммед кимдир-бирөөнүн сөзүн гана бергендиги, курандагы бийик ойлордун жана ошондой мыкты стилдин автору Мухаммедден такыр башкача ойлонгондугу жөнүндө эмне үчүн ой жүгүртпөйбүз (мисалы, Е.Блаватскаянын жанында жүргөн полковник, Елена текстти өзү жазганына карабай, кагазга ар түрдүү колдор (почерктер)*

*түшкөндүгүн байкаган. Так ушундай нерсе башка трансгерлер сыяктуу Мухаммед пайгамбарда да болушу толугу менен мүмкүн эмеспи. Алескеров куранды 50 жолу кайталап окугандан кийин гана андагы стилдик эки баскычты, эки түрдүүлүктү байкагандыгын айтат. Ошондо, ушундай, жарымы талант, жарымы аны улап тууроочу гана, демек, жарым-жартылай гана мыкты поэтикалык чыгарма үчүн ("Манас" эпосуна окшоп баштан-аяк бирдей поэтикалуу жана чыныгы эмес, же, Ч.Айтматовдун чыгармаларына окшоп баштан-аяк бирдей поэтикалуу жана гениалдуу саптардан турбаган), канчалаган адамдардын эле эмес, улуттардын, алар жараткан тилдердин тагдырлары садага чабылууда. Аттиң...-Ч.Д.). Ал эми Мухаммед өзүнө гана пайдалуу сөздөрүн, ойлорун берген жерлерде – куран дагы Мухаммеддин өзүнүкүндөй карапайым, ал тургай примитивдүү тилге айланат. Мындай мисалдардын эченин жогоруда силер көрдүңөр, алдыда буга окшогон примитивдер дагы толтура жолугат (тилекке каршы биздин максатыбыз С.Алескеровдун китебин баштан-аяк которуп чыгуу болбогондуктан, алардын баарын биз бере албайбыз. Бирок, текстти түшүнүп жана ой жүгүртүп окууга жөндөмдүү адамга, Мухаммеддин маңызын түшүнүүгө буга чейинки мисалдар жетиштүү болот деп ойлойбуз-Ч.Д.). Баарынан жогору туруучу (бизче айтканда Көкө Теңир-Ч.Д.) адамдарга өмүрдү өзү берет жана өзү алат (куранда ушинтип жазылган, бирок ошол эле куранда жихад деп адамдарды өлтүргөндөргө да, күнү азыр да мусулманчылыкты тоготпогондордун жанын сууруп алууга даяр турган фанаттарга да жол берилиши, С.Алескеров атагандай курандагы Великий парадокс, же эки башка почерк эмеспи - Ч.Д.).*

*Куранды эки бөлүккө бөлүп карап, бирине ишенип, экинчисине ишенбегендерди (жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй кылып-Ч.Д.), биз Кудайдын атынан жазалайбыз дейт. Мухаммед алдын-ала кантип билет, куранга ушундай мамиле болорун. А балким ушул сүрөнү айткан убакта Мухаммеддин өзүндө, ал айтып жаткандардын баары эле Кудайга таандык экендигине шектенүү пайда болсо керек. Ошондуктан, боло турган шектенүүлөргө карата алдын-ала коркутуу даярдалып жатат. Анын үстүнө бул сүрө болжол менен 618-жылдары айтылып жатат, бул мезгилде*

*куран толук бүтө элек, анын текстинин жарымы гана айтылган кез болгон.*

## *Түшүнүүгө мүмкүн эмес дүйнө. Дүйнө түзүлүшүнүн сыры жана адам-пайгамбар*

*Курандагы 16-19 сүрөлөр ушунчалык көркөм. Алар: биз жашаган дүйнө кандай кооз жана кандай татаал деген ойлорго бириктирилген. Алар ушунчалык гармониялуу болгондуктан, дүйнө өзүнөн-өзү эле стихиялуу түрдө ушундай жаралып калган деп ойлоого болбойт. Дүйнө сөзсүз түрдө кимдир-бирөөнүн чыгармачылык даанышмандыгы менен жаралган. Эки кымындай клеткадан киши жаралгандан баштап, Жердин Күндү айлануу кыймылына чейин баары – бир зор планга баш ийдирилген. Адам менен кошо аны азыктандыруучу тамак-аш заттары, анын тукум улап, жашоо чынжыры үзүлбөөсүнө стимул берүүчү сексуалдуулугу жана бардык материалдык жыргалчылык түзүүчү буюмдар, материалдык пайда бербесе дагы адамдын бул дүйнөнүн сулуулугунан ырахат алуусун шарттоочу укмуш гүлдөрдүн жаралышы – ушулардын баары бир Зор Акыл-Эске баш ийдирилген. Кудай тарабынан бардык улуттарга: орустар менен еврейлерге, африкандарга, православдар менен иудейлерге, мусулмандарга берилген дагы бир укмуш керемет жөнүндө: адамдык бардык ойлорду бири-бирине жеткирүү мүмкүнчүлүгү – болгону 3 ондун аркы-беркисиндеги тамгалар аркылуу жетишүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө ой жүгүртүп көрдүк беле? Май куюлган банканын оозун ачсаң – ал төрт эсеге көбөйөт. Элестетип көрүңүздөр “Согуш жана тынчтык” болгону 33 тамганын гана түрдүү айкалыштагы комбинацияларынан турат, ушул жөнөкөй инструменттен башка Л.Толстойдун колунда эч нерсе болгон эмес. Жана мындай адамдын акыл-эси менен ой-кыялын көккө учурчу көркөм чыгармалардын баары ушул 33 гана тамганын иши. Бул кереметте кудайдын катышы жок деп айтуу мүмкүн эмес. Адамзат өзүнө түшүнүксүз нерселерди үйрөнүүгө аракеттенет. Окумуштуулар эксперимент жасашат: космостун караңгы жактарын көрүүгө, айдын арт жагында эмне бар экендигин билүүгө, адамдын негизги белгилерин тукумдан-тукумга алып өткөн жана биздин жашообуздун программасын сактаган ДНКнын молекуласынын табышмагын*

*чечүүгө – ушундай жол менен адамзат: адамдын жана дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндөгү чындыкка жакындайт. Бирок, мунун баары – акырындык менен Кудайдын өзү жөнүндөгү билимге жакындоо болуп эсептелет. Адамдардын баары: бардык заттардын жерге карай кулашынын табышмагы жөнүндө айтышат, анан Ньютон, заттарды жер өзүнө тартаарын ачат, башка бирөө, жердин тартуу кучунүн сыры, анын гравитациялык толкундарды чыгарып тургандыгында болорун ачат. Ал толкундар кайдан чыгат, кантип пайда болот? Окумуштуулар андан ары изилдөөнү улантышат. Жөн гана: мунун баары кудайдан деп жыйынтык чыгарып койсо да болоорун билип турушуп. Дүйнөнү жана анын сырларын түшүнүү – бул кудайдын өзүн түшүнүү, ошондуктан изилдөө токтобой келет" (С.Алескеров Великий парадокс, или два почерка в Коране, 5-6-8-9, 21, 68-69-беттер).*

Курандын илим үчүн эң кызыктуу жагы, дүйнөнүн табышмактарынын тереңине чейин башбаккандыгында. Ошондой эле бүт дүйнө үчүн эң эле кооптуу жагы: илимди түшүнбөгөн жана ага кызыкпаган массадан "мусулман эместерге өлүм" же, "Мухаммед күнөөсүз" деген догматтарды мээсине сиңирген миллиондогон фанаттарды чыгарып жаткандыгында, алар пайгамбарга кадыресе адам катары карагандыгы үчүн эле адамдарды кырууга даяр турушат. Ушундай пландагы кезектеги инцидент Францияда болуп, учкундары биздин өлкөгө чейин жеткенине өткөн жумада эле күбө болдук. Бул өтө кооптуу көрүнүш экендигин, журналист жана политолог Бакыт Орунбеков коомчулукка эскертти. Коопсуздук комитети да буга көңүл бурганы жөнүндө кабарланды. Бул өсүп келе жаткан коркунучту жок дегенде ушу жерден оолдуктап калууга мамлекеттик деңгээлде камылга көрбөсөк, дагы бир аз убакыттан кийин өтө кеч болуп каларын тастыктап турат.

**Биз, кыргыздар (түрктөр) исламдын кишенинен чыгууга тийишпиз...**

Урматтуу исламдын кыргызстандык фанаттары, кыргызга таандык баалуулуктарды чанып, андан кетип, тапкан диниңердин жагдайынын кичине-кичине гана жерлерин айттык. Адашкан боюнча өмүр бою калгыңар келбесе, бул маалыматтар конспиралогия эмес. Апачык эле китептерде жана интернетте турат.

Азыркы мезгилдин генийи деп табылган Н.Левашевдун христиан дининдегилерге карата: “адамдар ушунчалык жалкоолугунан ачык турган маалыматтарды окуп койгондон эрингендиктен, алар ушунчалык караңгы. Алардын мындай караңгылыгынан пайдаланган чиркөө бийлигиндегилер, өздөрүнө самолёт, яхта сатып алышат, ойнош күтүп, аларды каржылашат” деген сөздөрү, ислам проповедниктерине дагы, мусулмандарга дагы бурбай-тербей туура келет. **Кудай башка, дин башка – Кудайды сүйөбүз жана баарыбыз анын өзүндө турарыбызды жан-дүйнөбүздүн тереңинде сезип турабыз, бирок, аны ачык аңдоонун, түшүнүүнүн жана ага келүүнүн жолу бир гана динде эместигин, же, дин бир эле ислам (мусулманчылык) эмес экендигин, теңирчилик да динге жатарын, аны “дин эмес, жөн эле бир көз караш” деп какшагандар түпкүлүгүндө кыргыздын (түрктүн) душманы болуп чыгарын билүү кажет...** Жогоруда теңирчилик боюнча окуу китебин жазган Безертиновдун динсиз адамзатка күнү кыйын болоору жөнүндө сөзүн келтирдик. Бул жаатта түрктөр, айрыкча кыргыздар эбегейсиз бактылуубуз. Биздин кризиске учурабаган табияттын өзүнүн закондору сыяктуу буруу-терүүсүз табияттын өзүндө жаткан динибиз бар, анын аты – теңирчилик, теңирчиликтин негиздери катылган эпопеябыз “Манасыбыз” бар. “Манаска” казактан чыккан дүйнөлүк гений М.Ауэзов бекер суктанган эмес. “Адамдын жашоосу үчүн эмне керек болсо, ошонун баары “Манасыңарда” турат” деп, сөз кадырын билген, сөз кадырына жеткен адам жөндөн-жөн эле айта салган эмес. Кыргыздан чыгып, акылы, таланты менен ай-ааламды өзүнө караткан Ч.Айтматов бекеринен “Манасты” библияга салыштырган эмес. Ал кишинин дилинде “Манас” куранды алмаштыра ала тургандыгы жөнүндө ой тургандыгын, бирок, көпчүлүк аны туура түшүнбөстүгүнө көзү жеткенден улам, алысыраак турган, исламга берилген түркий элдердин талылуу жерине анчалык деңгээлде урбай тургандыгына карап гана библияны атап койгондугуна мен 100 пайыз ишенем.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Диндердеги жалганды чындан айырмалай билүүнүн мааниси канчалык экендигин аңда.

Эми теңирчиликтин жагдайы жөнүндө:

**Теңирчиликтин - кыргыз дүйнө таанымынан көрүнүшү**

**Көзүңдү ачып, өзүңдү тааны оболу** Сократ

**Теңирчилик деген бул бүтүндөй жашоонун системасы жана кыргыздар, биз, ушул система менен жашап келатабыз**

“Ал чындык, ал идея – Көкө Теңир философиясы. Ооба, көрсө Теңиртааным ким бирөөлөр буга дейре жеңил-желпи түшүндүрүп келишкендей качанкы бир караңгы замандардын бир бучкагында өнүкпөй унут калып кете берген примитив дин эмес экен, көктү карап Күнгө, Айга табынуу же жер-суу тайуу эле эмес экен, жан жаратылышка ызаат менен эле чектелбейт экен ал. Ал тээ алмустактан үзүлбөй уланып келген, узаакы жолунда иштелип бүткөн керемет философиялык система да экен. ... тагыраак айтканда, **таң каларлыктай кишичиликтүү, Адам турмушун, жүрүм-турумун, адеп-ахлагынын бардык тарабын жөнгө салган, аны улуу Теңирдин ыкыбал-ритмине жууруп салган, ажайып гармония жарлаган, конкрет маңызга каныk, турмуштук керемет окуу да экен!** Кыргызды кыргыз кылып келген теңирчиликтин философиясын терең түшүнгөндө гана кыргыздын өзү менен манасынын ортосундагы тосмо жоюлар.

**“Өз ордуңду бил”, “Өз жолуңду тап”** – теңирчиликтин унгулуу принциптеринин айрымдары ушулар. “Төгөрөктүн төрт бурчу”- кыргыз дүйнөнү кандай элестетээрин ушул үч сөзгө батырган” (Ж.Бөкөшев). Умай – умаа – кыргыз оймолорунда чагылдырылган эненин жатыны (“бадам ою”) менен эркектин ыйык мүчөсүн бирдейинен чагылтып турган бул белгилер, Мухит өзү гана тил оозсуз ийрилип турган тушта коюнунда Эрбашат менен Кызбашат жаралып, экөө жалгашып ааламдагы бардык жан, кубулуштун жолуна нук чапканын билдирет. Илгерки гректер Сократ, Платондор сыяктуу окумуштуулардын: дүйнөнүн башталышында Эрос кудайы тураары жөнүндөгү көз караштары - кыргыздын да оюнда болгондугу “бадам оюудан” көрүнүп турат.

“Умайканат бир улуу шилтенди да аралык, мезгил эрип кетти. Асман жарылды, Жер бөлүндү! Кайра ошол саат сом ширелди! Түн койнунан Күн суурулду! Эрбашат, Кызбашат жуурулду! “Инь-Янь” таралды! Ана... көчмөн журтта жаралды. Төбөйлөрдөн табылган көөкөрдүн боюндагы оюмду эми окуй бер Кыргыз. Баарында Теңиртааным турат” (Ч.Өмүралиев, мындан ары: Ч.Ө.). Кыргыздын бардыктын башында ак-кара турат деген түшүнүгү ушуну билдирет. “Ала жипти аттаба!” – деген сөздүн түбүндө да элдин ушу түшүнүгү катылган. Илгери,  кыргыз эли исламды тааный электе нике кыюу ырымынын башында ак-кара болуп эшилген жип менен кыз-уланды бириктирүү ырымы жасалгандыгы этнографиялык булактардан белгилүү (XIX кылымда деле өлүк коюу жана нике кыюу негизинен шаманчылык ырымдар менен ишке ашырылгандыгын, ал эми жаназа, куран ислам боюнча сабаттуу бирөөлөр келгенде гана окулганын, ошол мезгилде деле Мухаммед пайгамбардын ысымын билбеген кыргыздар көп экендигин 19-кылымдын экинчи жарымында кыргыз жерине келген Ч.Валиханов жазып кеткен). Нике кыюунун бир бөлүгү - үйлөнүп жаткан эки жашты оттон аттатуу ырымынан турган. Кыргыз үй-бүлө куруу ырым-жырымында ошентип, өзү ыйык туткан нерселерин: дүйнө ак-карадан турат деген түшүнүгүн, отту, очокту ыйык деп эсептеген түшүнүгүн бириктирип бериптир. Ошондуктан, салтты бурмалабай сактоо мыйзамы иштеш керек. Мисалы, үйлөнгөндөрдү оттон аттатуу ырымынан кийин-соңкуга (бизге) “отко кийирүү” деп, туугандар тобуна келип кошулган жаңы келинди же күйөө баланы кайын журт менен аралаштыруу үчүн болгон экинчи бөлүгү, уландысы гана калыптыр. Ал эми үй-бүлө куруунун башатында от (очок) тураарын эстеткен биринчи бөлүк ошентип, эстен чыгып кетиптир. Үй-бүлө институту мурдагыдай улуу баалуулук катары таанылбай баратышына балким негизги себептердин бири ушу: теңирчилик дүйнө таанымы кыргыздардын үй-бүлө куруу философиясында таанылбай,  иштебей баратканынан болууда. Ошентип кыргыздын шырдак-кийиздерине түшүрүлгөн оймолору – Үч ыйык негизди: Көк Теңир, Жер жана Киши уулун чагылдырып турганы ушундан: кыргызда “жан”, “арбак”, “Теңир” жайындагы түтөгөн түшүнүктөрдүн бүтүндөй системи жашагандыгынан(Саймалы Таш эстеликтеринде байма-бай

кезиккен арабада турган Күнбаш адамды эстейли – Жер, Адам жана Күндү бириктирген). **Теңирчилик дегенде ириде дал ушу түшүнүктөрдүн системин, улуттун жашоосун бүтүндөй камтыган системин түшүнүш керек.** Теңирчилик жашоо системин кыргыздар оюм-чийимдеги мааниге сыйгызып гана тим болбой океандай оожалган оозеки мурастарына да батырып дилден-дилге чачыратып тирүү мурастап бергендигин түшүнүш керек" (Ч.Ө.).

Чоюн акенин теңирчилик жөнүндөгү ырдан бүткөн ушул чулу текстин окуган сайын орус окумуштуусу жана фантаст жазуучу, публицист С.Переслегиндин "Ислам мамлекеттеринде фантазия жок. Фантазиясы жок элдин келечеги жок" деген сөзү эске келе берет. "... бабаларыбыз аска таштарга чегип калтырган Сакраль белгилерге саамга бир үңүлөлү. О Теңири! О Дүйнө! Күн алдында Киши уулуна Кудай эрегиш күч берген не? Бу не деген ажайып аалам, улуу сыр. Ай алдында адамдын эс чабыты мынча ажайып, мынча батыл эргирби. ("Казак тилинде деп жазат А.Атабек – асманды (Теңирди - Кудайды) билдирүүчү 5 сөз бар: Таң (заря); Арай (таң, арай); Ар ("Тазалык, Ыйыктык, Абийир"); Көк (Көк асман), Ак (Тазалык, Ыйыктык) – ал эми теңиризмдин өзү болсо, келип чыгыш теги жана байыркылыгы боюнча ("документтештирилгендигине" 5 миң жыл толду) христианчылык, ислам өңдүү "жаш" диндердей ДОГМАТТАРГА жана АТРИБУТИКАЛАРГА муктаж эмес. Ошондуктан, теңирчиликте "Божьего откровения" жок – анткени, жаратылыштын өзү "Кудайдын ачылышы" эмеспи? "Пайгамбар", "Мессия" деген түшүнүктөр жок, анткени, булардын биринчиси "Эскертүү", экинчиси "Жаза" катары күнөөлүү адамдар үчүн керектелет. Экөө тең күнөөлөргө баткан отурукташкан элдерге берилген аныктамалар. Мисалы, Авраамдын мезгилиндеги еврейлер чекеден гомосексуалисттер, сүткорлор болушкан, кандуу курмандыктарды, кулдарды эзүүнү практикалашкан. Булардын баары Библияда документтүү чагылдырылган. Арабдар болсо жаңы төрөлгөн кыздарды тирүү боюнча кумга көмүшкөн. "Канга кан" менен өч алуу салтын жана эксплуатациянын абдан ырайымсыз формасын колдонушкан. Жана булардын баары Куранда, сүрөлөрдө жана аяттарда чагылдырылган. Ал эми булар көчмөндөрдө болушу мүмкүн эмес. Кыстекелик (гомосексуальность), сойкулук, кургак учук, сифилис, наркомандык, араккечтик – булардын баары болгон эмес, анткени, көчмөндүк табият, адамдардын табыгий талаптарынын баарын өзү гармониялаштырып турган. Теңири жана Умай дайыма көчмөндөр менен бир катарда болгон. Ал эми арбактар болсо көчмөндөрдүн арасында болгон. Мына ушундай себептерден улам көчмөндөргө пайгамбарлар (алдын-ала кабар берчүлөр) менен мессия (карателдер) жөнөтүлгөн эмес. Чыныгы ишеним жатталган тексттерде эмес жүрөктө болот, даяр текстти тоту куш да кайталай

алат. Жана ушундай тоту куштарга кудай үйлөрү деп эсептеп алышкан бардык мечиттер менен чиркөөлөр, храмдар менен синагогалар толтурулган. Алардын баары “эффект толпы” же “массалык психоз” менен ооруп калышкандар, ошондуктан, массалык түрдө тууроого (ыйык пайгамбарын), тегирмен сыяктуу тынымсыз чокунууга, куурчактан бетер намазга кулоого аргасыз. Бул аргасыздык алардын жаргондорунда тынымсыз колдонулат: “намазга жыгуу”, “саждага башын койдуруу”, “бисмылла”, “астагфиралла” деп, үйрөтүлгөн маймылдай тынымсыз кайталоо, моджахаддыкты (ишеним үчүн күрөшүүчүнү) идеализациялоо жүрөт”).

Жылдызга эргип жылдызданган бу өңдөнгөн элести ким көргөн да, ким уккан!” дейт го Чоюн акебиз. Анын “Теңирчилик” аттуу китебин дагы бир сыйра окуп жатып, анда кыргыздын сыры менен миң кырлуу табышмагы кандай ыктуу чечмеленгенине арбалып: о Ата арбагы! Улутуңдун жан-дүйнөсүнө азык берип, тээ адамдык акыл-эске келгенден бери карай кыргыз уулун коштоп келген ыр-күүлөрүңө тыюу салып таштап, кыргыздын канат-бутагын кыркып салгысы келген, Ала-Тоонун чокусунан Көк Асманга кол сермеп эргиген учкул кыялын кыл жылдырбай басып салгысы келген кара-санатайларды ээрчип Теңирим өзүңө, Ата-баба арбагына, Ата салтына шек келтирип жаткан маңкурт тукумдарыңа таарынба, алардын билбестиктен улам өзүңө карай жасап жаткан кесирлүү мамилесин кечире көр, алардын кыянатын жалпы элге, жерге тийгизе көрбө оо Теңири, о Ата арбагы, Өзүн жалгап, Өзүң колдой көрөгөр тукумдарыңды – деп, ичимден күбүрөнүп жатканымды сезбей калам.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Жер-сууга жана ата баба арбагына сыйынуунун мааниси жөнүндө турмуштук байкоолордон чыгып эссе жазгыла.

**Теңирчилик бул диалектика...**

Сөзүбүздүн баш жагында Бир Кудайга сыйынуунун башатында теңирчилик тургандыгы жөнүндөгү чоң-чоң окумуштуулардын далилдөөлөрүн келтиргенбиз. Кыязы, алакан жайып Көккө кайрылып бата тилөө дагы исламдан эмес, дал ушу теңирчиликтен башат алгандай. Аны жогоруда Ч. Өмүралиевдин ойлору тастыктап турат.

**Манас баштаган баатырларыбыздын жана өз ата-бабаларыбыздын, көзү өткөн ата-энелерибиз менен тууган-**

**туушкандардын арбакгарын ыйык тутуу, Жер-Суу тайуу, мазар тайуу, Айга жүгүнүү адаттарыбызды карманып келатып, күн күлдүрөгөндө айтылчу “жер айрылып көк чык, желин айрылып сүт чык” деген ырым сөздөрү дале көңүлүбүздө жат туруп, үч, жети, кырк сандарын ыйык саноо** (өлгөндүн үчүлүгүн, жетилигин, кыркылыгын өткөрүү), **бала тилеп ыйык жерлерге барып түнөө, жалгыз даракка сыйынып бутагына чүпөрөк байлоо, жалгыз булакка сыйынып, ага тыйын, топчу ж.б. таштоо адатыбыз, бүгүнкү күнгө чейин уланып, ага өзүбүз катышып, колубуз менен чүпөрөк байлап, колубуз менен тыйын таштап, же, ырым кылып булактын түбүн аңтарып жатып да, өлгөнгө курмандык чалуу, өлүктү боз үйгө жаткырып алып, мактап кошок кошуу, үчүлүк өткөрүү, кара аш, кырк аш, чоң аш берүү сыяктуу теңирчилик дини аркылуу калыптанган салттарды өзүбүз жасап жатып да, теңирчиликке терс кайрык айткан молдолорду ээрчип, теңирчилик зыяндуу көз караш окшойт деп шекшип жатканыбыз, өзүбүзгө-өзүбүз ишенбей жатканыбыз, өзүбүздүн түпкүлүгүбүздөн өзүбүздүн коркуп жатканыбыз, биздин маңкурттук деңгээлибиздин кайсы чекке жетип калгандыгын далилдейт.** Молдолордун биздин салттарды жоюуга аракет кылып жатканы, кыргыздын кыргыздыгын жоюуга болгон түз аракети, кыргызды араб кылып кайра жасоо аракети экендигин түшүнүүбүз керек. **Бул бизди адаштырат, бөөдө убактыбызды алат, эң жаманы кыргыздын эл катары бүтүндүгүнө бүлүк салат. Ошондуктан, чындыгында, коркунуч теңирчиликтен эмес, кыргыз болуп жаралган кыргызды араб кылам деп, азуусун айга жаныган, жан-дүйнөсү эркин болуп төрөлгөн кыргызды “момун” (“кыңк этпес” кул) кылам деген телибайлардан келип жатканына жалпы эл, жаштар, ириде, кыргыз мамлекетинин бийлик шатыларында турушкан чиновниктер түшүнсө жакшы болот эле...**

“Теңирчиликтеги **Аккан Суу** жайы...
... Алты катар асманды
Жарып чыккан аккан суу
Адам менен Обону
Багып чыккан аккан суу
... Зоодон сынбай бир жери

Кулап түшкөн аккан суу
Аяк-башын үзүлтпөй,
Улап чыккан Аккан суу
... Жайык жерге барганда,
Жаркыраган аккан суу
Эңкейишке киргенде
Аркыраган аккан суу
... Жайы-кышы барабар,
Саан алган аккан суу
Асмандан булут күбүлуп
Жаан алган аккан суу

Эки миң жыл мурунку Кытай битигинде тымып калган бир духту эсил Жеңижок эми ушинтип дилинде толкутуп, чачыратып көчмөн журтка төгүп берип жатпайбы! (Ч.Айтматовдун Өтө ырчыны өтө жогору баалаганында кеп бар да – Ч.Д.). Тараза жылдыз бөлүнүп, ой тоонун баары көрүнүп, сүрүлүп жылдыз качканын, таңкы Чолпон батканын, өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап, Суудан кара буу чыгып буркурап, асмандан жылдызы качып дыркырап турган саатын туйлатып, типтирүү кармап, шыргалаң-оту менен жүрөгүңө бүркүп-бүркүп турбайбы кайран Өтө! [17, 50]

*(Курандагы Табияттын ушундай көрүнүштөрү сүрөттөлгөн жерлерди С. Алескеров Кудайдын өзүнүн сөзү деп берип жаткандыгын жогоруда келтирдик. "Зоодон сынбай бир жери, // Кулап түшкөн аккан суу" Өтө акын табияттын көрүнүшү, сапаты менен саны жана башкаларын 3D менен тартылган ишарат так берет. Ал эми адамдын жашоосу үчүн кылган кызматы жөнүндөгү санатын айтпай эле коелу: "Адам менен Обону// Багып чыккан Аккан Суу" деп, кыязы келе калганда, ушу аккан суу адамзааданын башаты болгон Адам менен Ободон да улук экендигин эчтемеден коркпой-үркпөй туруп кашкая айтат. Бул ойду мындан ары арылатсак, Адам жашоосу үчүн, табиятка көбүрөөк көз карандылыгы жөнүндөгү философия келип чыгат. Асман, жер, сууну кудай сыңары ыйык тутуу, андан алып, өз кезегинде аны сактоо вазийпасы жөнүндөгү "Манастагы", "Кожожаштагы" көз караштар келип чыгат. Эмне, Жеңижок деген ат менен кыргыздын кыйырына белгилүү болгон Өтө акын*

*совет мектебинен кат-сабатын жойду беле? Же, Жеңижоктун исламдан кабары жок беле? Жөн гана ал акындык табияты менен улуттук уңгудан, теңирчилик дүйнө таанымдан алган, аң-сезимден, аң-сезимге өтүп уланып келген байыркы баба илиминен көнүлүнө жуккан билимин төгүп жатат. Азыркы тил менен айтканда Жеңижок, Барпы, Токтогул, андан мурунку заманачы залкарлардын баары айткан дүйнө (табияттын мыйзамдары, коомдун мыйзамдары жана алардын алака-катыш мамилелери боюнча), бул баба илиминен калган остаточное знание "Знание то, что остается у человека" деп, Толстой залкар аныктагандай, улуттун өнө боюна биротоло сиңип, эч ким жууп кетире албай тургандай болуп адат-наркка айланган улуттук билим. Эми ушу улуттук билимге молдолор карапайым акыл-эске гана ченелген шариятты каршы коюп жатышат. Эгерде, молдолор курандагы илимдин сырын ачып, ошону жайылтканда мусулманчылык менен кыргызчылыктын ортосунда эч кандай ажырым болбой, каймак-майдай жуурулушуп эле жатып калмак. Бирок, анда молдолор, дегеле исламдын штаттрынын баары жем жеген акырынан кол жуушмак да, адырайып ачка отруруп калышмак. Маселенин баары мына ушунда... Ч.Д.).*

"Бая **"оозеки рух – олжобуз"** деген сөздүн бир мааниси ушерден чечилет. Куң-фу-зы (Конфуций) "баары агат... агат... өзүнүн Башатына барат" – дейт күнгүрөнүп. Лао "... О үн десең үнү жок! О түр десең түрү жок! Жапжалгыз жана өзгөргүс! Бар тарапка багыт алган – жолу ачык! Оңу дагы, Солу ачык! Түбөлүктүн түбүнө арылдайт, жок, түбү ансайын аңылдайт. Жан-жагына жайылып кеткен, жок, жайылып атып жыйылып бүткөн..." деп түбөлүктүү мыйзам – Даону (Жолду-Ч.Д.) тапкан чакта, шамалдай үнүң куулдап, шаңшыган кундуз чуулдап турган сенин шаңыңда агып турду бекен Аккан суу?

Тиктеп туруп байкасам,
Калыбынан жазбаган
Канаты бар аккан суу...

Кыргыз рухун мындан артык эч ким, эч качан айта албайт. Мындан учкул, мындан чулу жана кыска бир ирмемге жалт батырып эч бир дух жаңшай албайт. **Бул Жеңижок акын аркылуу**

**агып келген кыргыз руху.** Канчалык бири-биринен алыс качса, ошончолук утур зыргыган дух, куйрук улаш куушуп бир-бирине өткөн чындык, ар ирмеминде карама-каршысына айланып барган диалектика как ушунда кармалган! Анткени ал – Аккан Суу бир эле ирмеминде калыбын жазбай катып да турат, канатын жазып зыргып да барат. Анын шыңгыр үнүндө Теңирчиликтин түпкү чындыгын көчмөндух ээ-жаа бербей көмөкөйдөн төгүп турат. Жок, бул кокустуктан бир чыгып кеткен сап эмес, мыйзам. "Аккан суунун" абазына дил төшөп барсак, анда Даосизм философиясынын дабышы укмуштуудай кубаттуу шаалдайт. Тек, "мен шар суумун кулагыңды тундурган, кантмек элем какшаганды билбесең" дегендей, **өзүбүздү чылк ороп жашап келген Теңирчиликтин кубаттуу доошунан кулак тунуп укпай калган бизде айып**.

Лао зы Дао-Жолдун маңызына жакындаш үчүн сууга кайрылат: "Кундуу сапат суу таризде. Суу баарына жакшылык кылып атып, эч кимге каршылык кылбайт. Эч ким даабас ыплас жайга да ылгабай агат. Андыктан ал Даого окшойт. Кундуу сапатка эгедер жан, суудай мөлтүр болгону ийги; жүрөгүндө изгилик, мамиледе ысыктык, сөздө чынчылдык, калк башкарса калыстыкка ыктап, ыгына ылайык иш кылып, жагдайга жараша аракети шарт. Суу сыңары каршылыгын жакшылыгы жеңип кеткен жашоого өткөнү – пенденин Даого көчкөнү". "Таза болсоң, суудай бол" дейт кыргыз, кылычтай бир шилтеп". Өтө акын ырдайт:

Арам, адал дебеген,
Асылдансың аккан суу.
Өз башыңан күнөөнү,
Арылткансың аккан суу.
Кимге болсо макул деп,
Баш ургансың аккан суу,
Бирдей болуп баарына.
... Камчыланбай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен,
Жийиркенбей ичине,
Кырк аяктуу курт күткөн...
Арам менен адалды,
Ылгабайсың аккан суу,
Бир адамды жаман деп,

Булгабайсың аккан суу...
Кире турган жерине,
Жата турган көрүнө,
Күлүп келген аккан суу...

Даос менен Жеңижокто аккан суунун маани-маңызы бипбирдей туюлуп турушунун сыны менен сыры каякта десең чиркиндики? “Табияттын өзүндөй таза, зыянсыз, адил, анын улуу мыйзамына эрип төп жашаш үчүн, анын мыйзамын билип сыйлаш керек. Даос Аккан суудан дал ушул **Үлгүнү** көрсө” (Ч.Ө.), суу жөнүндөгү жогоруда келтирилген саптарында **Жеңижок да дал ушуну көргөнүн көрсөтүп турганы - Жеңижоктун эле эмес жалпы улуттук кыргыз адабиятынын улуу Сыры. Кыргыз адабиятынын пантеисттик адабият экендигинин улуу сыры. Ал табиятты таанып, ага баш урат. Бардык жашоону табияттан алган сымал, акылды да табияттан табат.**

Боору менен сойлогон,
Буту менен баскан да,
Асман менен учкан да
Мурду менен тынган да
Баары өзүңө келишкен [18, 52, 53, 54, 55]

АСИЛДЕНСИҢ Аккан Суу... Кыргыз адабияты дүйнөнү ушундай тааныйт. Адамдын жаралып келишине, өсүп-өнүгүшүнө, жашап кетишине табияттын мыйзамынын ролу зор экендигин билет. Аны Күндөн баштайт, анан Жер, Суу, Жолго келет. Ошондуктан, Манастын башында Күн кудайы болгондугу жөнүндөгү окумуштуулардын илимий жыйынтыктарын китебибиздин башында келтиргенбиз. Теңирчиликтин негизин түзгөн пантеисттик философия – улуттук көркөм адабиятыбыздын дагы негизин түзүп турат.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз адабиятынан философияны кантип табуу жөнүндө ойлоруңарды мисалдар менен бекемдеп жазгыла.
2. Жеңижоктун ырларында берилген табияттын көрүнүшүн, жогоруда С.Алескеровдун китебинен келтирилген: Курандагы табият боюнча берилген жерлерине салыштырып чыккыла.

**Теңирчиликтеги Жол категориясы: Баары агат...** Конфуций.

**“Жеңижок:** Байыстабай бир азга,
Өткөнүн көрчү дүйнөнүн.
Артынан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Кирген суудай шаркырап,
Акканын көрчү дүйнөнүн.
Көзүңө жылуу көрүнүп,
Жакканын көрчү дүйнөнүн.
Түгөнбөгөн МЕЗГИЛДЕН
АШКАНЫН көрчү дүйнөнүн

(**Барпы** атабыз айтат:

Айт, айт десе
Ааламды айт.
Аалам алга кадамдайт

– деп, кат таанbegan Барпы ата табияттын улуу диалектикасын мынчалык терең түшүнгөнүн айт окумуштуу болсоң-Ч.Д.).

Кайра **Жеңижок:** Кыдырсын деп ааламды,
Шамал кылган дүнүйө,
Оргон буудай өзөгүн
Саман кылган дүнүйө
Түрдөн-түргө өткөрүп,
Амал кылган дүнүйө” [19, 56].

Табиятты жашаткан мыйзамдарын түшүнүү, аны адам коомуна алып өтүү кыргыз фольклорунан ташка тамга баскандай так, түшүнүктүү, бардык тереңи жана жайыгы менен көрүнөт. Ага көңүл буруп, акырына чейин түшүнүп, окуган адам гана жок. Ошондуктан, атактуу фольклорист С.Кайыпов дайыма: элибиздин залкар мурастары өзүнүн эмдиги урпактары үчүн чоочун, түшүнүксүз болуп жатканы, өз элинин философиясы азыркы жаштарга жат болуп баратканы жөнүндө кейиш менен кеп кылып келет.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Диалектика боюнча түшүнүгүңөрдү кеңейтүүгө аракет кылгыла. Ошондо силер кудайдын касиеттерине көбүрөөк түшүнө баштайсыңар.

## Кыргыздын Кел-Кел, Кет-Кет түшүнүгүнүн теңирчилиги

"Кыргыз айтмакчы: дөөлөт – мээнет эриш-аркак жүрөт. Дөөлөт – тоголок, ал – Теңирден, мээнет жалпак ал – Жерден. Тоголок жалпакка токтойт. Дөөлөт туткасын мээнет тутат. Ошондо ырыскы кирет. Нарк, Сый менен кол кармашып ак эмгек, маңдай тер, адалдык, бакыт, таалай, теңдик, бапырап күлүп-жайнат төрүңө өтөт. Эл муну эзелтен **КЕЛ-КЕЛ** заман атаган. Калыгул олуя минтип меселдеткен:

Эрге келет бир кезек,
Эрге кезек келгенде
Эки күлүк ат байлайт,
Ага-ини бак байлайт.
Жерге келет бир кезек,
Жерге кезек келгенде
Байчечекей гүл жайнайт.
Бакка келет бир кезек,
Бакка кезек келгенде,
Башына булбул куш сайрайт.
Калкка келет бир кезек,
Калкка кезек келгенде,
Боорлошуп мактанат,
Жат душмандан сактанат.
Дөөлөттүү болуп эл конот.
Төшүн жайган адамдай
Закымдап барып оңолот!" [20, 136-137]

*Муну менен кыргыздын кылымдап жашаган жашоосунда* ***кел-кели*** *да болгондугун тастыктайт.* ***Кет-кети*** *көп болгонун айтпаса да билебиз. Мында ушул эки учтун (жакшы-жамандын) асман менен жердин бир-бири менен алакалаш мамилесинен келип чыккандыгы ("дөөлөт – теңирден, мээнет – жерден" Ч.Ө.) жана адамдын тагдырына таасир эткендиги жөнүндө түшүнүк*

*кыргыздын аң-сезиминде кандай чагылгандыгы фольклордук чыгармалардан көрүнүп турганында. Ал кандайдыр бир өзүнүн мыйзамдары менен жашайт, ал келгенин баамдаган гана билет. Бул табияттын сырын түшүнүү, же, Ч.Өмүралиевдин тили менен айтканда, жаратылышка төнүү ("Табияттын өзүндөй таза, зыянсыз, адил, анын улуу мыйзамына эрип төп жашаш үчүн, анын мыйзамын билип сыйлаш керек"). Же, куранда табияттын мыйздамдары жөнүндө сөз болбойбу? Жок болот. Аны жогоруда С.Алескеровдун текстинен келтирген үзүндүлөр тастыктап турат. Айткыбыз келгени, ал көркөмдүгү жана илимийлиги боюнча Жеңижоктун саптарынан ашык эмес, кем да эмес. Анда да, мында да гениалдуулук бар. Жана дал ушу көрүнүш - кыргыз адабияты, маданияты, философиясынын мусулманчылык философиясынан айырмасын айкындайт. Кыргыз фольклорунда, кечке башын жерге ургулап кудайга жалынып-жалбарууну, андан коркуп, бурчка тыгылууну көкөлөтүү жок. Кайсы бир пайгамбарды сыйынуунун предметине айлантуу жок, молдолордун тили менен айтканда "ширк" жок. Тек гана,* ***Табияттын улуу сырын түшүнүүгө, аны кабыл алууга, эмне кылсаң да анын андан башкача болбой тургандыгына ынанууга гана чакырык бар.*** *Теңирчилик бул суперфизика кыскартып айтканда. Бул эзелтеден бери бузулбай келаткан табият менен адамдын ортосундагы алака-катыштын сыры жана теңирчилик ишеними. Ал ишеним табиятка багытталган. Табияттын ички мыйзамдарына багытталган. Ал ички мыйзам адамда да бар жана дал ошондой эле мыйзамдар менен иштейт, ошондуктан, ал табият мыйзамдары менен алакага келет. Кыргыздын ырлары менен сырларынын ичинде ушу өтмө катар диалектика катылган, ушу мамилени бузбай сактоого чакырык, кыргыздын адеп-ахлагынын башатында турат. Андан тайыган адамды ким болсо да аябай тургандыгы "Манас" эпосу Манастын, "Кожожаш" эпосу Кожожаштын өлүмү менен аяктагандыгынан көрүнөт. Теңирчиликте семиттик диндердеги (биринчи кезекте исламдагы) индульгенция деген түшүнүк жок. Күнөө кылган жазасын алат. Табият адамды өзү жалгайт жана өзү жазалайт. Ага (теңирчиликке) адамдык акыл жана пендечилик кумарлар аралашпагандыктан ушундай. Ал таза бойдон. Жана дал ушу дүйнө тааным кыргызга тиешелүү бардык нерселерде*

*чагылдырылат. Ал ушу, молдолор “болбогон бир көз караш” деп, маани бербей, оңой гана четке сүрүп салгысы келген кыргыздын жан-тенинен орун алган теңирчилик деген болот. Баарыдан мурда теңирчилик “Манас” эпосунун тулкусуна төнгөн. Аны жок кылуу үчүн кыргызды жок кылуу керек. Ошондуктан, молдолор “Манас мусулман болгон” деген обу жок абсурдизмди айтып жүрүшөт. Кыргызды мусулман кылуу үчүн, оболу Манасты мусулман кылуу керек. Ушуну менен алар кыргыздын ким экендигин, тарыхы, руханый дүйнөсүнүн таржымалы кайсы жактан башат алып, кай жакты көздөй агарын билбегендигин эмес, аны билип туруп атайлап карасанатайлык кылып жаткандарын тастыктап келишет. Анткени, алардын мында өмүрдүк кызыкчылыгы бар. Аларды оокат кылдырган ошол ислам дини. Аларды ээрчигендер* көбөйгөн *сайын кыргызга* ***кет-кет заман*** *жакындайт.*

*Бул жөнүндө Ч.Өмүралиев агабыз төмөнкүчө саймедирейт:* “Кет-Кет” заман эки түрдүү Жол менен келет. Биринде ичтен иритип келет. Экинчисинде сырттан курутуп кирет. Же эмкиче айтканда объективдүү, субъективдүү шарттары бар. Оболу субъективдүү жагын айталы. Анын башаты эң эле ириде калк өзүнүн **Улуу Сөзүн унутканда башталат**. Улуу сөз, ал – калктын бүткүл руханын камтыган казына. Аны алып жүргөн – Даанышман. Улуу Сөздүн, Ыйык Салттын касиеттүү кароол дөбөсү.

Эл бастау киын эмес,
Казатын жерден көл табылады.
Кол бастау киын эмес,
Шабатын жерден эл табылады,

Шаршы топта Сөз бастаудан киынды көргем жок, - деп Учтан-Түпкө келген Улуу Сөздү жалгап турган Даанышман ордун нускаган байыркы көчмөн чындыгы Букар жырау үнүндө бизге жетип турбайбы. **Ошол жылдызду Кароол Дөбөдөн тирөөчтөй туруп төбөдөгү Асманды, таман алдындагы Жерди караганды унутканда калктын көзү көр тартат, кулагы кер тартат. Улуу Сөздү укпай баштайт, Ыйык Салтты тепсей баштайт. Ырысын көтөрө албай баштайт. Теңир адамдан талаптаган Нарктуулуктун беш принцибин, жана “Сый” мамилесин золтайт. Пейил кирдейт, пейили кирдегенге Теңир кирдейт. Дөөлөт ташын, мээнет ташы басканга өтөт.**

*Жакшыга дөөлөт келгенде,*
*Бой көтөрбөй пас болот.*
*Жаманга дөөлөт келгенде,*
*Көтөрө албай мас болот.*
*Күнүгө жаңжал чыгарып,*
*Катыны менен кас болот.*
*Пайдалуу иши аз болот.*
*Ыргытсаң алыс таш кетет.*
*Пейли,кеткен,пенденин,*
*Казанынан аш кетет.*
*Эстүү адам эсирбейт.*
*Чечендиктин белгиси,*
*Кезектүү сөздү кетирбейт.*
*Жаманга оомат келгенде,*
*Кекээр сүйлөп кесирлейт* -

деп калкта кесирлик, текеберлик башталат. "Теңир текеберликти сүйбөйт", "дүйнөдө кесир жаман" деген осуят тепсендиде калат" (21,138-139). Ушул осуяттарды курандагы "*бут кийимди биринчи оң жагын кийүү керек, чечкенде сол жакты биринчи чечүү керек; эгерде сүткө чымын түшүп калса, аны стакандын түбүнө чейин малуу керек, анткени, анын бир канатында оору болсо, экинчи канатында шыпаа болот; ташты тешиктен атпоо керек, себеби, адамдын көзүн чыгара атышың мүмкүн; эгерде согуштан качып келген адам аялы менен жатпаган болсо, аны Аллах кечирет; эгерде, аялы күйөөсү суранган кезде аны менен жатпай койсо, ошол аялдыы таң атканча периштелер каргап чыгат; тамакты жеп бүткөндөн кийин адам колун өзү жалаш керек, болбосо башкаларга жалатуу керек ж.б.у.с.*" *деген, Мухаммед пайгамбардын насааттары менен салыштырып көрчү. Абдан ойлонуп көрчү кыргызым, анан түшүнөөрсүң, кайдан, кай жакты көздөй шүдүңгүттөнүп жатканыңды.* **"... табигый кыртышыңдан бутуңду тайытып, такыр жат таалим-тартипти, эрежени төбөңдөн мыктай кагып киргизип, таңуулап, Ата Салтыңдын дээриңден тыйпыл өчүрүшкө, тыкыр ассимиляциялашка бет бурса Кет-Кет замандын кейиштүү акыры эмне менен бүтөрү белгилүү да"** [22, 143].

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыздын Кел-Кел, Кет-Кет деген заман түшүнүктөрү боюнча ой жүгүртүп, өз элиңердин башынан өткөн ушундай доорлору боюнча эсселерди жазгыла.

## Манастын ыйыктыгы эмнеде?

"Биз Манасыбызды ыйык тутабыз да, эмнеге ыйык тутаарыбызды өзүбүз түшүнбөйбүз" дейт, коомдук ишмер М.Абылов. Ал эми Ч.Өмүралиев Манастын ыйыктыгынын сырын төмөндөгүдөй чечмелейт: "Манас каандын салты ушул; журту жайыл жатканда ал энөө Айкөл, **журт башына кооп тууса чегин коруп күркүрөгөн кабылан! Журт башына түн коркунуч туулса – Жер-Көк ортосун кызыл кыян өрттөп аркыраган ажыдаар!!!** Салттын, Нарктын Теңирге байланышкан тереңги күчү, универсал руху ушунда. Дүнүйө-Дао философиясынын улуу азбас-тозбос диалектикалык ыкмасынын алтын ачкычын колго алып, Каан Манастын Оң-Солдун кош кулагын чыңыртып кармап турганында. Ошондуктан Ыйык Салттын, Нарктын Жолун билген чыныгы кан Кет-Кеттин себебин аңдайт, тамырын кармайт. Кай учурда не иштешти калк атынан ылгабай тандайт. Мамлекетти башкарганда "недеяние" – "сабыр, айкөл" принцип аркылуу эле эмес, шартка ылайык" "деяние через недеяние" – же Айкөлдүктүн ичине буккан Сырттан Духту ойготуп күркүрөтүп-шаркыратып баштап чыгып да калкты ээрчитет" (19, 144).

*Азыркы коркунуч - жогорудагы улуттун урку боюндагы **күркүрөгөн күчтү** молдолордун башка багытка бурмалоо аракетин кылып жаткандыгында. **Кыргыз фанат, бул өтө коркунучтуу фанат.** 2010-жылкы революциядан кийин "Не разбуди в меня кыргыза" деген жазуусу менен футболкалар пайда болгону эсиңердеби? Анткени, кыргызда Манастын боюндагы күч али бар, манастык самоактуализация дагы эле бар. Ал өнө боюнда уктап жаткан жапан күчтү керек учурунда чыгарбай койбой тургандыгын жакынкы эле тарыхта көп жолу көрдүк. Ошол күч, ошол өзүн-өзү тынымсыз актуалдаштыруу адаты элди эл кылып кылымдарга сактап келген. Эми ошол күч Мухаммеддин кээри кетип, тарпы чыккан осуяттарын (мыктыларын эмес), Мухаммеддин атынан кеткен кимдики экендиги белгисиз*

*хадистерди дагы кыйшаюсуз аткарууга жана сактоого жана аны башкалардан талап кылууга бурулуп жатат. Буга кыргыз жаштарынын 90-95 пайызы тартылып жактандыгы өтө коркунучтуу. Бул, акыры эч ким жок кыла албаган кыргызды, кыргыз өзү жок кылууга алып келаткан өтө коркунучтуу жол. Анткени, дагы бир жолу кайталайм:* ***Кыргыз - фанат, бул өтө коркунучтуу фанат.***

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Диний фанатчылык, анын жарамсыз жактары жөнүндө ой жүгүрткүлө.
2. "Кыргыз фанат, эң коркунучтуу фанат" деген автордук ойго пикириңерди билдиргиле.

**Нарктуулук, салттуулук - теңирчиликтин өзөгү**

"Теңирчиликтин бир өзөктүү салаасы – **Улуу Нарк, Ыйык Салт** жайындагы кепти жыйып баратканда, кылчая берип айтаар кеп бул: Нарк, Салт баяндан байкалгандай ал баарыдан мурда чоң философиялык системдин боюнда, бар мамиленин тогошкон чогунда ийрилип өзөгү тутумдаш турган өзүнчө эле бир универсалдуу, баарын тескээр нравалык – этикалык – философиялык категорияга айланган экен. Көчмөндөрдүн бүткүл этикалык маданиятынын мөлтүр көзү ушул Алтын Уюлда айланат. **Салтты сактоо, Наркты кармоо түбүндө неге мынча аша зарыл? Анткени, Асман-Жер арасында тендешсиз жаралган жан катары Киши уулунун башкы вазийфаты – Теңир алдында теңирдей калыс, идеалдуу ыраат-тартип орнотуу.** Бул үчүн ал иралдыда өзүнүн будуң-чаң руханын Теңир Эркине ылайык тартипке салат. Анан үй ичине тартип орнотот. Анан үйдүн үлгүсүндө коомдо, мамлекетте тартип орнотот. Анан жалпы Теңир алдында тартип орнотууга умтулат. Куң-фу зынын "өз үйүн башкара билген – мамлекетти башкарат" дегени, кыргыздын "үй башкарган – эл башкарат" деген ошо. "Салт жолу улук" деген накыл кеп ошон үчүн улуу, ыйык. "Салт бузаар" деген каргыш ошон үчүн жаасы катуу.

Көчмөн Теңиртаанымын Куң Фу зы илимине эриш аркак айта баруунун зарылдыгы мында болду: көрсө бу күнгө дейре бүт дүйнө

синологдору биригип үйрөнүп бүтө алышпай чарчаган, ушунча кылым кытай калкын бир оодарылтпай, чайпалтпай сактап келаткан (“Кытай бузулса-кылым бузулат”) феномен-нравалык философиялык чыӊ кыртыш түгөлү менен көчмөндөрдүн күндөлүк тирлигинде, адебинде, санаасында тунуп жатыптыр. Куӊ Фу зынын дегени – айтканы түгөл бойдон кыргыз накылдарында, накылын кой, төгүп ырдаган санат-үлгү ырларында, ырларын кой күндөлүк тирилигинде өзүн коштоп, колдонуп, урунуп жашап жүргөн көндүм эрежеге айланган экен. Кытай кымбат баа жибегин саймалап сактап мурастаган наркты көчмөндөр жан дүйнөсүнүн өзүндө, жашоо көйүнүн көзүндө сактап келиптир. Бая саналган: адат, салт, намыс, каада, нарк, дээр, адилдик, адамгерчилик, жол-жосун ж.б.ж.б. адептик түшүнүктөрдүн баары теӊ тек жалаӊкат маани эмес, жанары ичинде жалындаган, ар биринин өзүнүн жолу, ыраатты, тартиби бар, ар бири өз-өзүнчө тереӊ, функциясы ар кыл, бай нравалык-философиялык категориялар экен. Баары айланып келип элдин наркын, мамлекет наркын, адам наркын мүнөздөгөн көрүнүш экен. Азыркылар кийиктей кууган модалуу сөз менен айтканда “улуттук менталитет” дегениӊдин эмне, бир танабы ушунда тунбайт бекен?!

Ирмегендин баарысы,
Канат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы,
Санат болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы
Адат болот турбайбы –

дейт Калыгул олуянын тили менен байыркы кыргыз дили. **Ушул жумгак сап кыргыздын руханий дүйнөсү бүт, кылт эткен иши түгөл теңирчиликти ээрчирин нускап турат.** Бирок муну дагы деле карандай акыл, мораль, кургак дидактика санап жүргөндөр көп. Не месел, не санат, накыл, үлгү ыр, терме, насаат ж.б.болобу эӊ түбүндө эмне жатканын, аткараар негизги озуйпасы эмнеде болгонун тетигиндей ыргытып салып, фольклор деп өгөйсүнтүп, ириде андан поэзия, эмоция д.у.с. көркөмдүктү бышыксынып талап кылып туруп алган сынчылыгыбыз бар. Толубай сынчыдан, Санчы сынчыдан, Айман сынчыдан, Асанкайгы, Калыгул олуядан... Акыйкатта накыл-санат да, салт-адат да бирөөнү ичтен сүйөп,

бирөөнү сырттан жөлөп, кушканаттай чогуу ирмелип, көчмөн журтту теңирчилик философиясынын Көк айдыңында көкөлөтүп кармап турган бөлүнбөс ажырагыс, бирин-бири толуктаган, бирин-бири сүрөгөн домбуранын кош кылындай жанаша зыргып бир маани айткан керемет чулу биримдик экен-ов! Боюнда болсо оюнда болот, оюнда болсо боюна толот. Турмушунда болсо ырына чыгат, ырында болсо сынына чыгат. Ичи-тышы бир экен! Ал турмак салт (этика)-санаа(т) (эстетика) деп чулу аталышынын өзүндө да ушул биримдик катылып калыптыр. Анын баш озуйпасы ошол экен, анан барып калганы. Же эмкиче айтканда этика менен эстетиканын далдыгы – калк философиясынын системага айлангандыгынын кашкайган да бир далили. Ушинтип **кыргыздын кылганы-айтканы бүт эле түпкүлүктүү Улуу Мыйзамга багындырылган** экен. Буга көзү жеткен, көзү эле жетпей жетекчиликке алып жашаган жан, жан эле эмес бүтүндөй ордолуу калк түбүндө нарктуу эмей эмне?!” [23, 145-146-147-б.].

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн Ч.Өмүралиев теңирчилик менен конфуцианствону дайыма биримдикте карайт. Анын мындай көз караштары сени ынандырдыбы?

**“Аңкайсаң асман, эңкейсең жер” же, теңирчиликтеги жуптуулук принциби...**

*“Адам качан адам боло баштаган” – деген классикалык суроого, “Адам айлана тегерегин аңдай баштаганда Адам боло баштаган” деген классикалык жооп бар. Адам адегенде эле Асман жөнүндө ойлоно баштаптыр. Ошондуктан, алгачкы философтордун баары астрономдор болушуптур.*

*Асман-Жер, Оң-Сол, Эркек-Ургаачы, Ысык-Суук, Ак-Кара (Ин-Йаң) – дүйнө ушундай жуптардан тураарын, ар кимиси ар башкача тил менен Батыш-Чыгыш философтору тең айтышкан.* “Ааламдын пайда болушу жөнүндө “Хуайнан зы” китебинде (б.д.ч. II кылым) оболу-оболу Асман жокто, Жер жокто, Дүнүйө жарала электе тунжураган ыраң-түзсүз хаос гана бар эле делет. Акырындап ошол ымырттан Ин жана Йаң туулат да Дүйнөнү ырааттап баштайт. Соңунда экөө эки бөлүнүп бири Йаң Көккө калкып бийик, жарык

күчкө айланат, Теңирди бийлейт. Экинчиси Ин паска тунуп ымырт, күүгүм күчкө айланат, Жерди бийлейт. Төрт тарап, Сегиз багыт ажырайт (Чыгыш-Батыш, Түндүк-Түштүк жана алардын арасы). Дүнүйө ушинтип жаралат. Кытай философиясы ошол оболку мейкинди Ци башат деп атайт. Ци өзүнө кайнап жуурулуп атып оор тунмасы ургаачы бүртүктү (инци) жаратат, жеңил буусу калкып эр бүртүктү (йаңци) жаратат. Экөөнүн алакасынан Бешбашат-суу, от, жыгач, темир жана жер жаралат. Жашоо ошондон таралат.

Кыргыздын тээ исламдан канча мурунку ататаанымы: “илгери, илгери Бок каймактаган заманда...” деп башталаар эле. “Жер боктон жаралган” деп коюшчу.

Бүгүн көргөн Эртең жок,
Ушундай экен Дүйнө-бок” –

деп Манаста ар кадамында ырдайт. ... **ушулардын түбүндө “суф-ф” деп жарата салган Жер эмес, акырын каймактап түзүлүп жаткан Жер элеси жатпайбы?”** [24, 150-151]. *Мына ушу теңирчилик. Теңирчилик жаратылыштын өзүндө жаткан, али бери чыкпаган суперфизика, бирок, өзүнүн бар экендигин адамзатка дайыма эстетип турган, дайыма белгилерди жөнөтүп турган философия. Ошондуктан, ал, көп элдердин жашоосун негиздеген философиясына айланган, баарынан мурда түрктөрдүкүнө. “Тенгри”, “Диңгир” деген детерминатив үчүн Чыгыштын дөө-шаа падышалары жанын берген. Ал эми кыргыздар болсо эң байыркы заманда өзүнүн Манасын кенебей туруп “Теңир кут” деп аташканын (“Теңир кут Манас теңирсип// Ааламга батпай кенирсип”), байыркы кытай булактарынан белгилүү. Анан ушундай даңктуу руханый тарыхын түрктөр акырындык менен унута баштаган, аны исламга алмаштыра баштагандыгы бүгүнкү түрктөрдүн түрүнөн белгилүү. Теңирчилик дининин, философиясынын акыркы турагы болгон кыргыз-казактардын (тияктагы монголдорду эсепке албаганда) жан-дүйнөсүнөн да аны айдап чыгуу аракети катуу жүрүп жаткандыгы жөнүндө: азыркы айтылып жаткан бардык кеп, бардык сөз. Анткени, бул китеп ушу темага:* ***теңирчиликти реабилитациялоого*** *(аны каралап салган молдолордун сөзүнө ишенип алышкан журтчулуктун көзүнө) арналган.*

Кайрадан Чоюн акенин теңирчилик жөнүндөгү ИКАЯСЫНА кайрылсак: “... Эми **ТЕҢдин маанисине келсек. Теңирчилик философиясы түгөлү менен ушунда уюп турат!** Ырларын, макал-лакабын кай жеринен чапчып кармаба калтардай жарк этип байтүбүндө ТЕҢдөө, ТЕҢчилик идеясы жатканы таң калтырат! Жер менен Көктүн, Уч менен Түптүн ТЕҢ салмагын мезгөө, Алтын Ордосунда айлануу, карама-каршы Эки Чектин гармониясын табуу, кыскасы Эки Уюлдун бир биринде уламал жаткан уңгусун кармоо идеясы жатат. УЛАМАЛ! Же, муну соңкулар “диалектика” атап салышкан.

*ТЕҢдик менен Диалектика уюп турган кыргыз макал-лакаптары жана аавалкы акындардан калган макал-лакапка тете ыр саптары*:

Улук болсоң, кичик бол.
Бийик болсоң, жапыз бол.
Улууга урмат, кичүүгө ызат.
Карыдан уят кайтса, жаштан ыйман кайтат.
Тең тууганды н жаманы болгончо, ак буудайдын саманы бол.
Жакшы кушка жаман куш, бабы менен теңелет.
Жакшы кызга жаман кыз, багы менен теңелет.
Байдан май чыкса, кедейден туз чыгат.

Бай союуга козу таппай, жардынын жалгыз козусун сураптыр”

*Теңдик бузулган, же, тең салмактык жоголгон учурлар жөнүндөгү айтымдар:*

“Төөнүн эки өркөчүнүн бирин кессе, экинчисинин күчү жоголот.

Тоту куш башын көрүп кубанат, бутун көрүп арданат

(Башың булут челип, көзүң челдеп бараткан да мүлкүйгөн бутуңду эсте, сабыр тут. Бутуңу көрүп, жети өмүрүң жерге кирип барсаң эгер, эргип серпил, таажылуу башың кадыр тут).

Жалгыз болсоң, чогоол бол,
Көп жанынан түңүлсүн.
Жарды болсоң кооз бол,
Бай малынан түңүлсүн.
Акчалуу мөөр үстүндө.
Акчасыз көр үстүндө.
Жакасы жок тон болбойт.

Жабуусу жок үй болбойт.

Ага-инисиз эл болбой.

Жакшыдан башчы койсоң, эл түзөтөөр,

Жамандан башчы койсоң эл жүдөтөөр.

Жалгызга жылдыз жолдош (Жалгыз эмессин, Асмандан болсо да эш тутаар ТЕҢиң табылаар дегени).

Бир атка эки жүгөн катылбайт.

Эки тал башын кармаган суугa кетет.

Баланын тентек болмогу үйүнөн,

Эрдин тентек болмогу – бийинен.

Эңкейгенге эңкейгин, атаңдан калган кул эмес.

Какайганга какайгын, падышанын уулу эмес.

Иттин ээси болсо, бөрүнүн теңири бар.

Аткан ок таштан кайтпайт,

Элчи кандан тилин тартпайт.

Анткени, "Элчиге өлүм жок".

Доогер суз болсо, казы митайым болот" (доочу болсоң бошоң болбо – деген насаат).

Жоктун бир арманы бар.

Бардын миң арманы бар".

Бул айтылгандар ТЕҢ менен ТЕҢ эместиктин сырт жагы. Эми ТЕҢдин ички мизи кандай болот: Кыргызда:

Кем болбо балам, телегейиң тегиз болсун – деген бата бар. (Телегейи тең пенде (эгер кадырын билсе) турмуштун бардык шарт-жагдайында ага ачык, зили ток, дили жайдары. Кысынбай баарын кабылдайт. Демек болуп эле турат. Толуп эле турат, төгүлүп турат... Андыктан: "Кемиген – кемийт, жазылган - жайылат". "Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт").

Кеңге өтө алсаң ТЕҢ болоорсуң.

Кең дүйнө менен Жан дүйнө жалгаш.

Ушундай. Калк таанымынын кайсы гана салаасын алба ТЕҢчилик – Теңирчилик идеясы ушунча терең тамырлап калганы чексиз... чексиз... таң калтырат! "Теңир Жолу – керилген Жаа! Жогор учу төмөндөсө канчалык, төмөн учу жогорлогон шончалык! Ал Ашыктын ашыгын алат да, Кемдин кемин бүтөйт. Байдын байлыгын алат да, Кедейдин кемин түзөйт" [25, 81-82-83].

*Кыргыз дүйнө таанымы ушундай: ал Адамга эч убакта үмүтсуз калууга, үмүтсүздүктөн өлүүгө жол бербейт. Караңгынын артынан жарык келери жөнүндөгү идеясы Адамга кыйынчылыктарды басып өтүүгө жол берсе, Жарыктын арты сөзсүз караңгылык экендиги ("Айдын он беши жарык, он беши караңгы") жөнүндөгү философиясы Адамды пенделик кылып эсирип кетпешке үндөйт. Кыргыздын кыялы чексиз дүйнөсү, жакшылыктардан эч убакта үмүт үзүүгө болбой тургандыгына чакырган философиясы - аны ар кандай алааматтардан аман-эсен өткөрүп, элди эл катары жоголбой, сакталып келүүсүн шарттаган. Ал Жолдун канчалык татаал, канчалык кыйын болгондугунан кабар берчү табериктер "Манас" эпосу менен кыргыздын кара күүлөрү. Молдолордун Манасты мусулман кылып, күүлөрдү укпоого таштаган чакырыктары, кыргыздан араб жасоого болгон гана аракет. Башка жаштар менен катар комузчу Дүйшөнбек уулу Закирбек да исламдын фанатына айланып бараткан бир учурунда берген интервьюсунда: "комузду таштайм, күү жүрөктү карайтат" деп айтканы бар. Андан бери он чакты жылдар өттү, бирок, Закирбек дагы эле комузун колунан түшүрө элек. Кыязы, комуз таяк эмес окшойт, бир шилтеп шарт ыргытып жибере турган. Ал эми орустун фантаст жазуучусу жана илимпоз Переслегиндин "Исламда фантазия жок, ал эми фантазиясыз элдердин келечеги жок" деп айтканы бар экендигин эскердик. Арабдарды балким фантазиясы жок болсо да нефтиси сактап келаткандыр, ал эми кыргыздар болсо "Манасы" менен күүлөрүнүн, нарк-нуска, каада-салттарынын аркасында гана сакталып келатканы бышык. Бирок, биздин эл катары сакталып келатканыбыздагы булардын ролун көпчүлүк эл баамдабайт деле, ошондуктан, аяк-башын карабай мусулманчылыкка берилип, "мен ириде мусулманмын, андан кийин гана кыргызмын" дегенге чейин жетип жатышат. Ал эми кыргыз-кыргыз болгондо исламдын аты-жыты да болбогонун эстешпейт. Бул текстти жазып жатканда комузчу Закирбектин интервьюларын дагы бир сыйра уктум: "Токтогул атабыз "Тогуз кайрыкты" чертип бүткүчө таң атып кетчү экен, койдун эти, тайдын эти бышчу экен" деп сүйлөп жатат. Кыязы, кыскартып чертсе койдун эти бышып, узартып толук чертсе, таң атып кетчү сыяктанат. Демек, байыртадан*

*комуз убакыт өткөрчү эрмек эмес, комуз аркылуу элдин башынан өткөргөн тарыхы таржымаланып келген. Анан кантип, "комузду укпа, жүрөгүңдү карайтат" деген сөз, кыргыздын душманынын сөзү экендигин билдирбейт.*

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз адабиятындагы Диалектиканын ордуна көңүл бур.

## Кыргыз кантип эл болуп түзүлгөн?

Жакын арада туугандар менен Сары-Челекке бардык. Жолдо жалаң эле тоолор-адырлар, Түзөң жерлер дегеле көзгө чалынбайт. Эл да көрүнбөйт. Ч.Айтматов жазгандай: "... томолок баш адам ой ойлобой тура албайт" эмеспи. Ошондо жолдо келатып ойлодум: кыргыздар ушинтип бири-биринен алыста, тоо-таштын арасында жалгыздап жашап жүрүп, анан кантип өзүнүн бирдиктүү тилин, каада-салтын, маданиятын, жалпы элдик окшош дүйнө таанымын (этностук иденттүүлүгүн) калыптандырды экен, баш-аягына көз жеткис эбегейсиз зор фольклорун кантип жаратты экен? - деп. Байыркы бабасынын кылганына, азыркы урпактарынын акылы жетпей, табышмагын жандыра албай башы маң болгон эл дүйнөдө саналуу эле болсо керек (бул тарыхынын көп жерлери белгисиз болгондон улам келип чыгат да). Мага окшоп, "кантип кыргыз өзүнчө эл болуп уюшулган" деген суроого көптөгөн окумуштуулар баш катырып келет. Алардын бири, философ Жумагул Сааданбеков өзүнүн "Манас" эпосунун философиясы" аттуу эмгегинде суроо коёт: "... кантсе дагы кыргыздын өзгөчө этникалык топ катары жашоосу качан башталган? Анын консолидациясы жана кеңейиш процесси кандайча жүргөн? Ар кайсы уруулар менен уруктар кантип чогулуп, кантип бир элге айланган?" [23, 153]. Андан ары физик окумуштуу жана мамлекеттик ишмер А.Акаевдин төмөндөгү сөзүн келтирет: А.Акаев суроо коёт: "Пассионардык энергия кайдан алынат жана ушундай энергиялуу этностун (бир максатка жетүүгө бардык ички күчүн багыттай алган) пайда болуу механизми кандай? Жана өзүнө-өзү абдан оригиналдуу жана илимий жооп берет: лазерди алуу жана аны практикада колдонуу проблемаларын изилдөөгө көп жылдарын короткон физик катары, энергиянын топтолуу проблемасы мага абдан жакшы белгилүү. Лазерлер менен этностордун, энергетика топтоонун объектиси катары кайсы бир

деңгээлде окшоштуктары бар. Мындай энергия топтоонун натыйжасында, анда да (лазердин жаралышында-Ч.Д.), мында да (этностун жаралышында-Ч.Д.), алгачкы хаостон жаңы иреттүү абал келип чыгат: лазерде – когеренттүү нурлануу, этносто –адамдык эрктердин иреттүү чогундусу. Когеренттүү лазердик нурлардын агымын абдан чоң күчкө келтирип туруп, аны пайдалуу иштерди аткарууга багыттаса болот. Тарыхтын белгилүү этаптарында анын жүрүшүнө таасирин тийгизген пассионардык энергия болорун Л.Гумилев көптөгөн мисалдар менен ачып берген"[10] (ошондо).

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Этностун жаралышын физиканын лазердик күчтүн топтолуу жолу менен салыштырып караган академик Аскар Акаевдин теориясына көңүл бур.

**Эми салт жана анын ыйыктыгы жөнүндө.** Муундан муунга өткөрүлүп келаткан салттын сакралдуулугун сактабаган адамдын (ошондой эле элдин, мамлекеттин) акыры кырсыкка кабылаарынын табышмагы - бардык нерседе: жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгү бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Салттардын сакралдуулугунун сыры – аларда табияттын мыйзамдары катылгандыгында. Аны дайыма бузуп отурган адам, же эл, сөзсүз катастрофага учурайт. Мисалы, улуу түрк каганатынын жок болуп кеткендигин байыркы кытай башкаруучусу, түрктөрдүн өз ата-бабаларынын салтына чыккынчылык кылып, өлгөн адамдын сөөгүн өрттөбөй, жерге көмүүгө өткөндүгүнөн улам болду деп чечмелеген. Ошентип түпкүлүгүндө, жеке адамдын же, бүтүндөй бир улуттун бактылуу же шордуу болуусу - өзүнүн өткөнүнө карата мамилесине байланыштуу боло тургандыгын, биз, азыркы кыргыздар, кыязы, көз жаздымда калтырып койгондойбуз. Мисалы, Кыргыз эл жазуучусу К.Акматов "Архат" романында: эгемендүүлүк алгандан кийин кыргыздардын башына түшкөн кыйынчылыкты, элдин өзүн-өзү таанызбай, барктабай калгандыгы менен тыгыз байланышта караган... Ал эми дагы бир кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматов өзүнүн "Ак кеме" жана "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттеринде

[10] Пассионарность – означает сверхэнергичность. Пассионарный – это человек, наделённый избыточный энергией, импульс которой превышает

кыргыздар менен нивкилердин өз салттарына карата мамилелерин салыштырган - улуттук сакралдуулук сакталган нивкилерде – деңиз бетинде ошончо алааматтан Кириск аман калат. Ал эми уруулук сакралды жерип, адамдарды эшигин сагалатып жалдыраткан жамандыкты башкы мүдөө кылып алган Орозкул зөөкүр доминанттуулук кылган кыргыз коомунда, тирүү калууга мүмкүнчүлүктөр мол жер үстүндө эле Бала трагедиялуу курман болот. Орус жазуучусу, кыпчак Мурат Аджиев орус элинин келечек тагдырына карата бекеринен төмөнкүдөй сар-санаага түшкөн эмес: “Өзүн жана өз тамырын билбөө (демек өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн билбөө), орус элин абдан аянычтуу тагдырга алып келди: эң бай өлкөдө, азыр эң кедей адамдар жашап жатышат. XVII кылымдан бери реформа жүргүзүп келишет, адамдардын эс тутумун өзгөртүп жатышат. Акыл-эси жайында адам бул реформалардын маанисин түшүнүшү мүмкүн эмес, ошого карабай өткөрүп жатышат. Ал эми ар бир реформадан кийин мурдагыдан беш-бетер жаман болуп жаткандыгын, сокур гана көрбөй калышы мүмкүн... Жыйынтыгында, канча жылдан бери өлүмдүн саны төрөлүүдөн (орус улутунун өкүлдөрүнүн) көп боюнча калып келет. Эли өлүп жоголуп бараткан өлкөнүн келечеги кандай болорун түшүндүрүп отуруштун кереги барбы?

Карамзин, Соловьев, Рыбаковдор тарыхый эмгектерин иезуиттер түзгөн модель боюнча жазышкан, бирок бул маалыматты билгендер өтө аз”[11]...

*СУРООЛОР:*

1. *Эмне үчүн салт ыйык деп эсептелип келген?*
2. *Ч.Айтматов Кирискинин тирүү калышынын, ал эми Баланын өлүшүнүн себептери эмнеде деп көрсөткөн?*

**Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес**

Ар бир эл топуктуулукка басым жасап, тооба келтиргенди эстеринен чыгарбоону кийинки муунуна сабак кылып калтыруунун ар түрдүү айла-амалдарын жасашкан. Алардын көбү салт катары берилген. Кыргыз элинде мисалы, ушул маселелерге байланыштуу көптөгөн макал-лакап-жомоктор калыптанган: “Ашык дөөлөт баш

---

[11] Муратов А. Сага о великой степи.

жарат”, “Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес”, “Бай мактанса бир жуттук” “Канаат карын тойгузат” ж.б., ж.б. Ошондой эле кыргыздын элдик жомокторунда дүнүйөгө берилип алган байлардын психологиясы кандай болуп калары мыкты ачылып берилген: “Карынбай”, “Сарыбай” – сыяктуу аталышы ар түрдүү, бирок, маңызы – бир, дүнүйөгө берилип алгандык: адамгерчилик, адамдык нарк – деген сыяктуу коомго адамды адам кылып көрсөтүп турчу асыл сапаттардан кол жуудуруп, алар жөнүндө ойлоно албай кала турган деңгээлге жеткирээрин  көрсөткөн. Бул жомоктордун аягы дайыма, байлардын байлыгы башкаларды эмес, анын өзүн да сактабай “жер жутуп” жок болгондугу менен аяктайт. “Эр Төштүк” эпосунда Төштүктүн атасы Элеман дүйнөкөр адам экендигин билген желмогуз кемпир, калдайган өпкө болуп Элемандын көз алдында сууга агып калат эмеспи. Өпкөнү көрүп Элеман “Маңгыт, Даңгыт иттеримди бекер өпкөгө бир тойгузуп калайын” деген ниет менен өпкөнү суудан алып чыгат. Өпкө жээкке чыгары менен желмогуз кемпирге айланып, Элемандын желкесине минип алып: “”Оо дегенде оозунан// Өжөк-өжөк кан кетирип”  кыйнап, Төштүктүн жаны катылган өгөөнү алмайынча Элемандын желкесинен түшпөй коет. Ошентип, жылдап-жылдап, Төштүктүн “жер алдына бир түшүп, жер үстүнө бир чыгып” тарткан азаптарынын башкы себеби, атасы Элеман байдын, эң арзыбаган, түккө турбаган бир өпкөгө азгырылгандыгынан улам болгондугун көрсөтүү менен дүйнөгө арааны ачылгандык – акыры түбү катастрофага алып келбей койбой тургандыгын көрсөткөн. Адамды мындай алааматка – жан дүйнөсүнүн көңдөйлөнүп, адамзат иштеп чыккан акыл-ой берметтерине ал жерде (ошол адамдын жан дүйнөсүндө) орун калбай, жалаң гана дүйнө-мүлктү көбөйтүү айла-амалдары толуп ала тургандыгы жана так ошолор, аны бир күнү чалып жыга тургандыгын, өзүнүн мал-жаны жерге-сууга батпаган Элеманды бир эле өпкө азгырып, айтып болгус алааматка “түртүп жибергендиги” аркылуу көрсөткөн. Байыркы аң-сезимден жаралган ушул чыгармага, адамдын баатырдык сапаттарынан башка да, турмуш-тиричиликтин көзгө көрүнбөгөн майда-чүйдөлөрүнө катылган улуу акылмандык абдан чеберлик менен кылдат көркөм трактовкаланганы таң калтырбай койбойт. Бирок, кыргыз эли түпкүлүгүндө байлыкты жамандык деп, байлардын баарын жексур

катары тапсирлебегендигин, “Атантай жоомарт” жөнүндөгү ж.б. айтымдар тастыктайт. Элибиз байлыктын өзүн эмес, байлыктын артынан түшүп алуу адамды адамдыктан алыстатаарын, ачкөздүк акыры адамды өлтүрүп тынаарын, бирөөнүн акысын жеген оңбой тургандыгын, адамдын табыгый укуктары менен эсептешүү керектигин, бийликке таянып, “кичинени”, “алсызды” кордогон кор болорун (“зордун түбү кор”), исламсыз эле каада-салттарында, фольклордук чыгармаларында насыяттаган. Азыр элибиздин көпчүлүгү, кыргызга жакшы нерселердин баары ислам менен гана келгендей түшүнүктө жүргөндүгү чындыгында катуу жаңылыштык жана ал өз элинин тарыхын билбегендиктен келип чыгууда.

***СУРООЛОР жана тапшырмалар:***

1. *“Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес” макалдын маанисин топтордо чечмелегиле. Мисалдарды келтиргиле.*
2. *Каргыш жөнүндөгү элдик жомокторду жана макал-лакаптарды эстеп жазгыла.*
3. *Кожожаштын өлүмүнүн себеби жөнүндө эссе жазгыла.*

**Зомбулукка салттык көз караш.** “Манас” эпосундагы Манастын тагдыры аркылуу кыргыз эли зомбулук саясатты кабыл албай тургандыгын көрсөтсө, “Кожожашта” элибиз келечек муунуна - табият менен акыл-эске, адамгерчиликке негизделген алыш-бериш мамилени бузбоону табыштаган. Элдик оозеки чыгармачылыгында, салттарында элибиздин турмуштун майда-чүйдөлөрү аркылуу берилген сырларынын баарын чечмелеп чыгып ишке салуунун кезеги келип жеткенин, ар бир кыргыз көкүрөгүбүздө туюшубуз керек. Анткени, чоң нерсе бир кичинекей гана элемент аркылуу кыйрайт. Ушул ааламдык мыйзамды –- байлыкты, бийликти күтүүнүн эч качан бузууга болбой турган нюанстары - элибиздин кылымдар бою калыптандырылган оозеки чыгармачылыгында трактовкаланган. Аны бузганды ким экендигине карабай катуу жаза күтөөрүн жогорудагы мисалдарда айтылгандай Манастын, Кожожаштын, Төштүктүн тагдырлары аркылуу көрсөткөн. Менин бир тууган агам Татипбай Маматкулов мага бир жолу буларды айтып берди эле: ал, алайлыктардын

оозунда айтылып жүргөн кептерден жазылып алынган китептен окуптур. Ал китеп боюнча: Камчыбек эл ичинде (алайлыктардын) кадыр-баркы бар бир жигитти кайсы бир күнөө кылгандыгы үчүн эл алдында, күндүн алдында жылаңбаш олтургузуп коюп жазалаптыр. Аны уккан Курманжан датка: "бекер кылыпсың балам, акыры сенин түбүңө ушул ишиң жетер бекен" деп, баш чайкап калып калат экен. Ал эми ал жигит, жазадан кийин түз эле жездесине, биз билген айтылуу Карасакалга (Камчыбекти орус бакылоочуларынын колуна салып берген киши) барып, "эмне кылсаң да ушу Камчыбектен өчүмдү алып бересиң" деп, ыйлап суранат экен (андан суранганынын себеби, Карасакал тууган иретинде Камчыбектерге жакын жүрүп жатпайбы). Кыргыз тарыхындагы абдан өкүттүү тагдыр ушундай эле кичинекей бир иштен башат алыптыр. Себеби, Камчыбек бир нерсени, ал кишинин адамдык намыс-ариети зыян тартпагыдай кылып, өзүнүн деңгээлине ылайык жаза берүүнү "Султан сөөгүн кордобойт" деген элдик наркты унуткандыгын, апасы, "керээт айым" деген атка конгон Курманжан датка билген. **Ушундай билимди билген үчүн жана аны байлыкка, бийликке манчыркап унутуп калбагандыгы үчүн Курманжан энебиз датка атыгып кыргыз тарыхынан түбөлүк орун ээледи.** Эл ичинен чыккан акылмандардын акыл казынасынан эленип чыгып, анан бара-бара авторлору унутулуп, элдик байлыкка айланган ушундай акыл азыгын этибарга албаган, көрүнгөн элдикинен алып токулган мыйзамдардын, түрдүү бурмалама жолдорун колдонуп байыйбыз деген: Аскар Акаев, Курманбек Бакиев, Алмазбек Атамбаевдердин өздөрүнүн, бала-чакаларынын жана алардын аркасы менен элдин байлыгын өзүмдүккө айлантып туйтунгандардын тагдырлары – кыргыздын келечек мууну үчүн чоң сабакка жана практикалык акыл казынасына айланышы керек. Оңой нерсеби: катары менен эки президент качып, бир президент түрмөгө камалып отурушу. Тегерек-четибиздеги тектеш элдерди карайлычы, кимисинде болуп жатат мындай инцидент. Кыргыздар өз башчыларынын, баатырларынын туура эмес жасаган иштерин кечирбей тургандыгын, ал тургай Манас, Кожожаш сыяктуу сүйүктүү каармандарынын тагдырларын трагедиялуу аяктоо аркылуу көрсөткөн. Мына, кыргыз бийлигинин башында турабыз деген

кыйындар алчу - чыныгы сабак, чыныгы билим. Профессор С.Кайыпов "Манас" Түрк университетинде ректор болуп иштеп турган кезинде болгон бир окуяны айтып бергендиги эсимде. Ч.Айтматов менен болгон жолугушууда бир түрк профессор, кыргыз президенттери тез-тез күчкө салынып алмаштырылып жаткандыгын шылдыңдаган таризде бир сөз ыргытат. "Менин аябай жиним келип, бирок, этикеттен чыга албай ичимден бышып турганда, Ч.Айтматов мындай деди дейт окумуштуу: "Андай эмес (эми тиги адамга карай: сен ойлогондой эмес деген мааниде), ушундай болуп жатабы, демек элдин эс тутумунда бийликти алмаштыруунун ушундай жолу сакталып калган. Ошол гана кайталанып жатат". Демек, кыргыздар өздөрүнүн түрк боордошторунун эч кимисинде жок, өздөрүнө гана таандык, өзгөчө сюжеттик-композициялык курулуштагы жана философиялык катмарлардан турган баатырдык эпосторун жараткандыгында экен иштин баары. Демек, кыргыздардын элдик философиясын, бүт этикетин, моралын, нравалык касиеттерин, чыныгы кыргыз: кайсы убакта кандай жорук-жосундарды жасай тургандыгын, элдин каада-салттары менен оозеки чыгармачылыгынан үйрөнүү керек. Бизде элден үйрөнүүнүн, элдик философия менен маданияттан азыктануунун эң мыкты тажрыйбасы бар. Ал Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы. Анда: уруулук намыс маселесин жакшы билген жана аны сактаган, "жети ата" принцибин жана табият менен алака кылуунун элдик нормаларын бекем өздөштүргөн, ушулар аркылуу адамдык улуу касиетке жеткен адамдардын көркөм образдарын түзүү аркылуу кыргыз деген ким экендигин дүйнөгө жар салды. Кыргыз тарыхы боюнча, болгондо дагы улуттун руханий таржымалы жаатында көп изденген коомдук ишмер М.Абыловдун: "...кыргыз салттарын тегерек-четтеги элдер жактырып, ошону менен жашагандардын көп болгондугунан улам "баары кыргыздан тараган" деген сөз калыптыр дегениндей, Айтматов жазган кыргыз элинин салты менен мүнөзү дүйнө элинин баарына жакты. Ошондуктан, **сакталып калган кыргыз салттарын кармануу, унутулуп бараткандарын калыбына келтирүү ар бирибиздин атуулдук парзыбыз экендигин түшүнгөндө, ошого киришкенде, анан кыргыз генинде катылып жаткан күч ойгонуп, баш көтөрүп, биз азыркыдай майда-чүйдө түлкүлөргө окшоп**

**калган, утилитардык, маргиналдык, мещандык жана буржуаздык түрүбүздөн өзгөрүп, жашоонун, ааламдын улуулугун өз деңгээлинде түшүнүп, кабылдап, анын мыйзамдарына ылайык, ошого шайкештикте тура ала турган мыйзамдарды иштеп чыгып, ошолорду принципиалдуу түрдө тутунуп, кылымдар бою ошону менен жашап келген, келечекке дал ушул кыртыштан өнүгүп бара турган байыркыдай эң жөнөкөй жана гениалдуу түрүбүзгө, өз баралыбызга, өз формабызга, өзүбүздүн улуттук форматка келебиз.** Кыргыз эли башка элдердикине окшоп, кийинки муундун кишенине айланып калган, регресске алып келчү бир да салтты иштеп чыкпаптыр карап турсаң. Бул эми кыргыздын элдик генийинин укмуштай улуулугу да. Анын улуулугу – өтө узакка баскан тарыхый жолунда, бүт Евразияны арылта баскан кары сапарында, турмуш соккуларына эчен ирет чекесин томуйтуп жүрүп жыйнаган, топтогон тажрыйбасында. Алардын бирөөн да унутпастан, эчен түрдүү каада-салттар менен эбегейсиз көлөмдөгү эпостордон баштап, эки сөздөн туруп, ичине ат көтөргүс алтынга тете маанини батырган макалдарына салып, тыкыйта култтап туруп, ийнине салып көтөрүп жүрүп, бизге чейин жеткиргендигинде. Биз ушундай элдин тукуму болуп туруп, бир тарабыбыздын орустарга, бир тарабыбыздын арабдарга сиңип кеткенге кандай акыбыз бар? Бизге, кыргыз болуп жашаганга эмне жетишпей жатат? Акыл калтырбаппы бизге ата-бабабыз, же, жол көрсөтпөппү бизге, жалдырап көрүнгөндүн оозун тиктегендей? Жок. Мунун баары бар. Болгондо да кандай...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Элдик чыгармалар эмне үчүн Манас, Кожожаш сыяктуу өз баатырларын өлтүрүү менен аяктайт?
2. "Султан сөөгүн кордобойт" – элдик нарк дедик. Ушул нарктты азыркы саясатчылардын канчалык деңгээлде сактап жаткандыгы жөнүндө ой жүгүртүп көргүлөчү.
3. Курманжан датка кандай сапаттары менен коомдо бийик орунга жетишкен?

**Биз кыргыздар ким элек да ким болдук** Туркиялык бир кыргыздан (Мамазия авадан) жазып алган санат ырда көтөрүлгөн илимий, философиялык проблемалардан улам, фольклорчу жана этнография боюнча доктор-профессор С.Кайыпов төмөндөгүдөй ой жүгүртүп отурбайбы: “Жандуу-жансыз дүйнө жана адамзат өмүрүнүн чектүү экенин ар ким эле билсе да, анын маани-маңызын чындап, жеткире түшүнгөн пенде азыр деле аз чыгар. **Ал эми бул санат ырында айтылгандай, жансыз дүйнөнүн, болгондо да, курчап турган табият гана эмес, асман телолорунун, бир убактарда теңир делип, сыйынылган Күн менен жылдыздардын өмүрүнүн да убакыт менен өлчөнөөрүн тоолук эл кайдан билди?** Же, ким, кайсыл ойчул качан келип үйрөтүп кетти? Убакыттын мынчалык кубат-кудуреттүү экени, эч нерсенин мезгил чегинен өтө албасы кайсы кыргыздын оюна качан, кантип келди? Же, ааламды алаканга салып алып, айландырып карап, калчап отурган эң алгачкы, нукура философтор, илимпоздор ушул улуу тоолордо туулганбы... Анан кийин, мөңгү алдынан мөңкүп чыккан мөлтүр суудай акыл-ой арашаны дайра сымал түздөргө агып түшүп, көпчүлүгү кумга сиңип кеткенби...

... Тарых үчүн эки миң, үч миң жыл дегениң – бир көз ирмем. Ал эми сөз болуп жаткан ырдагы айтылган бийиктикке жетүү үчүн карт тарыхтын канча, нече көз ирмеми корогонун ким билсин!

**Демек, кыргыз тарыхынын эң эски, эң маанилүү, эң туура, эң так, ишеничтүү барактары алиге ачыла элек; кыргыздын кыргыз экенин анык, так, алейне көрсөтүүчү чыныгы казыналар алиге казыла элек шекилди”** [26, 98-99].

Бизге улуттук эрк менен улуттук билим жетишпей жатат? Башка жактан үйрөнгөн илимибиз өзүбүздүкү менен айкалышпагандыктан бизге жукпай, пайдасын тийгизбей жатат. Улуттук билимдин жоктугу, улуттук эркти шал кылат. Биз ошондой билимсиздиктен улам, жасалма шал болуп жатабыз (муну жогоруда орустардын азыркы трагедиясынын сыры эмнеде экендигине М.Аджиевдин берген аныктамасы далилдеп турат). Ошондой эле, жогоруда айтылгандай, **кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, бүт өмүрүн кыргызга арнаган Казат Акматов өзүнүн “ак куу” ыры болуп калган “Архат” (“Олуя”) аттуу романында эчен ирет какшап-куурап ыйлап отуруп жазган, айткан, кыргыздын**

**шору кайда экендигин ачып көрсөткөн. Аны каяктан билдик, эгерде китеп окууну унутуп, чоң-кичинебизге, билимдүү-билимсизибизге карабай, баарыбыз бирдей мечитке чуркап, ошерден даяр билим ала калалы деп, өздөрүнүн билимдери кандай экендиги белгисиз молдолордун артынан темселеп жүрсөк (андай эместер дагы бар, алар мени кечирип коюшсун). Жалкоолук деген макоону, мойнубузга түшпөс кылып мингизип алсак. Ислам болуптур, илимдин илими экен деп эле коелу (чындыгында биздикилер исламдын илимин, данегин эмес, саркындысын тоё ичип алып акылынан айнып, түз турган жолду көрбөй темселеп, чак түштө сокурга айланып жатпайбы), бирок ал түпкүлүгүндө бизге туура келбейт да: тарыхый жагынан, жашоо-турмуш жагынан (ушундай туура келбестик бар экендигин молдолордун кыргыздын каада-салтына киришип, аны жоюуга жан талашып жаткандарынан билсе болот),** ой жүгүртүү жагынан, мисалы, накта кыргыз үчүн аялдын орду аябай жогору, аял – кыргыз коомунун негизги таянычы болгондугу “Манаста” Каныкейге жүктөлгөн функциядан эле көрүнүп турат; ал эми **кыргыздын бүгүнкү тукумунун көпчүлүгү (айрымдары эле болсо айтып убара болуп отурбайт элек) кейбиреп, кызы – жүзүн бүркөгөн кийим кийип, өзүн, өз эрки менен эртелеп көргө салып жатса, эркек баласы - алдынан аял заты чыкса, тескери бурулуп отурат: “чоочун аялдын жүзүн көрүү күнөө” деп. Ушунун баары: биздин келечек муун өз тамырынан канчалык алыстап жаткандыгынын таасын көрсөткүчү. Бирок, бул үчүн булар эмес, биз – улуу муун күнөөлүүбүз. Биз өзүбүздүн катализатордук функциябызды туура аткара албай жатабыз.**

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Байыркы кыргыз зомбулук саясатты жактырбай тургандыгын көркөм чыгармачылыгында кантип көрсөткөн?*
2. *Байыркы кыргыздар эмне үчүн эркек менен аял бипбирдей деген көз караашта болгон жана аны көркөм чыгармачылыгында кантип берген (мисалдарды келтиргиле)?*

3. *Курманжан датка “менин алдыма эмне үчүн ачык жүзү менен келет” деп нааразы болгон эмирге кандай жооп айткан?*

**Кыргыздын өзүнүкү менен бирөөнүкүн айырмалай билүү принциптеринин салты.** Бирөөнүн салты, билими эле эмес, алтыны да башка бирөөгө аш болбой тургандыгын байыркы кыргыз эчен ирет саймедиреген. Ошолордун бирөө: Манастын уулу Семетейдин таятасынын даяр алтын тагына, тигилүү багы менен тизилип турган сулууларына көңүл бурбастан, өзүнүн тегин билер замат: “Катыгүн эне эл кайда, // Элге жетер күн кайда.// Эли-журтун тааныбай, // Темселеп жүрөр мен кайда?” деп, токтоосуз түрдө катуу багыт жолго чыкканы, муну билгизбегенде эмнени билгизет. Ушуну менен бабаларыбыз өз тукумун арампөөштүктөн алыс болууга, бирөөнүкүнө ээ болуп алган жасалма тагдырдан качууга, чыныгылыкка, нукуралыкка чакырган, ага жетүүгө болгон аракеттен ар кандай абалда да баш тартпоого үндөгөн, адамда аракет болсо, Асмандан колдоо болору жөнүндө, Семетейди агыны катуу сууга киргенде, атасыныкы баш болгон арбактар тегеректеп жардамга келгени аркылуу символдуу көрсөткөн. Ушуну менен ата-бабабыз кыргыз элине Кудайдан нукуралыкты, чыныгылыкты, тазалыкты туу тутуп алып жүрө турган вазийпа жүктөлгөнүн “ташбыйкаттап”, андан ар кандай кыйынчылыкта да баш тартпоону улуттук билимге айландырганын, биздин биле турган негизги билим мына ушул экендигин, ал болсо, Кудайды кыргызча таануу жолунда, элдик каада-салттар менен элдик оозеки чыгармачылыкта ныкталып, прессстелип берилгенин көрсөтөт... Кайсы бир англис тилдүү автор, кыргыздын байыркы басып өткөн жолуна изилдөө салып келип: “кыргыздардын экспансия дегенди билбегендиги таң калтырат”[12] деп белгилейт. Ал изилдөөчү, орто кылымдарда эле Америкага мөөрү менен нотариусту кошо ала барган Кристофор Колумбдун тукуму. Ошол өз ата-бабасынын кимдики экендигин териштирбей туруп, менчиктөөчүлүккө маш психологиясынан келип чыгып кыргызга баа берип жатат. Жана ал эч качан теңирчиликтен “келип” кыргыздын канында агып турган “ар

[12] Кыргызы на мировой исторической арене.

кимдики өзүнө” деген табигый адилеттүүлүк мыйзамынын башында турган элдик философиясын түшүнө албайт. Бирок адамдар андай болгону менен, табият, жана анын мыйзамдары такыр башкача экендигин, ал өзүнүкүн өзүнө качандыр бир кайтарбай койбой тургандыгын, бүгүн кыргыз тукумдары барып Новосибирски, Красноярски (Кызыл Жар) крайларына отурукташып жаткандыгы тастыктап турат. Мындай тарыхый процессти кыргыз же орус атайылап бир ниет менен жасабастан, тарыхый кырдаалдардын агымы менен өзүнөн-өзү пайда болуп отургандыгы, келечекте, эгерде, “Манас” эпосунда айтылгандай бүтүндөй Анжиян массиви кыргызга таандык территория экендиги анык болсо, ал өз ээсине кайтаары өзүнөн-өзү боло турган процесс экендигинен кабар берип турат. Бул азыркы кырдаалдан алып караганда такыр мүмкүн эместей көрүнгөнү менен келечекте мындай территориялык өзгөрүү тарыхый зарылдык катары келип чыгышы мүмкүн экендигин эч ким жокко чыгара албайт. Жүз жылдан, а балким миң жылдан кийин өзүнөн-өзү ишке ашышы мүмкүн болгон божомолду гана айтып жатканыбызды эске алып, бул гипотезага кимдир-бирөөлөр чычалабаганы оң. Эл турмушунда эс тутум чоң роль ойной тургандыгын тастыктоочу дагы бир мисал: кыргыздар Алматы, Астана базарларын Россия шаарларынан мурда өздөштүрө баштаганына карабай, Казакстандын бир жеринде кыргыздардын массалык түрдө орун-очок алып, түбөлүк калууга камынып жатканы байкалбайт. Аралыгы жакын, эли дилдеш, кандаш, бир боор коңшу мамлекетте жүргөн бардык жердештерибиз бир күнү өз мекенине кайтууну бөркүндөй көрүп, убактылуу жашап жаткандарын сезишет. Бул сөзсүз түрдө, кыргыз элинде андай тарыхый эс тутум жок экендиги менен байланыштуу. Эл эс тутумунда эмне болсо ошого карай агылаары жана ага ар кандай кырдаалдардын тогошунан улам реалдуулук өзү жол берип, өзү ушуга алып келүү мүмкүндүгү жөнүндө сөз болуп жатат. Анын үстүнө, бирөөнүкүн басып алуу кыргызга кудайдан буйрулбагандыгы жөнүндө жогоруда сөз кылдык. Кыргыздын улуттук психологиясына табияттын мыйзамы, тарыхтын агымы берген жол менен гана “агуу” мүнөздүү. Кыргыз саны боюнча көптөргө салыштырмалуу өтө эле чектелүү экендигине карабай, дүйнөнүн түрдүү бурчуна тароо боюнча эң алдыда тургандыгы -

батыш менен чыгыштан  баспаган жери калбаган тарыхый эс тутумунун өзгөчөлүгү менен байланыштуу экендигин, кыргыздын тарыхын атайылап кадала отуруп үйрөнгөн адам гана сезе алат. Кыргыз дагы эмнеге жөндөмдүү экендигин, азыр эч ким акырына чейин болжолдоп айта албайт. Анткени, биздин эс тутумубузда дагы эмнелер бар экендигин, тарыхыбыздын ала жерлери, актай барактары көп экендигинен улам башкалар түгүл, өзүбүз да билбейбиз. Аны кыргызды алдыда күтүп турган басар жол, кылар иш, жетишкен ийгиликтер, же, (кудай анын бетин ары кылсын) түпсүз туңгуюкка кулоолор гана аныктап, ачыкка чыгарышы мүмкүн. Бирок, жогоруда жазылгандай **биздин улутка кудайдан, табигый процесске зомбулук кылбай, анын эркинде "агуу" буйрулгандыктан улам, келечегибизде жаман нерсе жок экендигине ишенүү менен алдыга жылганыбыз оң. Биздин эс тутумда *сакталуу* бар экендигин, ал биздин улуттун түбөлүктүүлүгүнүн залогу экендигин, эчен жолку кыргындан кийин да "күлдөн тирилип чыккан" Феникс куш сыяктуу, "түгөнгөн жерден" кайра түтөп, ушул убакка чейин тарыхый аренадан жоголбой келатканы тастыктайт.**

***Суроолор жана тапшырмалар***:

1. *Бирөөнүкүнө көз артпоону кыргыз фольклорунда кандай насыяттаган?*
2. *Кыргыздарга экспансия деген жат экендигин ким, кандай мааниде айткан?*
3. *Кыргыздарга таандык негизги сапат?*

**Эми салттын өзүнө келсек:** "Кытайды кытай кылган Конфуций" – деген кеп бар. Аны кээде "он миңдегендердин устаты" деп тергеп коюшат. Ага шакирттери: "Сиз көптү билесиз" дешкенде, Конфуций: "Кайдан, мен тек гана каада-салтты катуу кармайм" деп жооп берчү экен". Бул саптарды жазган, кыргыз элинин учурдагы чоң философторунун бири, профессор Ж.Бөкөшов салтка мындайча баа берет: **"Салттын салмагы, күч-кудурети аны канчалык ардактаганыбызга, кадырына жеткенибизге жараша болот. Салтты сактасаң, салт сени сактайт. Эмнеден сактайт? Жаңылыштыктан, алабармандыктан, өзүм билемдиктен, осолдуктан, коркоктуктан, чыр-чатактан.**

**Салтты билсең, салтты кармансаң, ал сени көптөгөн жагымсыз, күтүүсүз, жарамсыз касиеттерден, уяла турган, арыңа тийчү жорук-жосундан сактайт. Салтка кам көрсөң, ал сен үчүн кам көрөт, сага иштейт”** [27,28]. Анда салт дегенибиз эмне? деген суроо коюлса, токтоосуз түрдө: эскиден бери келаткан жашоо нормалары салт деп аталат дей саларыбыз бышык. Ал эми китептин тили менен айтканда: эч жерде жазылбаган, бирок, улуттун ар бир мүчөсүнүн акыл-эсинде жазылган мыйзамдарга караганда катуу сакталган элдик - жашоо мыйзамы. Ал эски экенине карабай, эч качан шалдырап, алдан-күчтөн тайыбаган, жапжаштан бетер жашообуздун, жүрүш-турушубуздун бардык жагын тескөөгө түбөлүккө жетерлик кубаты бар, күүлүү-күчтүү кыйын нерсе. Ага бийликтин дагы, кара күчтүн дагы, акчанын дагы алы жетпей тургандыгын мен эс тарткандан бери бүгүнкү күнгө чейинки өмүрүмдө көп жолу күбө болдум. Салттын күчү падышаны баш ийдиргенин жомоктогон икаяларды бардык элдер жараткан. Салтты жоёбуз дегендер, жоймок турсун, өздөрү жоюлуп жок болгонун көп көрдүм. Демек салттын жаны кайда экендиги, ал, соолбогон энергияны кайдан алары жөнүндө ойлонууга негиз бар...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Профессор Ж.Бөкөшевдин салт жөнүндө айткандарын кайтала жана ага түшүндүрмө бер.*

**Адамдын жаш курагына тиешелүү салттар.** Кыргыз үчүн өзгөчө мааниге ээ салттар баланын төрөлүшү, үй-бүлө курушу менен адам өлгөндө аны жерге берүүдө жана маркумдун артын күтүүдөгү салттар болуп эсептелет жана алар катуу кармалат. Мындай караганда төрөлүү менен өлүү экөө бир нерсе. Төрөлгөн адам өлөт. Төрөлбөгөн өлбөйт. Адам төрөлгөндөн тартып өлүүчү күнгө карай сапар тартат. Кыргыздын каада-салттары ушул сапардын мерчемдерин так белгилеп, ар бир мерчемдин өзүнө ылайык жүрүм-турумун, отура турган ордун, көрө турган сыйын, кийе турган кийиминин бычынын, өңүн жана башка жактарына чейин так иштеп чыккан. Ошондой эле жашы улуу адамдын шаңдана бергени да кыргыз көзүнө өөн учурап келген. Жашы улгайган адам өзүн калбаат кармашы элдик этикадагы норма. Ошондой эле кыргызда “тең-теңи менен” деген сөз бар. Улуу

курактагы адамдар менен жаштардын биригип алып көңүл ачуусу дагы анча кабыл алына бербейт. Ашыкча чектөөлөр коюлгандай сезилгени менен: бул нерсе, табиятынан анча бири-бирине жараша бербейт. Карынын жаштай шаттанганын кабыл албагандай эле, элдик этика жаш туруп тапандана бергенди да анча жактырбайт. “Бала деген баладай, башы-көзү чарадай болот” деп коюшат. Бирок, бул балага чоңдордун ишине аралашууга тыйуу салуу эмес. Чындап акыл-эси эрте жетилген жашты кыргыз абдан баалаган: “Болоор уул он бешинде баш болот, болбос уул отузунда жаш болот”, “Асыл таштан чыгат, акыл жаштан чыгат” дешкен. Кыргыздар буддисттер сыяктуу эле, салтка өтө катуу консервативдүү болушкан эмес. Акыл-эске сыйымдуу жаңылыкты кабыл алып, сыйбагандарын тез эле эс тутумдан чыгарып салышкан. Анткени, элибиз табиятты күчкө салып жеңүүгө мүмкүн эместигин, антем деген адам шылдыңга каларын билишкен. Табиятты дегеле эч ким, эч качан жеңе алган эмес, аны акылга салып жөндөөгө гана болот. Кыргыз эли эзелтеден ушундай көз карашты карманган. Бүт жашоо философиясы, турмуш-тиричилиги ошол табиятты жөндөөгө багытталган.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Үй-бүлө арасында дасторкон четинен орун алуу, сүйлөө салты.
2. Конок тосуу жана сыйлоо боюнча элдик адаттар.
3. Үйдөгү кыз баланын орду.
4. Кыргыз элинин кызды сыйлоо адаты кантип пайда болгон?

## Кыргыздын кийим боюнча философиясы

Кийим-кече ачык түстөн башталып барган сайын өңү күңүрт тарта берген. Өлүмгө жеткенде ал такыр карага айланган. Байыркы кыргыз зайыбы десе биздин көз алдыбызга, ак элечекти койкойто кийген, кымча бел, соорусу кең, оор чач жасалгалары башты аркага чалкалата тартып турган, зыңкыйган, келбеттүү аял заты көз алдыбызга элестейт эмеспи (“келеңгер чачпак, кең соору”). Аял затынын кийимин жасоодо калкыбыз кооздук, этикалык, физикалык, практикалык (кийим кооз эле эмес, жылуу, жайлуу, кысталыштарга карата запастык вариант (мисалы, элечектен:

жолдо-белде бала төрөлсө ороо, адам каза болсо кепин чыккан) баарын эске алган. Байыркы кыргыздардын кийимдери (аялдардыкы эле эмес –эркектердики да) ар бир курактын өзүнө ылайык көркүн ача тургандай жасалгаланган.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Салттуу баш кийимдерди санап жана мүнөздөп айтып бергиле.*
2. *Салттуу сырт кийимдер кандай аталышат?*
3. *Эркек-аялдар колдонгон жасалгалардын түрлөрү?*
4. *Боз үйдүн ичинин бөлүнүү философиясы?*

**Өлгөнгө кошок кошуп, өкүрүү керекпи, же...**

Белгилүү коомдук ишмер жана философ Ж.Сааданбеков өзүнүн "Манас" эпосунун философиясы" аттуу китебинде, элдик каада-салт, үрп-адаттар, алардын ичинен айрыкча маркумду акыркы сапарга узатуу ырым-жырымдарынын пендени Адам кылып тарбиялоодогу мааниси жөнүндө кеңири сөз кылат. Бул маселеде: ысымы бүт дүйнөгө белгилүү философтор О.Шпенглердин, М.Мамардашвилинин жана кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун өлүктү узатуу салты жөнүндөгү төмөндөгүдөй көз караштарына таянат. О.Шпенглер: **"Өлүк коюудагы ритуалдар бир эле адамдын эмес, бүтүндөй улуттун эс-тутумун калыптандырат" – дейт,** ал эми М.Мамардашвили: "Үрп адаттар пендени Адам кылуучу машина". **"Үрп-адаттар: адамдын өзүн-өзү жаратып, өзүн-өзү жетилдире алчу асыл жөндөмдөрүн ишке ашыруучу материалдар"** дейт Жумагул Сааданбеков өзү. Адамдык феномендин өнүгүшүнүн тарыхы – бул болгону пенденин өзүн-өзү жаратуучу актылардын тизмеси (үрп-адат, каада-салтка байланыштуу окуялардын катталышы), аны, адам феноменин жаратылыш жаратпайт, табият болгону биологиялык материалды берет. Ошол биологиялык материалды адам феноменине айландырыш үчүн коом тынымсыз иштөөсү керек. Коом болсо, мында бир гана элдик каада-салттарга, аларды ишке ашыруунун үрп-адаттарына (ритуалдарына) гана таяна алат. Мисалы, азыркы мезгилдин улуу философторунун бири, улуту грузин Мераб Мамардашвили минтип жазат: "Бул менин биографиямдын, менин

толгонууларымдын грузин айылында өткөн бала күндөгү мезгилдерине тиешелүү өмүрүмдүн бир бөлүгү. Менин өлүк узатуу салтанатындагы бир нерсеге, тактап айтканда, кошокчуларга жиним келчү, алар жасалма, анткор, эч ыйлагысы келбесе да ыйлашып (адам өлгөндө жалданып алып келинген профессионал кошокчулар жөнүндө сөз болуп жатат – Ч.Д.), элдин баарын ыйлатууга аргасыз кылышат, атайлап ошентишет, мунун эмне кереги бар деп ойлочумун. Кийин бой жеткенде буга башкача карай баштадым. Көрсө: мунун өзүнчө мааниси бар экен: сезим экзальтациясы өзүнөн-өзү бул кырдаалдын катышуучусун маданий эс-тутумдун, маданий механизмдин кучагына алып өтөт. Дал ушуга жетишүү үчүн адамдар ритуалдарды пайдалана тургандыгын түшүндүм. Ал эми ритуалдар (ырым-жырымдар) болсо адамдардагы адамдык касиеттерди козгоп ойготот экен. Адамдык сапат өзүнөн-өзү пайда болбойт, аны пайда кылганга чейин ал жок болот, алардын болушу жана уланышы мифтер, каада-салттар ж.б. ырым-жырымдардын бар болушу, алардын адамдар тарабынан аткарылышы менен шартталган. Адам ушулардан өтүү аркылуу өзүн-өзү жараткан искусстволук туунду”. Чындап бала төрөлгөндө, үй курууга киришкенде, жаңы үйгө киргенде, келин келгенде, кыз узатканда, адам өлгөндө, уй-кой, жылкы, төө төлдөгөндө, жаз келгенде, бир жакка көчөөрдө жасалган ырым-жырымдардын баарын алып таштап, анан улуттук турмушубузду элестетип көрөлүчү, жайдак эле калчудай экенбиз. Бирок, кийинки кезде мындай ритуалдар, ушуну билген, маани берген адамдар бар жерде, үй-бүлөлөрдө гана жасалып, көпчүлүк учурда жасалбай, маани берилбей калып бараткан учурлары көп, демек, **азыркы жаштардын жашоодогу көп нерселерди аңдабай бараткандыгынын бир себеби, адамды адам кылчу жогорудагыдай маанилүү куралды пайдаланбай, жоготуп баратканыбызда болуп жатпасын?** Кыязы, бул да сөзсүз түрдө бир себеп болууда. Ошондуктан, өтө кеч боло электе ата–бабабыздан калган тарбия мектебин (институтун) жоготуп баратканыбызды мойнубузга алып, абалды оңдоого киришкенибиз туура болор эрте күндү кеч кылбай...

“Элеси эстен кеткис, эсил кайран Чыңгыз Төрөкулович - деп, улантат оюн андан ары профессор Ж.Сааданбеков, ушул өлүк коюуну, ушул атайын культурологиялык, турмуш-тиричиликтин

сферасын сүрөттөп жатып да бизге ата-бабалардан калган өлбөс-өчпөс нарк-нусканы кантип сактап, кантип өнүктүрүү боюнча өзүнүн “инструктажын” берет: “... Танабай Чоронун үйүн көздөй нарытан бастырып келаткан топ атчанды көрдү. Унчукпай жоон карайткы болуп келаткан атчандар жакындай бергенде жабыла өкүрүк салып чаба жөнөдү:

- Ойбай, баурым-ай! Ойба-ай баурым!
- Казактар келген экен деди ичинен Танабай. Шумдуктун болгонуна күдүктөнгөн көнүлү ошондо ишенди. Чоро өлгөн тура! Күркүрөө суунун өйүзүндөгү казактар Чорону өз тууганындай көрүп, жалпы аймакка кадырлуу киши экенин урматтап, казасына кайгырып, суу кечип, эртелей жетип келген тура.
- “Рахмат силерге казак туугандар, - деди ичинен Танабай. Ата-бабабыздан илгертен бери кайгырсак кайгыбыз орток, кубансак кубанчыбыз орток, мааракe-тойдо байге жарыш, көкбөрүбүз орток. Ыйлагыла, туугандар, Чородон айрылган биз менен бирге ыйлагыла!”

Ошентти да Танабай таңга маалкы айыл ичин жаңыртып, боздоп өкүрүк салды:

- Эсил кайран бир боорум-оой! Эми кайдан көрөйүн! Боорум-оой! Оо-о-ой!...

Ат үстүнөн теңселип, дүйнөдөн көзү өтүп кеткен жан досун жоктоп, Танабайдын бели бүгүлүп, кабыргасы сөгүлүп, көзүнөн жашы төгүлдү.

Мына короо-жайы, мына эл. Тигине байлануу турган Гүлсары. Кара жабуу жаап коюптур. Карага кар жаап, эрип кетип жатыры. Ээсиз калган эсил жорго. Кара жамынган кайран жорго, эми ушинтип тул турмак!...

Танабай атынын жалына кулап, кайра түзөлүп, кайра кулап, мууну катуу бошоду. Көз алды туман, адамдар жамгырлуу айнектеги элестердей, туш-тарап өкүрүк.

- Танабайды аттан алгыла! Чоронун уулунун жанына алып баргыла деди бирөөнүн үнү.
- Бир топ жигит аттан сүйөп алып, колтуктаган бойдон калың элди аралатып алып кетти.

- Эсил кайран бир боорум-оой, эми кайдан көрөйүн... Кечир, боорум, кечир мени!.. – деп өкүрдү Танабай.

  Босогодо дубалга чекесин сүйөп өкүрүп, Чоронун студент уулу Самансур туруптур. Көз жашы көл болуп бери бурулду да, Танабай экөө кучакташып калды.
- Сен атадан айрылдың, балам! Мен досуман айрылдым! Жетпей калдым, эсил кайран жан досум, кечир мени! – деп боздоду Танабай” [28, 35-36].

Биз ушул китебибиздин бир жеринде Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында Казангапты жерге берүү машакатын баштан-аяк, майда-чүйдөсүнө чейин сөз кылганы жөнүндө айтканбыз. Эгерде, “Гүлсаратта” жазуучу Чоронун өлүмү, ага туш-тараптан элдердин келгени, ага айрыкча казактардын “боорумайлап” өкүрүп түшкөнү психологиялык жактан катуу таасир берип, Танабайдагы адамдык сезимдерди ойготуп, эзелтеден кыргыз-казак жакшы-жаманында бир болуп аралашып жүргөн бир боор эл экендигин эстетип, аларга карата сезимин элжиретип жибергенин жазганда, албетте, жазуучу, өкүрүктүн жогоруда окумуштуулар айтып жаткан психологиялык, маданий жактан теориялык маселелерин ойлогон эмес. Сүрөткер, кыргыз адамы адамдын өлүмүн (мында жаны бирге бурадар досунун, бирок, ушул окуянын алдында бет карашкыстай болуп таарынышып кеткен жакын адамынын өлүмүн кандай кабыл алып жаткандыгы сүрөттөлгөн) кантип кабыл алып, бул окуяда өзүн кандай сезе тургандыгын көркөмдөп берип жатат. Ал эми, андан кыйла мезгил өткөндөн кийин жазган, эң алгачкы романы “Кылым карытар бир күндө” кыргыз-казактын өлүк коюу салтына дүйнөлүк масштабда, тарых тереңдиги менен ошол мезгилде өзү жетишкен акыл-эс бийиктигинин призмасынан карап туруп, бул салтка мурдагы берген оң баасын ого бетер тереңдетет, бийиктетет, адамдын адамдыгына жыйынтык баа, анын сөөгүн жерге берүүдө көрүнө тургандыгын, кыргыз-казак каада-салттарынан чыгып туруп тартынбастан айтат. Айтматовдун улуттук касиети ушул жерде дагы бир жолу кашкайып ачыкка чыгат. Адам өлгөндө айгайлап, ай-ааламдын баарына жар салмай, бир эле кыргыз менен казакта бар да. Жазуучу муну жактап, буга өзгөчө баа берип, ушул салт ушул боюнча калышын туура көрө тургандыгын, аталган

романында өлүк коюунун майда-чүйдө ырым-жырымдарына чейин шашпай отуруп сүрөттөгөнүнөн көрүнөт. Эдигей, жаш кезинде согушка аттанып, андан алып келген контузиясынан улам, ушул Сары-өзөккө келип турук алганы эл-журтка аралашпай жүрүп улгайган адам. Казангаптын өлүмү, ага, өзгөчө жоопкерчиликти жүктөйт. Себеби, Казангаптын жакын досу эле эмес, сары-өзөктүктөрдүн эң улуусу катары да өлүктү коюу ырым-жырымдарын элдикиндей кылып орундоо анын милдети экендигин тереңден сезип, “мындайда дагы эмне кылчу эле” деп, улам-улам чымыркана эстеп, өзгөчө катуу түйшөлөт. Жазуучу, советтик идеологиялык тарбиядан улам көп нерсе эстен чыгып калганын айтып, аны эстеп, калыбына келтирип алгыла деп, ошого ишаарат жасап жатканы деп түшүнүү керек муну. Бул романга чейин өздөрүн билимдүү-илимдүү интеллигент сезген адамдар өкүрүк-кошоктон өздөрүн алыс кармап, аны колдонбой калгандыгы белгилүү. Ал эми XX кылымдын залкар философу М.Мамардашвили айтып жатат: “Смерть должна быть публичной” деп, казак-кыргыздыкынан өткөн публичный өлүм барбы? Ч.Айтматов, албетте, өлүк коюу кимде кандай деп илимпозчосунан иликтөө жасап отурган эмес. Ал жазуучу катары, кыргыз катары өзүн ошол салттарда кандай сезгенин гана көркөмдөгөн. Ал адамдык жашоонун, ар бир башка өлүм келгенде, анын жашоосу канчалык деңгээлде адамдыкындай болгонун өлүмү көрсөтө тургандыгына көзү жеткен элдик философияны жактап жатат. Казангаптын өлүмү, беш-алты үйдөн турган станцалыктарды баарын бутуна тургузат. Баары, ушул жакшы адамды акыркы сапарга узатуу аземинде, өзүнүн акыркы сыйын каада-салттын чегинде көрсөтүп калууга аракеттенип жатышат. Казангаптын адамдыгы ушундан көрүнөт. Мисалы, “Эдигей аялы менен бир маселени сүйлөшпөй калганын эстеп кайра кайрылды” - дейт жазуучу. Ал алыстагы өзүнүн кыздарын чакыруу керекпи-жокпу деп ойлонуп алып, “чакыруу керек” деген чечимге келет. Туугандыгы жок болгону менен эчен жолу интернатка атына өңөрүп алып ташыган Казангапты, алар туугандан да жакын эсептээрин эстеп чакыруу керек деп чечет. “Ар кандай өлүм элдик болуш керек жана ал жөнүндө кабар элдин баарына таркаш керек. Ошондо гана өлүм жашоого катыша алат. Анткени, терс

көрүнүштөн да жан-дүйнө жана жашоо үчүн маанилүү үрөн алыныш керек. Ким өлгөнүн айтпасаң, жарыялабасаң, аны кантип аласың. **Өлүм жөнүндө унчукпай коюу, аң-сезим менен жан-дүйнөнү согуштан да катуу талкалайт.** Эгерде согуштун курмандыктары жөнүндөгү тизме элдин көз алдында турбаса, ал эми жоокерлердин туугандарынын өлүк коюу үрп-адаттары, атуулдарды элдин эсине калтыруу үчүн мамлекеттик ритуалдар болбосо, ошол өлүм алып келген жан-дүйнө кайгысы толугу менен аңдалбайт" (М.Мамардашвили Сознание и цивилизация, 2011). Чоң окумуштуу, XXI кылымда ушинтип жазып олтурат. Ал эми кыргыз менен казак тээ байыртадан эле өлүгүн дал ушундай коюп келишкен да. Айтматовдун генийлиги ушунда, өз элдеринин артыкчылыгы менен кемчилиги эмнеде экендигин ашык-кеми жок көңүл тереңинен туя алгандыгында. Аларды эч ким кайдыгер калбастай кылып бүт дүйнөгө угуза айткандыгында. Айтматовго алтындан балбал тургузсак да аздык кылар-ов. Бирок, андан да мурда, Айтматовдун жардамы менен өзүбүздү-өзүбүздүн тааныгандыгыбыз, ар бир кыргыздын көкүрөгүндө кыргыздык касиетинин, сапатынын ойгонгондугу, жазуучуга кош-коштоп, алтындан айкел тургузганга барабар болор эле.

**Софоклдын: гректердин маркумду акыркы жайына узатуу салтына карата көз карашы**

Ар замандын улуулары өлүмгө өз учурунун маанилүү маселелери катары караган. Мисалы, биздин заманга чейинки IV кылымдарда жашап өткөн Софокл деген таланттуу грек драматургунун бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу "Антигона" аттуу трагедиясында Креонт аттуу падышанын салтка каршы чыгам деп баласынан, аялынан айрылган трагедиясы көрсөтүлгөн. Падыша Креонт Полиник деген өзүнүн саясий каршылашын жазаламак болуп, анын өлүгүн талаада калтырууну чечет да: "Ким Полиниктин сөөгүн жерге берсе, ал өлүм жазасына тартылат" деген өкүм чыгарат. Полиниктин Антигона деген карындашы, ал буйрукту билип туруп, ошого карабай бир тууганынын сөөгүн көмөт. Падыша эч кимди, ал турсун уулу Гелон суранса дагы укпай өз өкүмүн ишке ашырууну буйрат. Ошол учурда оракул келип, бул иштин арты жаман болорун айтат. Падыша буйругун бузууга аргасыз болот. Бирок, чабарман жеткенче буйрук ишке ашырылып

калат. Сүйгөн кызынын өлгөнүн угуп, ханзаада Гелон өзүн-өзү өлтүрөт. Баласынын күйүтүнө чыдабай, күйөөсүн каргап-шилеген бойдон Креонттун аялы каза болот. Ошентип, салттан таям деген падышаны катуу жазалап, ал эми өлөөрүн билип туруп бир туугандык парзын аткарган, эр жүрөк кыз - Антигонаны даңазалоо менен трагик Софокл өзү элдик салттын жактоочусу экендигин көрсөткөн – деп жазышкан байыркы комментаторлор.

**Элмирбек өлүмү менен да элге үлгү**

Мына, кечээ: Элмирбек Иманалиев - каза болду. Алдыңкы эки сөз, айтылган сайын адамга – "жарк" деп күн чыга калгандай кубаныч тартуулап турчу эле, эми буларга түрүнүн сууктугу теңдешсиз кийинки эки сөз жанашып келип туруп алды. Бул экөөнү бөлө албай, айласы алты кеткен кыргыздын баары, "Коронавирус жуктуруп өлүп калбайын" деп чочулабай эле (ошентип, коркуп үйүндө жаткандар да болгондур), элден чыккан асылды акыркы сапарга узатууга кантип барбай коем, менин жаным, аныкынан артык беле дегендер да толтура экен, кылкылдап келип, ийиндешип катар турушат, кучакташып алып ыйлап жатышат. Кыргыздын кыргыздыгы ушунда экен да. Ушул асыл сапатты жоготуп албасак экен. Менин качантан бери убара болуп жатканым да ушундан да туугандар. Жаштар жапырт, кыргыздын каада-салтына кыянаттыгы бар, чоочун динди пир туткан "каапыр" молдолордун кыябына түшүп бараткандыгы чочулатып, бүгүнкү улуу окумуштуулардын аң-сезими аңдап, акылы жеткен нерсени, элибиз байыртан эле билгенин айкындап турган асыл салттарын сактоонун керектигин, маанисин дагы бир жолу элдин, айрыкча, жаштардын эсине салып кое алсам экен деген аракет болуп жатпайбы. Минтип өкүрбөгөндө, кошок кошпогондо кантет байкуш эл, Элмирбектей асыл жан, оригинал жана уникалдуу кыргыз кайра келбейт эми. Ошентип айтсак-десек, өкүрүп-өксөп, көзүбүздөн кан чыкканча ыйласак, ал сакталып калса, адам кантип жашап, кантип элге кызмат кылыш керектигине миң жылдар бою кыргыздын кийинки муунуна үлгү болмокчу, жогоруда үлкөн окумуштуулар айткандай, кыргызга адам болгонду үйрөтүп турмакчы. Өмүрү өрнөк адам, тирүүсүндө кылган жумушун, ошентип, өлүмү менен да түбөлүккө аткарып калмакчы. Сүйүктүү төкмөбүздүн 42 жашка эми келип,

чыгармачылыгы толуп-ташып, кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна чейин кабары жетип, кыргыз эле эмес, казак боорлорго да кадыры артып, эки элдин сүйүүсүнө татып турганында келбеске кеткенинин арманы ушундайча акталмакчы. Кудай эч нерсени бекеринен кылбай тургандыгын эстейли туугандар. Бирок, мен, кудайдын иши деп Элмирбекке ыйлабай, кайгырбай коелу деп жатканым жок. Тескерисинче, биз ошол ыйыбыз, кайгыбыз менен акынга болгон сүйүүбүздү көрсөтүү менен гана анын өлүмүн түбөлүккө өрнөккө айландыра алаарыбызды айткым келип жатат.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. *Кошок эмне үчүн керек экендигин айткан окумуштуулар кимдер?*
2. *Ч.Айтматов кайсы чыгармаларында маркумду жерге берүү ырым-жырымдарына кеңири токтолгон?*
3. *Салттын мыйзамдан жана падышанын жарлыгынан жогору тураарын көрсөткөн байыркы грек автору жана анын чыгармасы жөнүндө айтып бер.*
4. *Адамдын жашоосунда салттардын жана үрп-адаттардын ойногон ролу жөнүндө өз тажрыйбаңардан мисалдарды келтиргиле?*
5. *Элмирбек Иманалиевдин чыгармачылыгынын кыргыз жаштары үчүн маанисин айтып бер.*

**Кыргыздардын адам өлгөндө курмандык чалуу адаты кайдан келген жана анын кандай мааниси бар?**

П.Н.Безертиновдун жогоруда аталган китебинде: **“Кыргыздардын өлүк коюу ырым-жырымдары”** деген атайын тема бар. Анда: “Байыркы теңирчилик орноткон салт боюнча өлгөндү жерге берүү үч стадияга бөлүнгөн: биринчиси өлгөнгө курмандык чалуу (кыргызда өлүккө курмандык чалуу, азыр да катуу сакталат-Ч.Д.), экинчиси, сөөктү, өзүнө тиешелүү буюмдары менен чогуу өрттөө (азыр изи калбай жоголгон салт, бирок, түрктөрдун ишинин кээрине кетишин, дал ушу салтын жоготуу менен байланыштырып караган көз караш сакталып калган: “Өлүк ыраазы болмоюн тириктин иши жүрүшпөйт” деген макалдын

айтылып калышынын себеби ушунда-Ч.Д.), үчүнчүсү, өлгөндүн сөөгүнүн күлү сакталган идишти, эки маал: күздө жана жазда жерге берүү (азыркыга чейин сакталган эмес-Ч.Д.) жана ошол орунга күмбөз салуу же кандайдыр бир белги орнотуу (азыр жасалат-Ч.Д.)" [29,103]. Автор, кыргыздардын өлүктү жерге берүүсүнүн мындай эки стадиядан турушун (адегенде сөөктү өрттөп, анан бир канча мезгилден кийин күлүн жерге берүү) өлгөндүн жанынын өлүктөр дүйнөсүнө биротоло өтүү үчүн даярдык периоду болуш керек деген ишенимден улам калыптангандыгын түшүндүрөт (алтай, якут, калмыкия түрктөрүндө XIX кылымга чейин өлүктү өрттөп анан жерге берүү авторитет катары эле эмес, өлгөн адам үчүн аябай пайдалуу деп эсептелген. Бирок, алардын мындай үрп-адаты, Россиянын ошол кездеги христианчылык, ислам, буддизм сыяктуу официалдуу диндери тарабынан куугунтукка алынгандыктан, бакшы, нойон, зайсаң сыяктуу эң кадырлуулардын гана сөөгүн өрттөп, жөнөкөй адамдардын сөөгүн жерге көмүшкөн). Бу маалда жасалган ырым-жырымдар өлүктүн рухун тынчтандырып, тирүү калгандарды колдоп жүрүүгө даярдоо максатында жасалат (молдолор элден мындай ишенимди алып салуу үчүн "ширк" деген бирдемени каршы коюп жүрүшөт, бирок, азыркы илим өлгөндөн жан чыгып кетерин, адамдын материалдык бөлүгү (денеси) гана керектен чыгарын, ал эми "жан" калып каларын биротоло далилдешти. Бул - байыркы кыргыздардын түшүнүк-элестөөлөрү канчалык илимий экендигин дагы бир жолу тастыктап турат. Бирок, молдолор канчалык жан-талашпасын кыргыз өлгөн жакынынын элесин унутуп коё албайт, аны ыйык деп эсептебей коё албайт, андан медет күткөнүн (арбагы менен колдоп турат деп ишенгенин) коё албайт, бул анын бей аң-сезим деңгээлинде (архетибинде) теңирчилик дүйнө таанымында ("арбак кудайга айланат"-деген) тургандыгын далилдейт-Ч.Д.).

Ал эми кытай булактарына таянуу менен И.Бичуриндин жазганына караганда Биринчи Түрк кагандыгынын мезгилинде (түрктөрдүн болуп-толуп турган кезинде-Ч.Д.) түрктөрдүн өлүк коюу ритуалы ырааттуу үч стадиядан турган: **биринчиси,** өлгөнгө арнап боз үй көтөрүү, сөөктү ошого жаткыруу жана жакындары (балдары, неберелери жана бир тууғандары), аял-эркеги баары бирдей курмандык чалып (жылкы, кой), боз үйдү жети жолу

айланып анан үйгө кирээр алдында беттерин устара менен тилишет, жаш менен кан аралаш куюлтуп, өкүрүп (эркектер), аялдар кошок кошуу менен киришет (биз жаш чакта өлгөндүн жакындары, айрыкча аялдар беттерин тыткан салтты көзүбүз менен көрүп, күбө болуп калдык. Бирок азыр мындай салт түп орду менен жоюлду-Ч.Д.).

**Экинчи стадияда:** белгиленген күнү өлүктүн сөөгүн, өзүнө таандык буюмдары жана минген аты менен бирге өрттөө. Күлүн топтоп алып белгилүү бир мезгилде (жогоруда айтылгандай жаз, күз жылдын эки мезгилинде-Ч.Д.) жерге берүү. Ушул күн дагы өлгөн күндөгүдөй эле курмандык чалуу, ат коюп өкүрүп келүү, бет тытып ыйлоо менен коштолгон.

**Үчүнчү стадияда:** күл көмүлгөн мүрзөнүн үстүнө күмбөз орнотуу. Өлгөн адамдын сүрөтүн, ал катышкан салгылаштардын элесин түшүрүү, ал өлтүргөн душмандын санына ылайык таштарды коюу, мисалы, таштын саны бирден миңдеген таштарга чейин жеткен. Ошондой эле курмандыкка чалынган жылкы, койлордун баштары да илинип коюлган. Мындай күбөлөр кытай династияларынын хроникаларында жана "Су-Шу" да берилген маалыматтар менен да бекемделет(саналып өткөн ырымдардын көптөгөн элементтери кыргыз турмушунда азыр деле бар).

Ошондой эле байыркы түрктөрдө тул жасоо ырымы (өлгөндүн элесин куурчак түрүндө жасап, ошого карап ыйлоо-Ч.Д.) болгондугу эскерилет ("На шестьдесят первом году (жизни) я на голубом небе не стал видеть солнца. Моя княжна в тереме сделала тул"). Азыркы кыргыздарда тул деген бир гана "жесир калуу" деген мааниге ээ. Бирок болбой эле ошол байыркы тул жасоо ырымынын жаңырыктары бар. Мисалы, өлгөндүн сөөгү жуулган жерди тегерекке алуу. Сөөк жаткырылган жерди же керебетти карап отуруп ыйлоо, жоктоо адаты.

Түрк-теңирчилер, адам бу дүйнөгө өз эрки менен келип-кетпейт деп эсептешкан. Мунун баары Теңирдин эркине жана каалоосуна жараша болот деп ойлошкон. Ошондуктан, байыркы түрктөр өлүмдөн корккон эмес, тагыраак айтканда, алар үчүн бир эле дүйнө бар, тирүүлүк менен өлгөндөн кийинки жашоо, кадимки жашоонун эле биринен экинчиси келип чыккан эки башка формасы деп түшүнүшкөн. Теңирчилик боюнча адамдын үстүнөн Асман менен

Жер бийлик кылат. Бирок, төрөлгөндөн өлгөнгө чейин гана. Өлгөн соң анын үстүнөн табияттын бийлиги бүтүп өзү рухка (арбакка, кудайга) айланат. Христианчылык менен исламдагы: бу дүйнөдөгү күнөөнү тиги дүйнөгө ала кетүү түшүнүгү теңирчиликте эч качан болгон эмес. Түрктөр жаман ишти, мал-жаныма, өзүмө, бала-чакама зыяны тийбесин деп жасагандан коркушкан, ошондуктан, ал иштерден өздөрүн кармашкан. Бирок, аларда "күнөөкөр пенде" деген түшүнүк болгон эмес. Жаза адамдын тирүүсүндө алтымыш жылдын ичинде ишке ашат (кийинчерээк кыязы, кырк жылга түшсө керек, анткени, биз 60 жыл жөнүндө биринчи угуп жатабыз. Азыр болсо андан да тездесе керек, "мурда кыргыздын кеги кырк жылда дешчү, азыр жыл айланбай келет" деген туруктуу сөз обороту бар эмеспи-Ч.Д.). Адам өлгөндөн кийин бардык күнөөлөрдөн арылып, арбагы эркиндикке чыгат. Анын арбагынын а дүйнөдөгү тагдыры, артында калган тирүүлөр, анын намыс-ариетин кылганына жараша болот. Эгерде жакшылап көөмп, намыс-ариетин жакшылап кыла турган болсо, арбак ыраазы болуп, жакындарын колдоого алат, эгерде, андай кылбаса, алардын душманы болуп калат деген түшүнүк айтылбаса дагы бей аң-сезим деңгээлинде азыр да абдан күчтүү. Арбак наараазы болсо иш жүрүшпөйт, айрым жакындарын алып кетип калышы мүмкүн (Манас Коёнаалыны өзү менен кошо ала кеткендей) деген коркуу сезими кыргыздарда бүгүнкү күнгө чейин бар экендиги, биздин жан-дүйнөбүздө бей аң-сезим деңгээлинде теңирчилик көз караш жашай тургандыгын көрсөтөт. Бүгүн молдолор, мына элдин ушул бей аң-сезим деңгээлиндеги түшүнүгү менен күрөшүп жаткандыгын, демек, алар өз ата-бабаларынын арбактарына каршы барып жаткандыктарын түшүнүү керек. Себеби, байыркы кытай падышасы айткандай, түрктөр бир жолу салттан кеткендиги үчүн түбөлүккө бириге албай, баягы күчүнө келе албай, бирдиктүү цивилизация кура албай, ар кимиси ар жерде андаалап калганын унутпоо зарыл. Бүгүн ЖЕРГЕ жеке ээлик кылгысы келген байлардын тобу, адамзатка ачыктан-ачык душмандыгын билгизип чыкканда Кытай, Япония сыяктуу өздөрүнүн салттарына бекем элдер буларга каршы тура ала тургандыктары жөнүндө айтышып, орус окумуштуулары "биз да өз салтыбызга, өз тилибизге, керек болсо, өзүбүздүн байыркы жан сактоо формабызга, жерге (жерди иштетүүгө) кайтуубуз керек"

(айрыкча, чиркөө кызматкерлери ушундай ойлорго басым жасашууда) деген ойлорун айтышууда. Анткени, батыштын байлары өздөрү иштеп чыккан технологиянын жардамы менен бүт дүйнө адамдарын электрондук концлагерге отургузгусу, адамдарды адамдык ойлонуу касиетинен айрып, алардын каалоосу менен гана кыймылдай турган шордуу куурчактарга айлантууну максат кылып жатышкандыктары азыр ачыкка чыкты. Буга жетишүүгө христианчылык, ислам сыяктуу диндерди колдонуунун планы дагы программага киргизилген, анын айрымдары иштеп да жаткандыгы, адамдардын акыл-эстен айрылып, тынч турмуштан Сирия сыяктуу кан күйүп жаткан жерлерге качып кетип жаткандыгы далилдеп турат. 5G антенналарын ишке киргизүүдөн тартып, мындан да жаман болот. Мусулмандарга Мухаммеддин, христиандарга Иисус Христостун өзү келип буйрук берип жаткандай көрүнгөн шизофрения менен "ооругандар" көбөйөт. Эң негизгиси: 5G адамдардагы кудайлык касиеттеринин ойгонуусун жокко чыгарат дешет. Мындай бүткүл дүйнөлүк оорудан элдер ата-баба салттарына таянуу менен гана аман-эсен кала алышат деген илимий ой-корутундуну көптөгөн чоң окумуштуулар айтып келишет...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Эмне себептен түрктөр сөөктү өрттөө ырымынан баш тартышкан жана ал кандай зыян келтирген?
2. Кыргыздардын өлүккө мал союу, боз үйгө жаткыруу, өкүрүү, кошок кошуу адаттары кайдан алыныптыр?
3. Адам тиги дүйнөдө бул дүйнөдө жасаган күнөөлөрү үчүн жооп бербейт, ал тиги дүйнөдө кудайга (рухка) айланат, адамдын тиги дүйнөдөгү жашоосуна артында калгандар жооптуу? – деген идеяны, "адам бул дүйнөдөгү кылган күнөөсүнө жараша тиги дүйнөдө тозокко же бейишке түшөт" – деген семиттик диндердин идеясына салыштырып эссе жазгыла.

**Угуп жатасыңарбы, түрктөргө доор Чакырык таштап жатканын?...** Теңирчиликти кудайга шүгүр, глобалисттер өздөрүнүн программасына киргизе алышпайт, анткени, ал, адамдардын жан-дүйнөлөрүнүн тереңинде, көпчүлүгүндө жогоруда айтылгандай бей аң-сезим деңгээлинде жатат. Анын турагы

азырынча табияттын койнунда. Аны ойготуп, ишке киргизүүнүн убагы келди. “Бардык түрктөр – деп жазат Р.Н.Безертинов - өздөрүнүн түпкү тегин карышкыр менен байланыштырышат. Ал эми карышкыр болсо, айбандардын ичинен дрессировкага көнбөгөнү. Карышкырлар башка жаныбарлардан эркиндикке эрктүүлүгү менен айырмаланышат. Алар үйрөтүлгөн иттер менен чөөлөрдөн психологиясы башкача. Алардан: акылы, кайраты, чечкиндүүлүгү, керек болгон учурда өз жанынан кечип коё алгандыгы, достукка бекемдиги, жырткычтар арасында лидерлиги менен айырмаланат. Карышкыр – токой санитары. Дүйнөлүк тарых көрсөткөндөй, качан жамандык менен бузукулук абага толуп, алардын күңсүгөн жытынан атмосфера бузулуп, жер өзүн-өзү тазалаганга жетише албай калган кезде, Асман менен Жердин руху буга чыдай албай, тазаланууга муктаж болуп калганда, ошондо түрктөр менен монголдор арасынан Асман адамдары (бөрүлөр-бозкурттар) төрөлүп, өздөрүнүн жүрүм-турумдары менен түрк жана монгол дүйнөсүн тазаланууга түрткөн, жана ал тазалануу башка элдерге да жайылтылган” [30, 112]. Физик Д.Кадыров жазгандай: түрктөрдүн доору босогобузга келип турат. Доор түрктөргө Чакырык таштап турат. Биз түрктөр аны аңдай алабызбы же жокпу, мындан аркы түрк дүйнөсүнүн тагдыры ушуга байланыштуу болмокчу...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. “Теңирчилик адамдардын электрондук концлагерден сактап калуучу касиетке ээ дин” - деген көз-карашты кабылдоого даяр бол!

## Эмне үчүн түрктөр өздөрүн “Асман уулу” деп эсептешкен?

Жерде жашоосу бүткөн адам асманга кетип, башка формага өтүп жашай баштайт деп эсептешкен байыркы теңирчилик көз караштагы түрктөр. Демек, бардык адамдын жаны асманга барып, ошол жактан түбөлүктүү жай табат. Адам ал жакка кеткенде, жерде калып артын күткөндөр мыкты болушуна кам көрүү керек. Мисалы, жерде жакшы иштерди көп кылган адам, асманда да жакшы иштерди жасоо менен жерде калган жакындарын колдоого алат, жардам берет деген ишеним күчтүү болгон. Ар бир адам татыктуу өлүүгө тийиш. Жерде чоң адам (чоң-чоң иштерди кылган, туулган жерди коргоп, душмандарды көп өлтүргөн), ал жакта дагы ошондой

болот, жерде майда адам, асманда да майда болот жана мындай адам көп курмандык чалууларга татыксыз. Ал Асмандын акир-чикирине айланат. Жерде физикалык денесинде жашап жүрүп адам коркоктук, акмактык, эки жүздүүлүк, саткындык, кошоматчылык, жагымпоздук иштерди кылса, уурулукка, адам өлтүрүүгө барып, адамдын табиятына туура келбеген иштерди жасап өмүрүн маанисиз, туура эмес жашап өткөрсө, андай адамдын арбагын сыйлап курмандык чалышкан эмес, ал жердеги жаман иштерин асманда жасаса, анын арбагын эскергендерге жаман болот деп коркушкан.

Ошентип, теңирчилик ишеними өлүмдү жокко чыгарган. Тактап айтканда, өлүм адамды алдыга Космоско өтүүгө түртөт. Космостогу башкача жашоого алып кетет деп эсептешкен. Ошондуктан, өлүмдөн коркпоого көнүшкөн. Адам асмандан келип, кайра асманга кетет, “Адам Асман уулу” деп ойлошкон.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Эгер окумуштуулар, адамдын денеси өлүп, андан жаны учуп чыгып кетээрин далилдешсе, анда жан каякка кетиши мүмкүн?

## Ата-баба арбагын культташтыруу эмне үчүн керек болгон?

Кыргыздар үчүн азыркы күнгө чейин арбак, айрыкча, ата-эне жана ата-баба арбагы ыйык эсептелет. Эмне себептен мындай көз караш калыптанган? Теңирчи-түрктөр дене тамак-аш менен катар руханий азыкка дагы муктаж деп эсептешкен. Ошол руханий азык алуунун бир жолу ата-баба арбагы менен алакалашуу болгон. Ошондуктан, өлгөнгө коюлган таш эстеликтин жанына мамлекеттик масштабдагы абдан чоң арбакка сыйынуу иш-чарасы өткөрүлүп турган (азыркы өлгөнгө аш берүү ошол сыйынуу ритуалынан калган элемент болсо керек). Себеби, түрктөр сыйынуу (аш берүү) учурунда өлгөн адамдын жаны күмбөзүнө келип байырлайт деген ишенимде болушкан. Эстелик ата-баба арбагы менен анын тукумдарынын жолугуша турган жайы катары кабылданган. Калган убакта арбак Асманда болот деп ойлошкон. Түрк кагандыгы (каганаты) кыйрагандан кийин мындай масштабдагы сыйынуу кичирейип, уруулук масштабга түшүрүлгөн.

Өлкөбүз суверендүүлүк алгандан кийин уруунун башында турган адамдын, же анын кадыр-барктуу мүчөлөрүнүн (Кыдыр аке, Садыр аке, Сарт аке сыяктуу) арбагына арнап, ошол уруунун адамдары чогулуп аш берүү масштабдуу деңгээлге чыкканы, элдин эс тутумундагы салттын кайрадан жаңырышы болгон. Азыр ар бир кыргыз айылы жаздын күндөрүнүн биринде мазар тайуу өткөрүшү, ыйык жерлерге барып сыйынуу, оорудан айыгууну же балалуу болууну ыйык жайлардан сурануу, жалгыз даракка чүпүрөк байлоо, жалгыз булакка тыйын же топчу таштоо ж.б. ырым-жырымдардын баары ошол теңирчилик дүйнө таанымдан калган элементтер экендигин билбей эле башкаларды ээрчип жасап жүргөндөр көп, алардын арасында булардын баары мусулманчылыктын жолу деп жаңылышып жүргөндөр да бар.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Аш берүү менен эстелик куруунун ортосундагы байланышты айткыла.

**Кайрылгыс болуп жоголгон кыргыздардын өздүк мамлекеттик түзүлүшү, же, эң мыкты билим, бул – тажрыйба, же, “Аксакал” институтунун мааниси**

Байыркы гректер деле байыркы кыргыз сыяктуу көйгөйүн сотто эмес, аксакалдарга же кошуналарга салып чечүүгө аракет кылышкан. Азыркы европалыктар ата-бабасынын бул салтын таптакыр унутта калтырып салышса, биздин элде улууга болгон сый мамиле толугу менен болбосо да кайсы бир өлчөмдө сакталуу. Бизде көчө-көйдө туура эмес жоруктарды жасаган жаштарды, бейтааныш эле адам улуулугуна салып, катуу жемелеп кое алат. Айрым эле ташаадан чыккандары болбосо, көпчүлүгү улуунун айтканын кылбаса да, каяша айтып отурбай, унчукпай басып кетишет. Байыркы баалуу салт жок дегенде ушундай деңгээлде сакталып тургандыгына кайрыет десек болот. Ошондуктан, аксакалдар институтун калыбына келтирүү жана өөрчүтүү жөнүндө үмүт кылууга болот. Анткени, башканын акылы акыл болуп денеге жугуп кетиши өтө кыйын экендигин жон-терибиз менен туюп-сездик. Кыргызга таандык нерсенин баарын жаман деп чанып, башкалардыкын даамын татып көрдүк, оңолмок турсун оңкобуздан кете жаздап, зорго-зорго аман калып, эл ичиндеги эстүүлөрүбүз

кыргыздыкы деле түзүк окшойт деп, турмуштун эчен соккусуна тушугуп, көгала болбогон жери калбай калганда анан “апамын эле айтканын уксам болмок экен” деген өкүттө, башын шылкыйтып төркүнүнө келген кыздын кейпинде турган чагыбыз азыр. Анткени, тажрыйба билимдин абдан маанилүү, бардык билим, илим таянып турган ишенимдүү таяныч кыртышы экендиги эч ким тана алгыс чындык экен көрсө. Биз жаш кезибизде улуу чоң эне, чоң апаларыбыз акыл айтышса, сыртыбыздан унчукпасак да, ичибизден булар окубаса, эки-жакка чыкпаса эмнени билмек эле деп койчубуз. Башканы билбейм, мен ошентчүмүн. Кийин, көп окуп, ар түркүн билимге ээ болгондон кийин, ошол караңгы апалардын айтканынын көпчүлүгү туптуура экендигине көзүм жетти. Көрсө, тажрыйба абдан ишенимдүү билим экен. Тактап айтканда, ар кандай илим тажрыйбага таянып өнүккөндө, ошого уланганда гана туура болот экен. Ошондой эле улуулар өздөрүнүн тажрыйбасын салт менен айкалыштыра алганы үчүн (салт болсо миң-сан жылдык элдик тажрыйба да) **аксакалдар институтуна** билимдин, тарбиянын, адеп-ахлактын, жүрүм-турум нормаларынын потенциалдуу булагы катары кароону,  көз-көрүнөө колдон чыгып бараткан ушул кенчти кармап калууну, улам терендеп бараткан улуттук деградацияны токтотууну, улуттук саясатты колго алууну ушу баалуулукту калыбына келтирүүдөн баштаганыбыз дурус болмок. Аксакалдар институту биздин мыйзамдарда орун алганы менен, менимче ал иштебей эле турат.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Тажрыйба улуттук илим көрөңгөсү – деген ойду кандай түшүндүң?
2. Улуттук билимдерди санап чык.

**“Жардам” деген сөзгө катылган карөзгөйлүк**

Убагында баарыбыз абдан кызыгуу менен көргөн түрк элинин “Даңазалуу доор” сериалында европалык кайсы бир элдин (кайсы эл экендиги азыр эсимен чыгып жатат) элчилигинде иштеген бир мамлекеттик кызматкер: түрктөрдүн европа мамлекеттерин жеңип жатышында, алардын мыйзамдарындагы түшүнүктүүлүк, түздүк менен ачык-айкындык чечүүчү роль ойноп жаткандыгын, ал эми өздөрүнүн мыйзамдарында чалкештик абдан көп экендигин, “биз

ошол мыйзамдарыбыздагы айланма жол менен айланып жүрүп отурганыбызча, түрктөр европага терендегенден терендеп кирип баратышат" деп, абдан өкүнүү менен айткан эпизод бар эмеспи. Анын сыңарындай, биз өзүбүздүн жаңы тарыхыбызда европалыктардын баш айлантма мыйзамдарынын лабиринтинде канча жолу "тыбырадык" (мисалы, Ош жана Июнь окуяларында колдоо көрсөтөбүз деген шылтоо менен өлкөбүзгө кирери кирип алышып, мээбизди ооруткандан башка эч кандай пайда келтиришпегендигин (мен ошол убакта (2010-жылы) НПОлор менен кызматташып жүргөндүктөн, аларды жакындан билдим), элди өзүбүздүн эле Манастан калган аскердик духту өздөрүндө алып жүргөн кыргыздын жигиттери сактап калгандыгын эч убакта эсибизден чыгарбообуз керек. Финансыда дагы ошондой: жардам беребиз деп акча бөлгөн болушат дагы, анын эң көп бөлүгүн "консультация берет" деп өздөрүнүн адамдарына берет. Алардыкына караганда өзүбүздүн "жардам берүү" боюнча түшүнүгүбүздү мыйзамдар менен бекемдеп алсак, алда канча натыйжалуу болмок. Башына кыйынчылык түшкөн элге же адамга ошол "элгерчилик", "ашар" деген сыяктуу, ар айылда ар башкача аталган элдик өз ара жардамдашуу чаралары чындап сактоочу күч боло алмак. Сырткы формасы бар, маңызы жок европалыктардын жардамынын ичинде эмне бар: өздөрүнүкүндө кандай, мен жооп бере албайм, бизге, айрыкча "Үчүнчү дүйнө" деп дискриминациялап бөлүп койгон чөйрөнүн ичиндеги өлкөлөргө берген жардамы бир жагынан өздөрүнүн адамдарын иш менен, болгондо да чоң айлыктуу иш менен камсыз кылуу (аларды төлөө биздин мойнубузга жүктөлүп жатпайбы, демек биздин эсебибизден өздөрүнүн адамдарын иш менен камсыз кылганга, ал эмес байыганга шарт түзүп жатышат), экинчи жагынан, биздин элдерди акылдан айнытууга багытталган, "жерди "ашыкча ооздордон" арылтуунун ар кандай программаларын ишке ашырууга багытталып жаткандыгын акыры биз түшүнүүгө тийишпиз. Эң негизгиси, ар кимди өз көйнөгү гана жакшы сактай ала тургандыгын бекем өздөштүргөндөй болдук окшойт. Ошондуктан, европалык мамлекеттик түзүлүштүн сырткы форматын алсак дагы ичин өзүбүздүн улуттук маңыз менен мазмунга толтурганыбыз алдыга карай өнүгүүдө эң утуштуу жол болчудай экендигине

көзүбүз жеткидей эле болдук окшойт. Акыры жүрүп, жанагы баш айлантмалар дүйнөдөгү элдерди адаштыруу, акылынан айнытып, жинди кылып, акыры, улуттарды биринин артынан бирин тиги дүйнөгө узатуу саясаты жүргүзүлүп келе жаткандыгы көрүнөөгө чыга баштагандыгын аңдообуз зарыл...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Түрктөрдүн мыйзамы менен европалыктардын мыйзамын салыштырган элчинин сөзүнүн тегерегинде ой жүгүртүп көргүлө.

**Жоголуп бараткан кыргызча мамлекет түзүү илими...**

Профессор Сулайман Кайыпов Түркиянын Ван шаарында жашаган кыргыздардын, ал жакка барып калуусунун түпкү себеби жөнүндө төмөнкүдөй жүрөк титиретээрлик кылып жазган экен: “... Чын-чынына келгенде, **бул көч** (Чоң Памирден Түркиянын Ван шаарына) **кыргыз элинин миңдеген жылдар бою жашатып, сактап келген** бийлик жүргүзүү салтынын, дагы тагыраак айтсак, **элдин өз тарыхый тажрыйбасына таянуу менен түзүп, өнүктүрүп, ийгиликтүү пайдаланып келген, өзгөчө мамлекеттүүлүк түзүмүнүн эң акыркы жандуу өрнөгүнүн кыйрашы, кыргыз коомдук өнүгүү тажрыйбасынын рухунда башкаруу жана башкарылуу салтынын эң акыркы күнүнүн батышы болгон. Бул көчтүн ишке ашышы менен, өз тарыхый тажрыйбасынан өнүп чыккан уюшуу, биригүү, коомго айлануу, бири-бирине баш ийүү, орток максатты көздөй умтулуу принциптери менен өмүр сүргөн бир да кыргыз тобунун эми турмушта болбой тургандыгы тарыхый чындыкка айланган** (биз карайттык-Ч.Д.). Ушуну менен, ар кайсы өлкөдө жашаса да, бирдиктүү кыргыз элин түзүп турган этностук топтордун бардыгы, бири калбай, сырттан таңууланган, даяр башкаруу системасына моюн сунуп жашоо, коомдук өнүгүүнүн дүйнөлүк системасы менен интеграциялануу, өзүнүн элдик башкаруу усулун таанып, жаңы тартип, жаңы талаптарга өзүн-өзү даярдоо, башкаларга окшоп жашоого умтулуу жолуна жапырт түшкөн. Ал көчтүн жалпы кыргыз тарыхынын контекстиндеги маанисин мына ушундайча түшүнүү туура.

Корутундулап айтканда, Памир кыргыздары менен алардын Түркияда жашаган бөлүгүнүн терең тарыхы бар, өзүнүн материалдык жана рухий маданиятына ээ, бирдиктүү этностук топ экендигинде шек жок. Бирок, Ванда жашаган Памир кыргыздарынын мындан кийинки тарыхы жана тагдыры, алардын Памир тоолорун мекендеген боюнча көчпөй калган бөлүгүнөн башкача жолдо өнүгөрү да талашсыз чындык. Алар бир жагынан, жаңы шарттарда жашап, улам барган сайын шаар турмушунун агымына сүңгүп кирип бара жатса, экинчи жагынан, кылымдап жыйнаган материалдык жана рухий баалуулуктарынан кол жууп калуу, акырындап, этностук жүзүн биротоло жоготуу жазмышы менен алпуруша күн өткөрүп келе жатышат”[13]. Жогоруда айтылган бир сүйлөмгө кайрадан кайрылып көрөлү: **Бул көчтүн ишке ашышы менен, өз тарыхый тажрыйбасынан өнүп чыккан уюшуу, биригүү, коомго айлануу, бири-бирине баш ийүү, орток максатты көздөй умтулуу принциптери менен өмүр сүргөн бир да кыргыз тобунун эми турмушта болбой тургандыгы тарыхый чындыкка айланган.** Туура. Мындай коомду, ушундайча уюмдашуу жолун жоготуу (ушуга ылайыкташкан өзгөчө социалдашуу психологиясын жоготуу) улуттук мааниде абдан трагедиялуу көрүнүш. Мындай коомдон чыгуунун, кутулуунун зарылдыгы бизге, уюмдашуунун башкача жолдорун сырттан сунуштоодон, түздөн-түз таңуулоодон (экөө бирдейинен келип чыккан), бир канча мезгил мурда башталгандыгы белгилүү. Бул ириде, кыргыз коомдорунун билим жана социалдык инфраструктурадан дүйнөнүн өнүккөн бөлүгү жетишкен ийгиликтерден абдан эле алыс калгандыгын түшүнө баштоо менен да байланышта болгондугу түшүнүктүү. Бирок, мындан да маанилүү жагдай бар болучу. Ал төмөндөгүдөй эле. Унутпасак, орустар алып келген жерди иштетүү шаймандарынын пайдалуулугун жана алардын өз ара мамилесинде жана башкаруусунда адамдын табыгий укуктары аз да болсо сакталгандыгын түшүнө баштаган кыргыздар, өз байларынан алыстап, орустар менен бирге болууга аракеттенүү процессинин дагы жүргөндүгүн. Уруулук сезимдин басаңдашы менен феодалдык

---

[13] Кайыпов С.Т. Туркияда жашаган Памир кыргыздарынын макал, лакаптары. Лингвофольклористикалык булак катары. Бишкек-2017. 20, 26-беттерде.

аң сезимдин өсүшү, байлардын уруусун сактоо аң сезимине, жеке менчигин көбөйтүү сыяктуу буржуаздык каалоосу үстөмдүк кыла башташы менен жогоркудай уюмдашуу процессине жарака кете баштаган. Феодалдык аң-сезимдин коомдун регрессиясын шарттоочу негизги кемчилиги: экинчи тарапты сактоо, өнүктүрүү, ошонун эсебинен дагы өзүн көтөрүү, өзүнүн өмүрүн узартуу сыяктуу мүмкүнчүлүктүн бар экендигин билбегендиги. Өзүнүн жыргал жашоосун дагы көтөрүү үчүн аны камсыз кылып жаткан бөлүктү улам кыса берүү менен гана кете бергендиги. Кыргыз коомунда байлар менен кедейлердин ортосундагы ушундай мамиле апогейине жеткен кезде, социалисттик революция жөнүндөгү алгачкы кабарлар, түшүнүктөр жана андан көп узабай өзү да тарыхый факт түрүндө келип жеткен. ... Мисалы, ошол мезгилде чыккан бир анекдотко көңүл буралы (анекдоттун табияты ушундай, анда, ар кандай саясий чындык жылаңачталып берилет): “бир кыргыз жолун башкарган чиновник (демек кыргыз), казак жолун башкарган чиновниктин үйүнө конокко барыптыр. Анын сонун үйүнө, ушунчалык бай жашоосуна суктанган кыргыз, казак коллегасынан, анын байлыгынын сырын сурайт экен: анда тиги, аны чоң магистралга алып чыгып, “ушул жолду мен салдым, анын эки четинен, бир-бир сантиметрден кемитип, өзүмдүн байлыгымды курадым” деп, айтат экен. Ошондон соң бир жылдан кийин жанагы кыргыз баягы казак досун үйүнө чакырат. Казак, кыргыздын байлыгынын жанында өзүнүкү шоона эшпей калганына таң калып, сырын сураганда, кыргыз аны таш төшөлгөн чоң жолго алып чыгып: “ушул жолду мен салдым” деген экен. Албетте, реалдуу турмушта мындан башкараак болот. Бирок, бул анекдот кыргыз менен казактын феодалдык аң-сезиминин аралыгы канчалык “алыс” экендигин (негизи экөө тең эле ошол фазада турат, бирок деңгээлдеринде айырма бар) даана көрсөтүп турат. Дал ушул феодалдык аң-сезим менен башкаруу процесси А.Акаевдердин үй-бүлөсүнүн өлкөдөн куулушуна түздөн-түз себепчиси болду. Бирок, кыргыз мамлекетинин башкаруусундагы бул ашмалтай Бакиевдин тушунда мурдагыдан дагы ашынгандыгы, А.Атамбаевдин тушунда, андан да ашып акыл-эске такыр эле сыйбай тургандай деңгээлге жеткендиги, ал жаңы президенттин тушунда деле ошол формада калып жаткандыгынын парадоксу эмнеде экендиги түшүнүү үчүн,

кыргыз саясатын, дүйнөлүк саясий тенденциялар менен байланышта караш керектиги айкындала баштады. Көрсө, кыргыз, казак жана ушуга окшогон элдердин бийлиги канчалык коррупциялуу болсо, ошончолук дүйнөнү бүтүндөй ээлеп алгысы келген глобалисттерге майдай жагат экен. Алардын элдерди өнүктүрбөө, тескерисинче, санын азайтып, планетаны "ашыкча ооздордон" кутултуу боюнча жүргүзүп жаткан саясаттарына туптуура келет экен. Ушундай аспектиден караганда: кыргыз премьер-министри Н.Исановдун, Италия премьер-министри Аль да Мордун, Пакистандын премьер-министри Али Бхуттолордун сырдуу өлүмүнүн сыры, бул адамдарга жалпы таандык бир касиет: өз өлкөлөрүн өнүгүүнүн жолуна алып чыгуу **ниеттеринде** болгондугун түшүнүү кыйын эмес. Баатыр болуп өлүм тапкандан көрө, мите куртча өз элиңди кемирип жат да, байый бер. Эч ким сага тийишпейт. Кыргыздын "ачуусунун" чеги өтө кыска, ал, кыргыз чек арасына чейин гана жетет. Андан аман-эсен чыгып кетсең болду, дүйнөнүн кайсы бурчун кааласаң, ошол жерде жыргап жашай берсең боло тургандыгын Акаев-Бакиевдердин бейпил жашоосу көрсөтүп турат. Ушинтүүгө, өлкөдөн чыгып кетүүгө А.Атамбаевге канча жолу шанс берилди (керек болсо президент С.Жээнбеков анын ушул жолду пайдаланып калышын ак эткенден, так этип күттү)... Эми, акаев-бакиев-атамбаевдер эмне болсо ошо болушсун, өздөрү кылган иш, өз баштарына муш... Бирок, азыркы негизги маселе, эл, кыргыз революцияларынан оң натыйжа чыкпай жаткандыгында дүйнөлүк саясаттын түздөн-түз тиешеси бар экендигин түшүнүшү, бул ааламдын баарын оп тартып бара жаткан өтө коркунучтуу желмогуздан кутулам деп бизге окшогон, кичинекей, бирок, коррупциясы өтө ашынган мамлекеттин адамдарынын ойлогондун өзү бир карасаң жеткен акылсыздыктай туюлса да, мындан кутулуунун, аман калуунун жолу дал бизде күчтүү экендигин туюшу, ал биздин ата-бабаларыбыздан калган каада-салттарда экендигин билиши, аларды биротоло жогото электигибиз, биздин улуттук утушубуз экендигин сезиши керек. Азыр номур биринчи улуттук проблема мына ушул улуттук билимдерди кайра ойготуп, ишке киргизүү...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз жеринде улуттун мамлекет түзүү илимин талкалаган феодалдык аң-сезимдин өнүгүшү жана анын бүгүнкү күнгө чейин улануусунун себептери жөнүндө талкуу жүргүзүү

**Салттуу билим.** Кыргыздын салты жана салттуу билимдери деген атайын предмет орто жана жогорку окуу жайларында жок. Мындай эзели окутулган эмес. Ошого карай, а эмне үчүн ал окутулбайт? – деген суроонун тегерегинде ой жүгүртсөк болот. Жок дегенде мектептерде, орто окуу жайларында дал ушундай аталыштагы предмет окутулса болмок. Ал эми жогорку окуу жайларында аны улантуучу предметти киргизсе болот. Себеби, биздин эл адамды адам кылмак, адамдарды бири-бири менен жуурулуштуруп бирге жүрө турган, ошого муктаж кыла турган жолдорду ойлоп таап, эчен кылымдар ширелиштирип отуруп салтка айлантып, бизге таштап кетиптир. Башка элдерчилеп космоско барып коно албаганыбыз, адамдын акыл-эсин аң-таң кылган шумдук технологияларды жасай албаганыбыз менен, бизде, дүйнөдө башка эч бир элде жок адамдар ортосундагы ынтымак-ырашкердүүлүктү сактоонун эчен сонун технологиялары бар да. Ошолорду эмне үчүн заманбапташтырып өзүбүз колдонбойбуз, ал эмес дүйнөгө сунуш кылсак болот? Баса, бир кыргыз аны дүйнөгө алып чыгып, башынан алыс көкөлөтүп, бүт дүйнөнүн элине бир жолу көрсөттү, Ч. Айтматовдун дүйнө эли тамшанып окуган чыгармаларында эмне жазылган? Шарияттын шанимдериби? Жок! Түз, куулук-шумдукту билбеген, бирөөнү алдоо эзели түшүнө кирбеген, көр дүнүйө жыйнабаган, ошол дүйнө үчүн башка бирөөлөрдү кыйнабаган, барга топук кылып жашаганды билген ток көнүл, ток пейил толук эл бар экендигин жазды. Ал эми мындай сапат өзүнөн-өзү келип чыкпайт. Башка элдер буга жетишүү үчүн диндерди ойлоп табышкан, бирок, ошондо да жетише алышкан эмес. Демократияны ойлоп табышкан. Элдер азыр ойлоп таап жаткан ноу-хаулар кыргызда башынан бар болгон. Анткени, кыргыз эли адамга кудайдан берилген сапаттарды ошол бойдон сакташкан. Кыргыздын кыргыздыгы ушунда. Табиятка тап коюп, аны өзгөртүп, өз кызыкчылыгына буруп жиберүү ниетинен алыс туруп, андан керектүүнү керегинче гана алып, калганын табияттын өзүндө сактаган тажрыйбаны өнүктүрүп келген байыркы кыргыз. Анткени,

кыргыз табиятка түбөлүк өзүнүн багуучусу, колдоочусу, коргоочусу катары, өзүнүн Кудайы катары караган. Тактап айтканда, табиятты Кудай деп билген. Ошол билгенин салттуу билимдеринде сактаган. Жана ал билимин кийинки муунга өткөрүүнүн ийгиликтүү методдорун иштеп чыгышкан. Ошондуктан, ушундай өзгөчөлүктөрдөн улам бизде "Салт жана салттуу билимдер" деген предметтин болгону утуштуу болот эле (азыр билим берүүнү "переформаттоо" жөнүндө сөздүн болуп жатышы, ушуга окшогон улуттук өзгөчөлүктөр билим берүүгө камтылбай калышынан да чыгып жатканын эске алуу керек), негизи жогоруда айтылган сапаттардын башталмалары азыркы цивилизациядан артта калган көпчүлүк элдерде бар, жана аларды ушул кезге чейин жан сактатып келген ошол салттуу билимдери болгон. Бирок кыргыздардын салттуу билимдеринин алардыкынан өзгөчөлөнгөн жактары көп. Анын эң негизгиси: кыргыздын салттуу билимдеринин тереңинде уюп жаткан гумандуулуктун уюткусу. Улуттун кеменгери Ч.Айтматов элибиздин "Дыйкан айтымы" деп аталган төмөндөгү ырга карата:

"Мына септим үч убак,
Жылуу жерден кочуштап,
Бул жетим-жесирге,
Мунусу арык-мискинге.
Бул кочуш ач-арыкка,
Мунусу алыстагыга.
Бул сурамчыга.
Бул тилемчиге.
Бул учуп жүргөн куштарга.
Бул жортуп жүргөн коёнго.
Калгандары-сизге, бизге, мага,
Баба дыйкан жолдошум.
Бардык ишти оңдосун.
Бардык жерде колдосун.
Эми быягын мен билемин...
Өнгөнгө арам чөп койбоймун.
Арыгың кенен чабылат.
Корукчуң арбын табылат.
Тилегеним – чоң.

Өн, үрөнүм, өн!

Береке бек байласын, Бердим баба дыйканга,

Бириң миңге айлансын

"Эгер биз "Дыйкан айтымынын" маанисин түшүнсөк, маңызын билсек, анда азыр көп маселенин башын ача алмакпыз" деген жазуучунун сөзүн, философия илимдери боюнча доктор Ж.Бөкөшов төмөнкүдөй чечмелейт: "... Айтматов "Айтым" деп бекеринен баса белгилеп отурбаса керек. "Айтым" деп кыргыз тилинде "кеп", "сөз" маанисинде кеңири кезигет "элдин айтымында", "баланчанын айтымында". Бирок, бул жерде жазуучу ага өзгөчө маани жүктөп, эски тексттердин өзгөчө бир түрүн атап, элдик адабияттын бөтөнчө бир салаасын айырмалап жаткандай. Айтым - бул–каада-салтка айланган, ырым-жырымга жуурулушкан, маданий шаани-шарапат күткөн, тигил же бул иштин баа-баркын аныктаган, мезгил элегинен өтүп, белгилүү бир калыпка түшкөн касиет-кудуретке ээ кеп-сөз" [31,10]. Биздин оюбузча бул текстте салтка айланган же салтта берилген билим жатат. Болгондо да үч жактуу: биринчиден, рационалдуу билим, себилгендин баары эле колго тие бербейт. Андан өз энчисин алууга кызыккан тараптар бар экендигин эске алуу. Аларга макул болуу, алардын энчи талашканын жөндүү көрүү, алар да жашаш керек деген гумандуу философиядан келип чыгуу. Экинчиден, эгинди мол алыш үчүн андан ары эмне кылуу шарт экендиги жөнүндөгү билим. Арык чабыш, отоо чөптөн арылтыш, зыянкечтерден коруу – сыяктуу иштер жасалмайынча эгин алуу мүмкүн эместигин билдирген практикалык билим. Үчүнчүдөн, ал иш менен байланыштуу адамда пайда болчу үмүттөр менен тилектер жөнүндөгү билим.

Дини өнүккөн элдер дагы кыргыздарчалык бийик гумандуулукка, жаратылышка туура мамиле жасаганга, аялды коомдун толук мүчөсү катары кабыл алганга, аялзатын таза, ыйык, бийик зат көрүп сыйлаганга, ага эркиндик бергенге жетишкен эмес. Азыр прогрессивдүү деп аталган элдердин аялдары эманципацияга жетишүү үчүн канчалаган күрөштөрдү жүргүзүшкөн, ал эми кыргыздарда башка элдин аялдарынын көзүнөн учкан эркиндик, теңдүүлүк башынан эле болгондугу Каныкей, Сайкал, Айчүрөк, Жаңыл мырзалардын көркөм образдары көрсөтүп турат. Өткөн кылымдарда кыргыз жерин кыдырган европалык саякатчылар

кыргыз аялдарынын эркиндигине атайын көңүл бурушуп, ал жөнүндө жазышкандыгы, кыргыз аялдарынын эркиндиги көңүл бура тургандай деңгээлде болгондугуна байланыштуу болгон.

Адамдын жашоосунун маани-маңызы эмнеден тураары жөнүндөгү илим-билимди элибиз салттарына абдан терең сиңирген. Кыргыз үчүн жашоонун биринчи мааниси: туулган жерде өмүр өтөп, ага ак кызмат кылуу; экинчиси уул-кыз өстүрүү, уулду өз уругун өстүрүү, кызды башка бирөөнүн уругун өстүрүү үчүн багуу, ар биринин өзүнүн энчилүү бар: уул – урмат; кыз – кымбат. Уул эл сактайт, жер сактайт, кыз башка эл менен байланыштырат, кыз – элдик дипломатиянын эң кымбат куралы болгон. Өз журтуна куда-сөөк, жээн ашырган. Ошону менен анын чегин кеңиткен. Ата-энеси эле эмес, бүтүндөй уругу (уруусу) алакалашар журттун санын көбөйткөн кыздар болгон. Ошондуктан, “Тамакты таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз” деген кыргыз. Анткени, кыз да, уул да жамы журттуку, жалпы уруунуку болгон. Башка урууга кеткен кыз кимдики экенине карабай өз уруусуна ошол элди куда күтүүгө жол берилген. Ушундай жол менен Адамды курчаган адамдардын ар биринин өзүнүн кымбат жана алмашкыс орду болгон. Ага жетишүү үчүн тарбиянын эчендеген технологиясын ойлоп табышкан кыргыздар. Анын баары элдин салттуу билиминде катылып жатат. Ошондуктан, башка элде жок экендигине карабай кыргыздар ушундай предметти (баары элдин эсинен чыгып кала электе) окуу жайларга киргизиши зарыл.

Мыктыларга жанашсам, жок дегенде эл катарында болуп, эч кимден кем болбосом деген дымак ар бир адамда болгон сымак, ар бир улутта да болот. Улутубуздун ичинен бирөө-жарымдын аты-жөнү жакшыраак жерден аталып калса, кыргыз аттуунун башы көтөрүлө түшкөнү ошондон улам. Бирок, башка эл татаал технологиялардын канчалаган муундарын чыгарып жаткан убакта, биз кыргыздар, коррупциядан башыбыз чыкпай, жеке мен байысам деген майда мүдөөлүүлөрдү депутат кылып шайлап алып, алар, өздөрү аз келгенсип, жакындарын, же акча төлөгөндөрдү компотентсиз экендиктерине карабай мамлекеттик кызматка алып келишип, баары чогулуп алышып өкмөттүк казынаны какшытышты, калктын көпчүлүк бөлүгүн жакырчылыктын акыркы чегине жеткиришти, мамлекетти чөгөлөтүштү. Элди жашоо

деңгээли боюнча тегерек-четтеги боордош элдерден ат чабым аркада калтырышты... Азыркы тапта дүйнөдө кыргыз деген эл жөнүндө, кыргыз мамлекети жөнүндө жеке адамдардын жасап жаткан ийгиликтеринин жана оңунан чыкпаган бир нече революцияларынын арты менен гана оозго алынып келет. Андан башка оозго алынар иши жок кыргыздардын. Ошого карабай, кыргыз эли өздөрү жөнүндө өздөрүндө абдан жогорку ой-пикирлерди алып жүргөндүгү кызык. Демек, мына ушунда бир нерсе бар. Бечаралыкты бечара гана  мойнуна алат. Дилинен, зилинен, түбүнөн бечара эмес адам, ошондой эле улут дагы, кыйынчылык башына түшүп мөгдөп турса да ага моюн сунбайт. Моюн сунбай жүрүп өзүнүн баралына келет. Өзүнүн ороюна келет. Ордун табат.Өзүнүн орду каерде болсо, ошерге барат. Ушинтип ойлонуп алып, өзүңдү-өзүң чын көрүп, кубанып каласың. Чындыгында ушундай эмеспи. Элибиз кыйын үчүн, саны аз болсо да сапаты күчтүү үчүн эчен кылымдарды арытып, өлбөй-житпей ушул күнгө жетип олтурбайбы. Эптеп жетпей сөздөн эчен мунара куруп, өлбөс-житпес кылып бекемдеп келгени, же калппы? Дүйнө элинин кимисинде бар, ичине акылдын кору (запасы) менен асылдуулуктун зорлору катылган “Манас” эпосундай эпосу, саны боюнча үй түгүнөн көп кытайың да жарата албаптыр. Албетте, алардын баарынын материалдык деп эсептелген, пайдаланууга жараган, ичине кирсе боло турган, карасаң көрүнгөн, кармасаң колго урунган дүйнөлөрү бар... Бирок, алар адамдык өз ара мамилелерден өксүп жатышат... Демек, бизде да бренд бар экендигин, ал биздин каада-салттарыбыз экендигин туюуга, элдик билимдер менен философиясы байыркы мезгилдин бир убактарында башка элдердин кыргыз салттары менен жашаганга аракеттенгендиктеринин сырын изилдеп, таап чыкканга убакыт келди. Муну эң оболу өзүбүздүн элдин көзүн ачуудан, исламдын эмес, кыргыз салттарынын баалуулугу жогору турарын калкыбыздын кеңири катмарына жеткирүүдөн баштообуз керек.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз салттары кайсы сапаттары менен айырмаланат?
2. Дыйканчылык боюнча айтымга Ч.Айтматов эмне үчүн бийик баа берген?
3. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мазмунун эмне түзөт?

**Салттардын (үрп-адат жана ырым-жырымдардын) турмуштук маанилери**

Салттык нормалар канчалык акыл-эске, логикага сыйымдуу болсо, ошончолук жагымдуу болот. Салт ириде табияттын мыйзамдарына (жашаган жердин географиялык өзгөчөлүктөрүнө) негизделип иштелип чыгылат. Айрыкча көпчүлүк кыргыз салттары ушундай деп тартынбай эле айтса болот. Мисалы, өткөн жылдары "Келин" аттуу индиялык телесериал көрсөтүлдү. Чыгарма индиялык бир элдик салттын жашоого такыр жарамсыздыгын ашкерелөөгө багытталган. Аларда да кыргыздарга окшоп жашынан кудалап коймой адат бар экен. Эгерде, бала үйлөнүү курагына жетпей чарчап калса, жанагы наристе кыз кара кийип, өмүр бою жалгыз өтүшү керек экен. Баш каарман Анандинин апасы ушу салт менен, жаңы пайда болгон көз караштын кайсынысын карманышты билбей башы катат, ал тургай, жинди болуп кала жаздайт, акыры, эски салт боюнча тогуз-он жаштагы кызын кудаланган жерине узатууга макул болууга күйөөсүн мажбурлайт. Ага күйөөсү менен кудасын (алар экөө тең жаңы көз караштагы карманышат) көндүрүш үчүн эчен алекеттен өтөт. Кинодо ушул салттын туура эмес экендигин аңдоо, ага каршы күрөшүү процесси карапайым аң-сезимдеги адамдар арасында өтө оор жүргөндүгү көрсөтүлөт. Мындай адамдын биологиялык, психологиялык, физикалык, социалдык жана башка таламдарын эске албаган салтты кудайга шүгүр элибиз жаратпаптыр. Күйөөсү өлгөн келинди күйөөнүн ага-тууганарынын бирине баш байлоо салты менен элибиз бир канча көйгөйдү оң жагына чечкен: келиндин статусун сактоону, балдарды эли-жеринен, үйү-жайынан ажыратпай, ошол ордунда калтыруу, атасынын ордун жакын тууганына өткөрүү менен биологиялык-социалдык жактан эле эмес, физикалык-психологиялык жактан да көп маселе оңунан чечилген. Жекече ар кандай жагдайлар болушу мүмкүн, бирок жалпысынан алганда бул өз мезгилиндеги мыкты салттардын бири болгон деп эсептөөгө болот. Белгилүү журналист Э.Нурушев Каныкейдин Көбөшкө каршылык көрсөтүп кетип калышынын маанисин төмөндөгүдөй чечмелеген жери бар: "...Бул эпизоддо эпос агасы каза болгондо жакшы тилек менен жеңесин кайнисине никелеп койгон ата салтын айрөктөйт, мындайга бардык эле ургаачы макул боло бербестигин

эскертет” [32, 97]. Эсенбай Нурушевдин “Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос” аттуу китебинде көптөгөн мыкты, бийик жана жаңы ойлор, кызыктуу көз караштар бар. Ал - кыргыз тилдүү аудиторияга жеткиликсиз болуп келген, түздөн-түз англис тилиндеги булактардан алынган көптөгөн баалуу маалыматтарды кыргыз тилинде жеткиликтүү жана кызыктуу баяндап берген абдан сонун китеп. Бирок автордун жогоруда келтирилген бир оюна макул эмесмин. Анткени, маселе, мында башка философиялык-психологиялык өңүттө келип чыгат. Эсиңиздерде болсо керек: Манас төрөлгөндө сүйүнчүгө чапкан көп адамдардын арасынан Жакыпты биринчилерден болуп Ак Балта табат эмеспи, ал сүйүнчүлөп: кандай бала туулганын сүрөттөп бергенде: Бай Жакып чочулап: “Менин башымды жечү балабы, // Мал-мүлкүмдү талатып,// Балаага мени салабы?” деген сыяктуу кесирдүү сөздөрдү айтканда: Акбалта аны келиштире жемелеп эсине келтирет эмеспи. Ошондуктан, элдин эң артында Канымжандын кыстоосу менен ыргылжың болуп араң чыкса да, башканын эмес, дал ушул Акбалтанын Жакыпты таап алганы бекеринен эмес. Анткени, ал бай Жакыпка тең ата тууган. Кемчилигин бетке айтууга укугу бар, ошого эрки жете ала турган адам.  Дал ошондо башталган күдүк ой Жакыпта өнүгүп олтуруп Манас өлгөндө апогейине жетет (эпос кылымдар бою оозеки түрдө жашап келгендигине карабастан, анда ойлордун логикалуу өнүккөндүгү таң калтырбай койбойт). Себеби, максат-мүдөөсү, масштабы боюнча ата-бала такыр эки башка деңгээлде турушат. Жакып майда мүдөөлүү пенде катары жеке өзүнүн кызыкчылыктары жөнүндө көп кам көрөт. Ал эми Манас жеке кызыкчылык деп бүт кыргыздын кызыкчылыгын түшүнөт. Баласы экендигине карабастан, Манас өлөөр менен Жакыптын ошол ичинде “өлүп” жаткан ич күптүсү баш көтөрөт, себеби, Манас Жакыптын дүнүйөкор психологиясын өзүнүн жоомарттыгы менен биротоло “ууландырып” бүткөн. Манастын тукумун биротоло соолутуп, Семетейди жок кылып, Каныкейди алып калып, анын баалуу касиеттерин эми өз кланына кызмат кылдыргысы келет. Эгерде, Жакып, эми Каныкей баланы алып Темиркан көздөй жөнөбөсүн, же, Манастын төшөгүн жат адамга бастырбасын, ошентип, баланын көзүн бирөөгө каратпасын, ошондуктан, ага бириңер үйлөнгүлө, ага салт жол берет – деген маселе койсо,

Каныкей ошого каршы чыкса, анда салт жөнүндө кеп кылууга болот эле. Мында, бир үй-бүлөнүн ичиндеги антогонисттик жана тоталдуу (бардык маселелер боюнча) карама-каршылык жөнүндө кеп болуп жатат. Ошондуктан, "Жакып-Көбөштөрдүн (Абыке мында пассивдүү жана эки анжы абалда болгону белгилүү) планына карата Каныкейдин каршылыгын" салтка апарып такоо анча туура эмес деп ойлойм. Жана бул салтты ошол учур үчүн жайлуу, прогрессивдүү болгон деген ойду айткыбыз келип жатат. Албетте, ал салт бүгүнкү күндө дайны калбай жоголду. Эл ичинде муну күчтөп сактап келаткан катмар түгүл, жеке адамдар да жок. Анткени, бүгүн андай зарылдык жок. Ар кандай шарт менен жалгыз калган аял, азыр өзү эле бир топ балдарды бага алат. Багып эле келатат. Ал эми өз мезгилинде жогоруда саналып чыккан көптөгөн проблемаларды оң чечкен мыкты салт болгон деген гана ойду айткыбыз келип жатат. Болгону ушул. Аны жандандырып, кайра жаңыртуу жөнүндө сөз да, ой да жок. Кеп, кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгы жана келечеги үчүн улуттун сакталышына, анын өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө боло ала турган, прогресске жол бере турган жакшы, мыкты салттарды сактоо, өнүктүрүү жана унутулуп бараткандарын (улуулардын тажрыйбаларын пайдалануу үчүн аксакалдар институтун жандандыруу сыяктуу ) жаңыртуу жөнүндө гана жүрүп жатат.

Эсенбай Нурушев көп жылдар Европада жашап, иштеп, англис тилиндеги илимий изилдөөлөр менен таанышып, биздики менен салыштырып отуруп, биз өзүбүз тоготпогон чыгармаларды, мисалы, "Аксаткын менен Кулмурза", "Олжобай менен Кишимжан" сыяктуу сүйүү дастандары Шекспирдин кайра жаратуусундагы "Ромео менен Жульеттанын" сүйүүсүнөн ашса ашып түшөт, эч бир кем калбайт деп баа берет. Ошондой эле кыргызда мизогнизм (эркектердин аялдарды жек көрүүчүлүгү) жок, тескерисинча гинофилия (аялдарды жакшы көрүү, сыйлоо) болгондугу жөнүндөгү ойлору, ага келтирген мисалдары абдан ынанымдуу. Мисалы: кыргыз элинин Каныкей, Айчүрөк, Сайкалдардын көркөм образдарын кандай сүймөнчүлүк менен көркөмдөгөндүгүн, кыргыздын келишкен мырзаларын, намысына шек келтирген сөз айтканы үчүн сулайта аткан Жаңыл кызды "Жаңыл Мырза" деп даңктагандыгын, реалдуу тарыхый личность Курманжандын

тагдырын келтирүү менен абдан сонун тастыктап берген. Ошондой эле түрк акындары Кутба менен Низами жараткан “Хосров менен Ширин” поэмасын салыштырып изилдеген окумуштуу, аялдардын эркиндиги, алардын ишмердүүлүгү бардык эле байыркы түрк коомунда жогору баалангандыгы жөнүндө кеп салат. Эми эле кыргыздын балдары каяктагы жок нерсени таап, “аял шайтан”, “аял азгырык” дешчү болду. Өздөрү абдан жакшы көрүп ооздорунан түшүрбөгөн “Бейиш аялдын таманы астында” дегенди, кыязы, алар өз энесинен башка эч бир аялзатына ыраа көрүшпөйт. Калгандын баары бузуку булардын көзүнө. Ошондуктан, аялды көрсө жүзүн буруп тескери карашат. Мындай нерсе, байыркы кыргыздын үч уктаса түшүнө кирбегендигин, кыргыз элинин тарыхы, оозеки чыгармачылыгы жана байыркы кыргыз элинин турмуш-тиричилиги менен атайлап таанышкан чет элдик саякатчы-окумуштуулардын өз көздөрү менен көргөндөрүн, өз колдору менен жазып калтыргандары кашкайтып көрсөтүп турганы менен, аны караган, окуган ким бар (кыргыздын жаш эркек балдарынын 90-95 пайызы кыргыздын тарыхын чанган молдолордун оозун карап мечиттерде жүрүшсө). Ушуларды айтып келип Э.Нурушев мындай корутунду жасайт: “Изилдөөчүлөр туура белгилешкен: кыргызда Умай энеден башталган ургаачынын культу күчтүү болгон” [33, 292-297]. Байыркы арабдарда кыз төрөлсө кумга тирүүлөй көөмп салуу адаты болуптур. Себеби, алар да кыргыздар сыяктуу дайыма жортуулда жүрүшкөн. Эгер кыздар душман колуна түшүп калып сексуалдык зордук-зомбулукка кабылып калса, биздин намыс-ариетибиз тепселет деген ойдо ушинтишчү экен. Кыргыз эли муну кыздарды аялуу жан катары катуу коргоого алуу менен чечишкен. Эже-карындашынын намыс-арына карата бүгүнкү күнү дагы кыргыз жигиттеринин өзгөчө сактык менен, өзгөчө кызганыч менен карары, алардын абийри үчүн өлүүгө даярдыгы ошол байыркы түшүнүктөн келаткан адат азыркыга чейин кыргыз жигиттеринин көкүрөгүндө сакталуу экендигин, 90-жылдардагы, 2010-жылдардагы окуялар көрсөттү. Ар бир элдин өзүнүн адат-салты, ошол элдин тарыхый басып өткөн жолу, жашаган жеринин географиялык бөтөнчөлүгү, адамдардын биригүүгө болгон муктаждыгынан келип чыгып калыптангандыгын эске алуу керек. Ырас ошондой болгондон кийин, жогоруда профессор Ж.Бөкөшев

айткандай салттын жеке адамды, ал эмес бүтүндөй эл-журтту сактоочулук күчүнө маани бериш керек да. Молдолор айтты деп эле аларды сокур түрдө ээрчий бербей. Дал ушул салттары аркылуу кыргыз тоо-таштын арасында ар бир уруу-урук өз алдынча күн көргөнүнө карабай жалпы тилин, каада-салтын, мааниси көөнөргүс көркөм чыгармаларын, бийик маданиятын, жүрүш-туруш этикасынын өзгөчө мыкты нормаларын иштеп чыга алган. Буларды жоюп кереги жок, тескерисинче сакташ керек. Ошол кеменгер ата-бабабыз эми көрүнөн тирилип келип, кайра салт калыптандырып бербейт бизге. Болгону ушу. Бирок, азыр мектеп жашынан мечитке каттаган кыргыз балдарында кыргыздын кызды сыйлоо, аялды сыйлоо адаты эмес, аларга жин-шайтан катары кыжырланган көз караш калыптандырылып жатышы толугу менен мүмкүн. Бул маселеге келгенде жер-жердеги мечиттин молдолору эмес, таанылган “авторитет” сөрөйлөрү өздөрүнүн көз караштарын интернет айдыңында тартынбай, уялбай-этпей, аларды жыргап угуп, коштоп жаткан мадырабаштардан башка дагы контингент бар экендигин эске албай, ээн-жайкын тантыгандарынан улам ойлоносуңда, жогорку деңгээлдегилери ушундай болуп жатса, мечитте абал кандай? - деп. Мечитте мектеп балдарынын кулагына ким эмнени куюп жатканын контролго алган ким бар азыр. Мына ушундай кооптуу жагдайлар бар экендигин эске алуу менен өспүрүм балдардын мечитке баруусуна биринчиден ата-энелер, экинчиден, өкмөт тарабынан тыюу салынышы керек.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Бай Жакып менен анын баласы Манастын кандай айырмачылыктары болгон?
2. Индия элинин салты менен кыргыз салттарынын окшоштугу жана өзгөчөлүктөрү?
3. Мизогнизм жана гинофилия деген түшүнүктөргө анализ жаса. Булардын кайсынысы кыргыз мүнөзүн чагылдырат?
4. Шекспирдик бийиктикте жаралган кыргыздын сүйүү дастандары жөнүндө сүйлөп бер.

**Бизге да ювеналдык юстиция жетип келбешине кепилдик жок...**

Германияда немецтердин ислам динин кабыл алуусу активдешип баратканын изилдеп көрүшкөндө, алар ювеналдык юстициядан кутулуу үчүн ушул жолго барып жаткандыктары байкалган (албетте, ислам аларга такыр башкача деңгээлде жеткирилет эмеспи). Ювеналдык юстиция аркылуу көпчүлүк ата-энелер өз балдарынан айрылып жаткандыгы жөнүндө кыргыз жергесине качып келген беш балалуу немец үй-бүлөсүнүн айтып бергендерин мындан он чакты жыл мурда кыргыз тилдүү гезиттердин бири жарыялаган эле. Кудайга шүгүр Кыргызстанда бул анча жайылтыла элек. Бирок, НПОлор аркылуу үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы тынымсыз иш-аракеттер жүргүзүлүп, түрдүү мыйзамдар сунушталып, алардын айрымдары кабыл алынып жатканы белгилүү. Балакеттин башында дал ушу иш-чаралар турат. Мисалы, америкадагы жашоо тажрыйбасы мол окумуштуу Ирина Мухина европалык үй-бүлө институтунун жок болушунун башында үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жөнүндө кабыл алынган мыйзам тургандыгы жөнүндө айтат. Мыйзам болгондон кийин андан ашыкча пайдаланган аялдар жана балдар болгон. Күйөөсүн сотко берген аялдар, ата-энесин сотко берген балдар көбөйгөн, ошентип, үй-бүлө институту жашоосун токтотконго жакындап барган. Албетте, үй-бүлө али бар, бирок, ал мурдагы үй-бүлө эмес... “Биз жаңы келгенде – дейт, Ирина Мухина, кыздарым мектепке бара баштагандан кийин: эмне биздин тапшырма аткаргандыгыбыз, жакшы баа алгандыгыбыз, үй жумуштарын жасагандыгыбыз үчүн силер акча төлөбөйсүңөр деп чыгышты. Анда силер да мага тамак жасагандыгым жана башка үй иштерин аткаргандыгым үчүн акча төлөгүлө – дедим. Өз ара сыйлоого, сүйүүгө негизделген салттуу үй-бүлөнү сактап калууга болгон күч менен аракет кылуу керек. Ал үчүн орус тилин, орус салтын сакташ керек”. Ошондо орус жана кыргыз үй-бүлөлөр арасындагы ынтымактулукту салыштырып карасак эле: биздин улуттук үй-бүлөлүк өз ара мамилелерибиз – жалпы адамзаттык масштабдагы баа жеткис баалуулук экендиги бүткүл чындыгы менен ачылып чыга келет. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-эне менен балдардын өз ара милдет-укуктары салттуу жол менен муундан-муунга берилип, салт аркылуу кармалып турушу

эмне деген асылдык. Ошондуктан, карылар үйлөрү менен жетим балдар үйлөрүнүн көбөйгөндүгү, кыргыз каада-салттарынын күчү кайтып жаткандыгын көрсөтөөрүн айтпаган адам калбады. Бул кубулуштун натыйжалары биз элестеткенден да түрү суугураак экендигин, жогорудагы ювеналдык юстиция жөнүндөгү фактылар тастыктап турат. Ошондуктан, "үй-бүлөлүк зомбулук" деген түшүнүктү кыргыз тилинин лексикалык корунан чыгарып эле салыш керек. Себеби, ал мыйзам иштегенден үй-бүлөдөгү зомбулук азайып кетпейт, зомбулук көрсөткөн адам ал каерде болбосун кылмышкер деп эле аталыш керек. Анткени, "үй-бүлөлүк зомбулук" деген аталыштагы статья үйдөгү зомбулукту азайтпай, тескерисинче нормалдуу үй-бүлөнү сөзсүз жок кыла тургандыгын европалыктар өздөрүнүн талкаланган үй-бүлө институтун мисалга тартуу менен какшап айтып келатышат. Мектеп мугалимине окуучуга катуу сүйлөөгө тыюу салынгандыгы: мектепте билим берүүнү, тартипти канча алсыздантландыгын эстен чыгарбоо керек. Албетте, окуучуга күч колдонуу, ага карата арам тилди агытуу туура эмес, бирок, муну биротоло тыюуга акырындык менен табыгый түрдө жетишүү керек эле. Анткени, мугалимди таасир этүүчү куралынан (опузалоодон) тез эле ажыратып койдук, бирок, билим алуу өзүнүн келечеги үчүн канчалык маанилүү экендигин окуучуга автоматтык түрдө түшүндүрүп коюу мүмкүн эмес экен да. Ошентип, мугалим унчукпайт, окуучу түшүнбөйт, үйдөгү ата-эненин деңгээли, шарты, мүмкүнчүлүгү ар түрдүү... ошондо, бул жерде ким зыян тартып жатат. Албетте окуучу, ошол окуучунун үй-бүлөсү. Ал барып-келип түпкүлүгүндө мамлекеттик зыянга айланат. Мына ушу жерден өзүн-өзү сактап калгысы келген улутка жардамга келчү, аны сактап калчу бирден-бир күч ар бир улуттун ата салттарында жана буга чейин иштелип чыккан тиричилик өткөрүүнүн улуттук жолдорунда... Өнүккөн мамлекеттердин технологиясын колдонуш үчүн аларга кул болуш керек. Биз европалык мамлекеттердин элдерине окшоп табиятка зыяныбызды тийгизген жокпуз, аларга окшоп, бирөөбүз эле тонналаган мусорлорду чыгарып жаткан жокпуз, бизге ата-бабабыз белек кылган жерибиздин потенциалынын чекесин оё элекпиз. Мамлекеттин актуалдуулугу өзүнөн-өзү жоголуп жаткан жок. Ушул иштин башында турган ойрондордун кылып жаткан жумушу.

Анткени, алардын бардыгы жеке адамдар жана бул дүйнөдөгү акчанын эң көп пайызы алардын колунда, бүт технология ошолордо. Ошондуктан, аларда мамлекеттик кызыкчылык жок. Алар бүт ааламды каалагандай башкаруу укугун алууга умтулуп жатышып, өздөрүнө адамзат алдында бир да милдет аркалагысы келген жерлери жок. Алар үчүн кыргыздын жери, казактын жери, орустун жери деген түшүнүк жок. “Жер планетасы биздики, кеч боло электе, аны “ашыкча ооздордон” арылтышыбыз керек” деген, жеке өздөрүнүн алдыларына коюп алган милдеттери гана бар. Эми биздин ар бирибиз (бүт адамзат биригип туруп) алардын колунан адамча жашоо укугун талашып, тартып алууга милдеттүүбүз. Ансыз бизге жашоо жок. Бирок, адамзат өтө кечикти. Алар бизди макулукка айлантуунун камын качантан бери көрүп жүрүшүп, бул жаатта көптөгөн ийгиликтерге жетишишти: гейлердин, лесбиянкилердин укуктары сакталыш керек дегенди адамдардын мээсине киргизишти; бир жыныстагы адамдардын үй-бүлө курушуна жол берген мыйзамдар көптөгөн мамлекеттерде кабыл алынды; мамлекеттен жеке адамдан укугу өйдө турат деп жүрүшүп, мамлекеттин түркүктөрүн алсыратышты; медицинаны талкалашты (адамдарды азайтуу үчүн миллиарддаган долларларын коротуп жаткан аларга оорулууну айыктыруунун эмне кереги бар), эми билим берүүгө кезек келгенин билим берүү системасында иштеп жаткан биз ачык-айкын сезип жатабыз, мектеп окуучуларына генди өздөрү аныктоо укугу, арзан наркотикти кайдан табуу керектиги жөнүндөгү маалыматтарды берүүгө “биз алардын маалымат алуу укуктарын чектөөгө акыбыз жок” деген кооз фразалар менен жетишип жатышат. Ювеналдык юстиция дегени менен үй-бүлө институтун талкалап жатат, ж.б., ж.б. Жогоруда мисал келтиргендей, ювеналдык юстицияга мыйзамды туу тутуп жашаган немецтер чыдабай качып, мусулманчылыкка өтүп жатышса, биз кеч боло электе этегибизди жаап, “үй-бүлөлүк зомбулук” деген түшүнүктү өзүбүздүн бала-чаканын аң-сезимине жолотпой, салттуу үй-бүлөнүн түркүктөрүн бекемдейли. Ал закон өзүнүн адресаттарына (зордукчуларга) эч таасир эте албайт, бирок нормалдуу үй-бүлөнү акырындык менен жок кылат. Ал эми үй-бүлө жок жерде нормалдуу коом, этнос, улут, мамлекет жок. Мурда

мамлекет элди сактачы эле, азыр эл мамлекетти сакташы керек болуп жатканын түшүнөлү урматтуу улутташтар!

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ювеналдык юстиция деген эмне?
2. “Үй-бүлөлүк зомбулукту жоюу” мыйзамын жок кылуу үчүн күрөшүүнүн мааниси эмнеде?
3. Немец улутунун арасына бүлүк салып жаткан күчтөн, кантип кыргыз үй-бүлөсүн сактап кала алабыз?
4. Мамлекеттүүлүктү өз деңгээлинде сактап калууда кыргыз салттарынын мааниси?

## Санариптештирүү саясатынын артында эмне жатат?

**Бул суроого жооп бериш үчүн сөздү бир топ алыстан баштоого туура келет...** Чанда болсо да дүйнөнү дүңгүрөткөн өлүм кабарлары болуп турат. Ошондой кабар Америка Кошмо Штаттарынын кезектеги президенти Жон Кеннединин өлүмү болгон экен. Дүйнөлүк державанын номур биринчи адамын чаламайдын чак түштө, ошончо элдин көз алдында атылып салышы жана аны жасагандардын табылбашы – кимге да болбосун жамандыктан кабар берген чоң сигнал болушу керек экен. Жон Кеннединин, Италиянын премьер-министри Аль до Мордун, Пакистандын премьер-министри Али Бхуттонун, Иран шахынын, кыргыздын премьер-министри Н. Исановдун, күнү кечээ болгон ирак генералы Сулейманилердин өлүмү менен С. Жапаровдун түрмөдө отурушунун мындай карасаң эч бир байланышы жоктой сезилет. Булардын тескерисинче, дагы бир таң каларлык жагдай – кыргыз, украина революцияларынын ийгиликке жетпегендиги, революция менен келген күчтөрдүн, кайра эле мурдагылардын жолоюна түшүүсү, акыркы мезгилде Зеленскийдин да реформаларын токтотуп, унчукпай калышы – ушулардын баары бир жипке байланып, кошоктолуп келген, бир күчтүн: биринчилери курмандыктары, экинчилери болсо, өз элинин кызыкчылыгына каршы, ошол күчкө унчукпай макул болуу менен ошол көзгө көрүнбөгөн, бирок, спрут сыяктуу баар-жокко тырмагын батырып

турган эбегейсиз күчкө ээ “чеңгелдин” дүйнөгө кылган кыянаттыгынын жергиликтүү улантуучулары болуп калышы экен. Сөз түшүнүктүү болуш үчүн төмөнкү мисалдарды келтирейин: Американын Бури аттуу (кыязы, Бөрү окшойт), байыркы кыргыздарга окшогон маңыроо, ак жүрөк, ишенчээк бир уруусунун жери алтын менен алмазга толтура болгон экен. Ошол кенчти тартып алыш үчүн Улуу Британиянын ошол кездеги ханышасы Виктория (азыркы королева Елизавета экинчинин түпкү чоң энелери) ал урууга согуш жарыялайт. Туруктуу Армиясы жок, куралы жок, эли сегиз жүз миңдин айланасындагы Бурилерди жеңүүгө бир жума жетет деп эсептеп, тишине чейин куралданган 400 000 миң аскер таштатат экен. Бирок, согуш 3 жылга созулуптур. Кайран эл, кайран жер, кайран каармандык сапаттар. Ошонун баары Королеванын укум-тукумунун беймарал, жыргал, жаркыраган бай турмушта, куунак жашоосунун курмандыгы болуптур. Ал күч, алтын көргөн жерден алмайынча кайтпайт экен. Эми түшүнүктүү болгондур, эмне үчүн Н. Исанов өлүп, эмне үчүн С. Жапаров түрмөдө отургандыгы. Бечара Н. Исанов “өз тукумубуздун казууга алы жеткенче Кум-Төргө тийбейли” деген экен. Кеменгер адам болгон экен кайран киши. Азыр А. Акаев жылмаңдап, “менин эч кандай күнөөм жок” деп, миң кайталап айтып отурат. Анын эң чоң күнөөсү, дал ушул Кумтөргө афёраны аралаштырганы болуптур. Жанагы, Н.Исановдун айтканындай болуп Кумтөрдүн ачылбагандыгы абдан туура болмок, ачылдыбы, андай жерге, каршы тургандардын баарын жолдон алып таштап жетүүгө, көзгө көрүнбөй туруп баар-жокту башкарган ошол атына табу коюлган күчтүн акылы, айла-амалы жетет экен. Муну окугандардын ичинен кимдир-бирөөлөр мыйыгынан жылмайып: “билбей эле сүйлөй беришет, Кумтөргө Улуу Британиянын королоевасынын дагы, “Комитет зоо дүн” (айтымдарына караганда экөө бир эле экен) дагы эч кандай тиешеси жок” дээр. Балким чындыгында жок. Бирок, Кумтөрдү казып жаткан кампания да ал күчтөн мыкты эместигине (нравалык маселелер боюнча), башканы болбосо да, кыргызстандын бийлигин каалагандай калчоого күчү жете тургандыгына Н. Исановдун өлүмү түздөн-түз далил. Ошондой эле С. Жапаровду бардык мыйзамга жана адамгерчиликке каршы туруп, ошончолук көшөргөндүк менен түрмөдө кармоо, биздин бийликтин кандайдыр

бир күчтүн алдында алсыз болуп жатканын көрсөтпөгөндө эмнени көрсөтөт? Кыргыздын сөзү менен айтканда, С. Жапаров бийликтегилердин кимдир-бирөөсүнүн атасын өлтүрбөсө? Кандай болгондо да океандын ары жагынан топтолуп келген жексур афёрлордун бала-чакасынын жыргалы үчүн бүтүндөй кыргыз жери эле эмес, кол тийгис мөңгүлөрүнөн бери бүлгүнгө учурап, кыргыз эли азап тартып жатканы аз келгенсип, ошону ачык айтып койгондугу үчүн кыргыздын бир кулунунун чымындай жаны чыркырап, тирүүлөй тозокко күйүп жатыптыр? Мында, С.Жапаровдун чыгарылбай жаткандыгы – азыркы бийликтин жеке эле байысак деген кызыкчылыгынан да жогору турат шекилди? Алар өз жандарынан да коркуп жатышы мүмкүн. Себеби, жогоруда бир топ мамлекеттердин өлтүрүлгөн башчыларынын аты-жөнүн бекеринен келтирген жокмун. Ошолордун баары, алардын айтканын укпай, өз элинин кызыкчылыгын көздөгөндүктөрү үчүн өлтүрүлүптүр. Айрыкча, Жон Кеннединин чак түштө, көпчүлүктүн көзүнчө өлтүрүлгөндүгү - мамлекет башчыларына берилген сигнал болгон экен. “Биздин айтканыбызды кылбаган мамлекет башчысы” так ушундай болот” – деген көрсөтмөлүү мисалы экен (т.а. Ж.Кеннеди кайсы бир фондду улутташтыргандыгы үчүн өлтүрүлүптүр, Мисалы, Ж.Буш алардын алдына түшүп алып, айтканынын баарын кыла берип, Американын өзүнүн башкы вазийпасынан (эркиндиктин тиреги болуудан) артка кетүүсүнөн баштап көптөгөн зыяндарды алып келиптир, ал зыяндардын эң башында билим берүүсүн талкалагандыгы туруптур). Ал эми өз элин талап-тоноп, кууруп жеген президенттер буларга майдай жагып, эркине коет экен. Себеби, мындай президенттер, элди ар тараптан кысып олтуруп, акыры айласын кетирип, адегенде, акыл-эсин өнүктүрбөй токтотуп (акылы жок, билими жок элди башкаруу да, жок кылуу да оңой эмеспи), анан өзүн кырып-жоюп адамдардын санын азайтуу үчүн эбегейсиз акчаларды жумшап жаткан бул топтун ишин жеңилдетишет экен да. Италиянын премьер-министри Аль да Мордун өлтүрүлүшүнө ханыша Елизавета II нин сүйгүнчүгү Генри Киссинжер (мамлекеттик катчы) көрсөтмө бергенине түздөн-түз далилдер турса да сот тарабынан эске алынбай жаткандыгын кан-какшап айтып да эч ким, эч нерсеге жетише албаптыр. Ал эми Ирандын шахы өз өлкөсүнө наркотиктин

киргизилишине кескин тыюу салган буйругу үчүн өлтүрүлүптүр. Анткени, Улуу Британиянын королевасы Елизавета II нин бала-чакасынын азыркыдай гламурь жашоосун камсыздап туруш үчүн, ошол бир миллиондон ашык Иран наркомандарынын салымы аябай зор экен да көрсө. Дайыма күлүмсүрөп, күнөөсү жок жандан бетер үлбүрөгөн ханыша айым, өзүнүн үй-бүлөсүн андай кирешеден айырган адамды каерден болсо таап, жастым кылууга жөндөмдүү желмогуз экендигин түшүнсөңүздөр, биздин бийликтин С.Жапаровду бошотпой жатуусунда жогорудагы келтирилген тагдырларды кайталап калуу коркунучу да толугу менен болушу мүмкүн экендиги эсиңиздерге келер. Эмне кылуу керек? Саныбыз аз, жок-жарды өлкө болсок да, тарыхыбыз терең, санатыбыз кенен, бекем калыптанган салт-санаасы, маданияты бар түптүү, нарктуу элдин тукумубуз го (эч кандай адамдык наркты тааныбаган, жалаң компьютер сүйлөгөн, цифрадан башканы билбеген санарип заманы (биздин президенттин оозунан түшпөгөн) келатат... Бирок, азырынча адамдык акыл-эстен айрылып кала элекпиз го...). Каякта экени белгисиз күчтөн коркуп, колубузда турган бир кулунубузду сактай албай, акыры бир күнү тындым кылып койгончо отурсак, эл катары жер бетинде басып жүрүүгө акыбыз болобу же болбойбу? – деп суроо салгым келет баарыңа. Чечендер кыйын экен, алыскы чеченстанында жатып эле, кыргызстандын түрмөсүндө отурган бир хулиганын чыгарып кетишти. Н.Исановду болуптур, кайрып келе албайбыз. С.Жапаров азырынча тирүү, бирок эртеңкиси аябай бүдөмүк. Болуп кетер шумдукту болтурбай калууга, С.Жапаровду чыгарып алуунун, сактап калуунун кантип эле айласы табылбайт? Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат дейт го, чындасак амал табылаар...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз саясатына алыскы Великобританиянын тийгизген таасири?
2. Кыргыз элинин алтынга (“ал да тын”) тиешелүү көз караштарынын терең мааниси эмнеде?
3. Глобалдык алааматтан өзүбүздү кантип, эмненин жардамы менен сактай алабыз?

**Мамлекеттин да иммундук системасы болушу зарыл** дейт Ирина Мухина деген Америкада жашаган орус окумуштуусу. “А иммунной системой государства являются образование и медицина, как говорит мой умный папа: особенно образование, это прямь, как детородный член мужчины”. Мен жогоруда айткан мисалдар көптөгөн окумуштуулардын китептеринен, Айн Дэвик аттуу жазуучунун интервьюларынан, Ж.Колёмандын “Комитет 300” деген китебинен алынды. Ошол Ж.Колёман жазат: **“Комитет 300” түзгөн Жаңы Тартиптин программасында: түрдүү өлкөлөрдүн билим берүүсүн начарлатуу дагы бар** – деп. З.Хашимов деген табып, өткөндө коронавируска карата президентке, саламаттыкты сактоо министрине жолдогон катында: “Манас 1”, “Манас 2”, “Манас 3” программалары менен кыргыз медицинасы кантип талкалангандыгы жөнүндө кеп кылган. Жакында менин коллегам айтат, “ишим түшпөгөн үчүн билбептирмин, биздин медицина жок болгон турбайбы” деп. Муну эми баары эле айтып жүрөт. Россиялык тарыхчы жана саясий аналитик Андрей Фурсов кечээ жакында берген (pravda.ru) “COVID-19 сегодня жана после” деген интервьюсунда: “Мамлекеттин (Россия федерациясын эске алып жатат) билим берүүнү дистанттыкка өткөрүүгө болгон аракети абдан кооптуу, билим берүү личносттук гана болууга тийиш” деп билдирди. Ошондой эле реалдуу илим университеттерден тартылып алынып жатат, университетке экинчи, үчүнчү деңгээлдеги мааниге ээ эмес нерселер калып, чыныгы жашоону камсыздоочу илимдер университеттин сыртына алып чыгылганы жатат” – деди. Чындыгында Кыргыз мамлекетинде да азыр билим берүүнү, ушул тармакта иштеген бизге, өзүбүзгө, өз колубуз менен талкалатып жатат. Кантип дебейсиздерби? Ушинтип эле. Булардын методикасынын кылдаттыгы ушунчалык экен, мамлекеттүүлүк арабабыз шалдырап, акыркы деми менен араң келаткан биз эмес, Россия сыяктуу зор өлкө дагы билим берүүсүн талкалатып алып, эми артка кайта албай, же алдыга жыла албай (бул билим менен алдыга жылууга мүмкүн эмес да), орто жолдо чайналып жатса, “Кытай деген кылым эл” деп биздин бабаларыбыз баа берген кытайлар: элинин саны, экономикасынын жогорулугун эске албаганда деле, алардын кыл жылдырбас консервативдүүлүгүнүн алдында дагы, буга чейинки тарыхында бир канча жолу, ушул көзгө

көрүнбөгөн күчтүн кишенине бут салып, торбосун башына илип алып, кайра зорго кутулган учурлары болуптур, буларга Россия менен кытай алданып жаткандан кийин, биз байкушка эмне шам. Болушубузча болдук да. Бирок, жок дегенде ушу жерден болсо да артка кайтууга аракет кылышыбыз керек. Болбосо жок болгонубуз ошол...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Мамлекеттин иммундук системаларын эмнелер түзөт?
2. Бу же тиги мамлекеттин билим берүү, саламаттыкты сактоо жана үй-бүлө институтун алсыздандырууга кимдер эмне үчүн кызыкдар экен?
3. Мамлекеттүүлүккө каршы карөзгөй күчтүн башында кимдер турат?

## Санарип саясаты

**БИЗ - компьютерге, жаңы технологияга, окутуунун инновациялык методуна эмес - аларды адамдарды электрондук кулга айлантуу максатында колдонууга каршыбыз.**

Адамдын интеллектин компьютердик алгоритмге өткөрүүгө негизделет. Адамдан, анын негизги касиети болгон - ой жүгүртүү жөндөмү тартылып алынат. Санарип саясатындагы негизги маселе ушул. Биз ушуну жакшы түшүнүшүбүз керек. Анткени, компьютердик алгоритмге өткөрүлгөндө: адамдын кругозору кескин тарытылат, ой жүгүртүүсү начарлайт, натыйжада, адамда ой жүгүртчү организми жоголот (атрофируется), адам ой жүгүртүүсү боюнча компьютерден артта калат. Адамзатта прогресс токтоп, регресс гана жүрөт. Адамдар жарым айбан кейпине келет. Азыркы бийликтин сөз обороттору да санариптин келечегине карай өзгөрүүдө деп ой жүгүртөт окумуштуу Ольга Четверикова. Мишустин (орусиянын жаңы премьер-министри) дайыма: “наши люди” деп сүйлөйт. Анын мындай жаргону: адамдардын личносттук жүзү жоголуп, айбандардын тобуна айлана тургандыгынан кабар берип турат. Цифровизация (санарип) – бул, бизнестин дини. Адамдарда бир гана: акча иштеп табуу каалоосу гана калат. Санарип экономикасы – бир жагынан ал кадимки экономиканы түшүндүрсө, экинчи жагынан, ал, адамдардын

биомаалыматтары менен тыгыз байланыштуу. Биомаалыматтар алтындын ордуна бааланып биржада сатылат. Биринчи, ким эмне сатып алгандыгы жөнүндө маалыматтар, экинчи, жолдо ким, эмне кылгандыгы жөнүндө маалыматтар, үчүнчү, сенин чөнтөгүңдө эмне бар экендиги жөнүндөгү маалыматтар. Бул маалыматтар эмне үчүн керек экендиги өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп тургандыр. Адам бардык жерде өзүнөн электрондук из калтырып жүрөт, санарипте адам субъект эмес, объект катары каралат. Эң коркунучтуусу: сенин же менин маалыматтарымды бир кылмышкердин маалыматтары менен алмаштырып койсо, ал, компьютерге салганда, алгоритм боюнча: “маалыматтардын 60 пайыздан ашыгы туура келет, бул ишке сен күнөөлүү экендигиңдин мүмкүндүгү чоң” деп чыгарып койсо, компьютер менен эч ким талаша албайт, сен, күнөөсүз күнөөүү боюнча жаза тарта бересиң. Ошондуктан Россияда санариптешүүгө өтүүдөн мурда ушундай талаштуу маселелер болгон учурларда, адам коргоно алуучу мыйзамдарды Конституцияга кабыл алуу сунушу киргизилип жатат. Ал эми кытайда болсо социалдык рейтинг ишке ашырылууда. Эгерде, рейтингиң жакшы болсо анан социалдык проблемаларыңды чечүүгө жол берилет (жумушка кирүү, балдарды мектепке берүү, чет өлкөгө баруу үчүн самолётко билет сатып алуу сыяктуу). Эгерде сенин жүрүм-турумуң компьютердик алгоритм боюнча оңдуу чыкпаса, анда болду, сен жогорудагы адамдын жашоосу үчүн эң зарыл нерселерди ишке ашыруу мүмкүндүгүнөн айрыласың.

Ирина Мухина: америкалыктар кичинекей дене оорусуна, кичине ыңгайсыздыкка (комфорттук эмес жашоого) такыр чыдамын жоготкон – дейт. Табияттын мыйзамы боюнча ооруган организмге өзүн-өзү дарылап алууга мүмкүнчүлүк берилиши керек, ал эми америкалыктар кичине ооруну дагы антибиотиктер менен басып салууга биротоло көнүшкөн. Бул бара-бара адамдын денесин жасалма механизмге айландырышы мүмкүн да. Эми адамдын акыл-эси, аң-сезими менен да ошону жасоого аракет кылып жатышат. Адамдын жашоосу, адамдык маңыздан ажыратылуунун алдында турат. Биз азыр реалдуу да, виртуалдуу да жашап жатабыз. Биз тирүүбүз, бирок, эч нерсе жадыбызда жок, мисалы, эң жакын адамдарыбыздын да телефон номерлерин жатка билбейбиз. Анткени, номерден баштап баарын кызмат көрсөтүү

технологиясына оодарып салганбыз. Албетте, бул биздин эс тутумубузду камсыздап турчу органыбыздын жоголуусуна алып келет... Демек, азыр биз, бир кезде адамдардын баарына “алтынчы сезип-туюу организми” иштеген экен деп, бүдөмүк билген сыяктуу, азыркы деңгээлдеги интеллект келечек муундарыбыз үчүн бүдөмүк эс тутумга айланышы мүмкүн. Азыркы адамзаттын негизги түйшүгү – тукумга комфорт жашоону камсыздоо эмес, ушу, адамзаттын алдыда боло турган шойкомдуу болочогун болтурбоо максатына арналуу керек.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ч.Айтматовдун маңкурт жөнүндөгү икаясы: санариптик электрондук кул жөнүндө экендигин эми түшүндүңүзбү?
2. Санариптен сактануу щити боюнча түшүнүктөрдү өөрчүтүүнүн зарылдыгы тууралуу изденип эссе жазгыла.

**Санарип мектеп, кандай мектеп?**

Санарип мектеп - билим берүүнүн жаңы түрү. Муну касталуу билим берүү десе туура болот. Анткени, электрондук (санариптик) мектеп көпчүлүктүн балдары үчүн, ал эми тандалмалуулардын балдары салттуу мектептен гана билим алышат. Себеби, электрондук мектептер баланын мүмкүнчүлүктөрүн ачууга умтулбайт, керектүү кесиптер эске алынат жана ошого (негизинен тейлөөчүлүккө: курьерликке мисалы) багыттап окутушат. Ал эми байлардын балдары окуган мектептерде мындай санариптешүү колдонулбайт. Ушундай жол менен коомдо эки деңгээлдеги адамдар пайда болмокчу: тандалмалуу адамдар жана социалдык группалар. Экинчи топтогу адамдар канчалык санарип эркиндигине умтулушса, ошончолук көбүрөөк, санарип туткунуна айланышат. Технология өнүгүүгө реалдуу жардам берет, бирок, бул, адамдардын аң-сезимин колго алуу менен коштолот. Мурда жазганды, тилди, адабиятты баланын мээсин кыймылга келтирүү үчүн окутушчу. Эми болсо негизги максат – Цифра. Адамга таандык бардык нерселер жок кылынат. Бир гана цифра калат. Жалаң цифра адамдардын адамча ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жоготууга алып келет.

Ата-энелер балдарды калыптандыруу кандай жүрө тургандыгын түшүнүүсү керек. Мурда элдик каада-салттар менен бала бакча, мектеп, ЖОЖдор муну ишке ашыруунун ишенимдүү таянычтары жана булактары болуп келген. Азырчы? Азыркы жаштар өзүнүн жакындарына, ата-бабаларына караганда, башка дүйнө, аалам менен тыгыз байланышта. Алар “Гугл”, “Майкрософт”, “Фейсбук”, “Эфем”, “Амазон” – желелеринде отурушат, аларда бир гана каалоо: көбүрөөк акча табуу. Бул желелер адамдардын, айрыкча жаштардын убактысын улам көбүрөөк алууда. Азыр биздин номур биринчи маселебиз, ата-бабаларыбыз бизге өткөрүп берген: каада-салттарды, кыскасы, адамча жашоонун илимин аларга өткөрүүнүн жолун кандай болсо да табуубуз керек. Эң биринчи адамдарды жерден ажыратышкан, андан кийин өндүрүштөн алыстатышкан, эми болсо, адамдарды өз уруусунан, жакындарынан ажыратып, дүйнө боюнча тентиген тоталдуу көчмөн кылууга даярдап жатышат, бул адамдык, улуттук, этностук идентификацияны жок кылуунун эң ишенимдүү жолу дейт, Ирина Мухина. Ушундай глобалдуу маселелердин контекстинен алып, өзүбүздүн жергиликтүү, улуттук маселебизди караганда Элмирбек Иманалиев баштаган төкмөлөрдүн жана манасчылардын кызматы көз алдыңа келет. Алар кайсы бир деңгээлде жаштардын көңүлүн төкмөлүккө, улуттук негизги эпоско кызыктыра алгандыгы, алардын мамлекет алдындагы, эл алдындагы абдан чоң кызматы болуп эсептелет. Төкмөлүк, манасчылык аркылуу алар жаштардын белгилүү бир бөлүгүн эне тилге, каада-салттарга жана башка улутубузга тиешелүү нерселерге көңүл бурдура алышты. Азыр ушул ишти мамлекеттик деңгээлде колго алуунун кезеги жетмек тургай, кечигип баратат...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Цифралуу (санариптүү) келечектин кооптуулугу жөнүндө ой жүгүрт.
2. “Тоталдуу көчмөн” болуудан сактан.
3. Кантип көп акча табууга болору жөнүндө какшагандардын философиясынан баш тартып, “Бардыгы адам уулун адам кылууга” багытталган кыргыз салттарын үйрөнүүгө бет бур.

**Семинарларда козголуучу темалар:**

1. Когнитивдик функцияны өзгөртүүчү технологиянын балдардын ден соолугуна тийгизүүчү зыяндары.
2. Азыр сунушталып жаткан окутуунун каражаттары, баалоо системасы – социалдык-саясий проект, анын максаты адамдын жаңы түрүн (тоталдык көчмөндү) жасоо – деген көз караштардын башаты кайдан башталып жаткандыгы жөнүндө.
3. Билим берүүдөн советтик системаны кубалоонун максаты жөнүндө ой бөлүшүү.
4. Эмне үчүн мамлекетти билим берүүдөн алыстаткылары келип жатат?
5. Эмне максат менен калктын 10 пайызы гана билимдүү болуш керек деген ааламдык проект ишке киргизилген жана анын жаман жактары?
6. Беш баллдык баалоо системасын жок кылуунун артында кандай карөзгөй саясат жатат?
7. Коомду касталаштыруу билим берүүдөн башталат...
8. Гаджет, айфон, санарип мектеп жана гмо тамак-аш көпчүлүк үчүн, саналууларга - классикалык билим, табыгый тамак-аш жана компьютерсиз, интернетсиз, айфон-гаджеттерсиз жашоо.

“Нью-Йорк Таймс” пишет: “Все ведущие богатые люди говорили: “гаджеты, айфоны для бедных, а классическое образование, естественные еды для богатых”. **Очень широкая просветительская, очень широкая работа нужны, без этого совершается то, что хотят, хозяева деньги.**

## *Г Л О С С А Р И Й*

**Бифуркация чекити** – өткөндүн келечекке таасир эте албай калуу кубулушунун келип чыгышы.

**“Билим берүү – мамлекеттик фаллос”** – билим берүү мамлекеттин бала жаратуучу органы (образование для государства важен так, как детородный член мужчины).

**Ваксинация тарыхы** – 1962-жылы американын президенти Жон Кеннединин бир тууганы тарабынан сунушталган, бирок, андан бери адамдын организминде абдан көп өзгөрүүлөр болду... (окугула. булак: интернет)

**Фонд “Миленди”** - Билл Гейтст жана анын жубайы Миленда уюштурган фонд, бул фонддун алдыдагы глобалдуу пландарынын бири: вакцинациянын жардамы менен адамдардын санын 10-15 пайызга азайтуу.

**Вакцинацияны жалпы элдик кылуунун жолу** – ким өзүнө вакцинацияга жол берсе, ошол гана жумушка кире алат, балдарын мектепке бере алат, самолётто уча алат ж.б., ж.б.

**Эмне кылуу керек** – паникага алдырбоо, айтылып жаткандарга терең түшүнүү, болуп жаткан окуялардын терендеги маанисине жетүү.

**Эмне үчүн ушундай иштер болуп жатат**? **-** капитал өнүгүүсүн токтотту. Демек байуу, же, жок дегенде байлыгын сактап калуу максатында дүйнөнү кайрадан бычып бөлүштүрүп чыгуу иштери жүрүүдө. Жана бул иштерде жалпы адамзаттын кызыкчылыгы үчүн орун жок. Маселенин баары: глобалисттердин кызыкчылыгына гана ылайык чечилүүдө. Бүгүнкү күндөгү эң чоң коркунуч ушунда.

**Эмне үчүн окумуштуулар долларды “фантикке” салыштырышууда** – себеби, азыр доллар мурдагыдай алтын менен бекемделбей туруп эле чыгарылып жаткандыгында.

**“Экологический, Духовный Единый Мир”** (Экологиялык, Руханый Бирдиктүү Дүйнө) – Мухаммед Сидик Афган негиздеген Бүткүл дүйнөлүк программанын аталышы. Программада: адамдарга позитив берүү каралган. Кудай бизди көрүп турган жана баарыбызды түшүнгөн маңыз – деген концепцияны жактайт.

**Мухаммед Сидик Афган** – глобалисттерди жек көргөн, алардын адамзатка каршы планына жолтоо кылып, ишке ашырбоону көздөгөн, азыркы доордун залкар, дүйнө боюнча атактуу инсандарынын бири.

**Рим клубу жана анын милдеттери** – бул уюмдашуу кутумдарын официалдуу жашыруу.

**Ж.Буш** - "Комитет 300" дүн америкалык балдарды чыныгы билимден айыруу максатын колдогон президент катары Американын тарыхында калды.

**Санарип мамлекети кандай мамлекет?** 2010-жылы Россиянын Конституциясына бир маанилүү өзгөртүү киргизилген – бул өзгөртүүгө Думадагы оппозициялык депутаттардын баары каршы болушкан, себеби, ал өзгөртүү менен Мамлекет, кызмат көрсөтүү мекемесине айланган, муну бийликке оппонент депутаттар: такыр мүмкүн эмес нерсеге жол берилди деп эсептешкен. Себеби, санарип саясатынын талабы ушундай болгон, анткени, санарип мамлекети – жеке бизнестин негизинде гана жашай алат

**Герман Греф –** Россиянын сбербанкынын төрагасы. Билимдин ачык-айкындыгына каршы. Ал башкарган банктын платформасында – адамдардын жеке жашоосуна орун жок.

**Жети иллюминат** – дүйнөнү башкаруунун тизгин ээлери. Алар дүйнөнү оңой башкаруу үчүн баарын бир түргө келтиргилери келишет. Көп түрдүүлүк башкарууну оорлотот деп эсептешет.

**Банк системасы эмнеге негизделет?** – адамдарды башкаруу үчүн банк алдоого гана негизденет. Бүтүндөй банк системасы алдоонун түрдүү формулалары.

**Эмне үчүн ар улут өз салтын сактап, ошону менен гана жашашы керек?** – анткени, улут кайсы жол менен алдыга жылып, кантип жашоо керектиги ошол салттарда гана көрсөтүлөт. Жашоодогу калган жоболордун баары жети иллюминаттын кызыкчылыгына негизделген.

**Көйгөйлөрдү атайлап жаратуу, аны чечүүнүн жолдорун табуу сунуштары:** адамдарды ойлондурбас үчүн керексиз жумуштар менен көөмп салуу.

**Нейронет** – адамдын мээсин компьютерге туташтыруу.

**Электрондук кул** (электронный раб) – компьютер менен башкарылган жандык (муну адам деп атоого болбойт. Кыргызча айтканда - маңкурт)

**Орхонт** – Америкада жылына 100 миңден ашык балдар жоголот, бирок, эмне кылсаң да күнөөкөрлөр табылбайт. Анткени, Ротшильд баштаган бул дүйнөнүн кыйындарынын баары наристелердин канын ичишет жана бул кан ичерлерди "орхонттор" деп аташат.

**"Варварлар"** – Батыштын эли үчүн Евразия элдери дайыма "варварлардын (жапайылардын) тукуму" жана бийик технологияны (батыштын адамдары чыгарган) өздөштүрө албай турган, түккө турбаган пенде сөрөйлөр болуп келгенбиз жана ушул убакка чейин: ушундай боюнча калып келебиз.

## Шилтемелердин беттери


1. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006, 4-бет.
2. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006, 5-бет.
3. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006, 3-бет.
4. Акмолдоева Ш.Б. “Манас” ааламы Б.: 2003, 25-бет.
5. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004, 17-бет.
6. Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство Бишкек-1996, 18-бет.
7. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004, 18-бет.
8. Сулейменов О. Аз и Я Алма-Ата 1990, 571-бет.
9. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 46-47-бет.
10. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 53-54-бет.
11. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 567-бет.
12. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 570-бет.
13. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 571-бет.
14. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. , 16,23,24,25-бет.
15. Турсунов Э. Куран. Кыргызстан басмасы, Бишкек – 1991, 24-бет.
16. Турсунов Э. Куран. Кыргызстан басмасы, Бишкек – 1991, 384-бет.
17. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 50-бет.
18. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 52,53,54,55-бет.
19. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 56-бет.
20. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 136,137-бет.
21. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 138,139-бет.
22. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 143-бет.
23. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 145,146,147-бет.
24. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 150,151-бет.
25. Өмүралиев Ч. Теңирчилик. Крон, Бишкек – 1994, 81,82,83-бет.

26. Кайыпов С.Т. Жылга бергис жарым күн Бишкек – 2006, 98,99-бет.
27. Бөкөшев Ж. Салт жана билим, Бийиктик, Бишкек, 2014, 28-бет.
28. Айтматов Ч. Чыгармаларынын беш томдук жыйнагы Бишкек-1999, 35,36-бет.
29. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006, 103-бет.
30. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006, 112-бет.
31. Бөкөшев Ж. Салт жана билим, Бийиктик, Бишкек, 2014, 10-бет.
32. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 97-бет.
33. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 292-297-бет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Абдылдаева Т.Ч. Дин философиясы Б.: 2019
2. Акматов К. Чыг. 7 томдук жыйнагы Б.: 2012
3. Акмолдоева Ш.Б. “Манас” ааламы Б.: 2003
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын беш томдук жыйнагы Бишкек-1999
5. Айтматов Ч., Шаханов М. Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) Бишкек-2001.
6. Айтымбетов О. Көкө Тэңир Б.: 2006
7. С.М.Абрамзон. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. –Ф.1990 с.292-297
8. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары, Фрунзе, 1985.
9. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань 2006
10. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004
11. Бөкөшев Ж. Кыргыз философиясы, Бийиктик, Б.: 2013.
12. Бөкөшев Ж. Окуя өтөт, ой калат. Бийиктик, Б.: 2013.
13. Бөкөшев Ж. Салт жана салттуу билим (когнитивная антропология) “Улуу тоолор”, Б.: 2014.
14. Бубер М. Два образа веры М.: 1999
15. Буркхардт Я. Культура. Возрождение в Италии М.: 1996
16. Вашингтон Ирвинг Жизнь Магомета М.: 1990

17. Гумилев Л.Н.Древние тюрки М.: 1993
18. Гумилев Л.Н. Этногенезис биочөйрөсү, Бишкек, 1999.
19. Есенберлин Ильяс Кочевники Алма-Ата 1980
20. Жашыл китеп. Кыргыздар дүйнө элин жакшылыкка алып барат Бишкек-2004
21. Жусупакматов Л.Дж. Структура пиктографических текстов петроглифов Саймалы-Таша Ош-2006
22. Жусупакматов Л.Дж. Петроглифы Саймалы-Таша как объект пиктография Ош-2006
23. Иманалиев К. Улуулукка таазим Бишкек-2017
24. Иманалиев С.С. “Манас” эпосундагы адам болмушу Бишкек-2014
25. Иманалиев С.С. Тайтору, тарых, философия Бишкек-2018
26. Ибраимов О. История кыргызского государства Бишкек, 2015
27. Кадыров Д. Уңгу талаа таануу Бишкек-2014
28. Кайыпов С.Т. Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын макал-лакаптары Бишкек-2017
29. Кайыпов С.Т. Туркияда жашаган Памир кыргыздарынын кошогу Бишкек-2017
30. Кайыпов С.Т. Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты 3томдук Үрүмчү, 2016
31. Кайыпов С.Т. Жылга бергис жарым күн Бишкек-2006
32. Кайыпов С.Т. Жок жерден жомок жаралбайт Бишкек-2011
33. Кэмпбелл Дж. Мифический образ М.: 2002
34. Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство Бишкек-1996
35. Куран Перевод смыслов и комментарии В.Порохова
36. Куран Кыргыз тилине орусчадан которгон Э.Турсунов
37. Кыргызы на мировой исторической арене.
38. Кыргыздын улуттук каада-салты, үрп-адаты Бишкек-2012
39. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки Ф.:1973
40. Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. Москва, 1991.
41. Матикеев К. Борobордук Азия Манас доорунда Ош-1995
42. Макс Вебер Избранное Образ общества М.:1994

43. Махмут Кашгари Дивану лугати-т түрк 3томдук Которгондор: Абдувалиев И., Ахматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М., Бишкек-2013
44. Махмут Кашгари: Ырлар, макалдар, уламыштар жана тил теориясы. Которгон жана түзгөн А.Оморов Жалал-Абад-2016
45. Мурад Аджи Кыпчактар Москва, 1994
46. Мэнли П.Холл Энциклопедическое изложение герметической, каббалистической и розенкрейцерской символической философии Тайные учения всех времен М.: 1993
47. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018
48. Өмүралиев Ч. Теңирчилик.
49. Поппер К. Бүтпөс изденүү Б.: 1999
50. Сааданбеков Ж. Философия Чингиза Айтматова Бишкек-2013
51. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020
52. Сведенборг Э. Мудрость ангельская о божественной любви к божественной мудрости Киев 1997
53. Сулейменов О. Аз и Я Алма-Ата 1990
54. Сайф ад-дин ибн Дамулла Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нооруз-Мухаммат (Нурмухаммат) Тарыхтардын жыйнагы (“Мажму ат-таварих”) Б.: 2016
55. Сыдыков Ж. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили Бишкек-2002
56. Токоева Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу Б.: 2015
57. Токтогазиев Т. Тибетте жашаган кыргыздар Б.: 2014
58. Тойнби А.Дж. Постижение истории М.: 1991
59. Четверикова О. Цифровой тоталитаризм.
60. Чичерин Б.Н. Наука и религия М.: 1999
61. Фетгуллах Гюлен Пророк Мухаммед венец рода человеческого Бишкек-2014
62. Фрезер Д.Д. Фольклор в ветхом завете М.: 1990
63. Эшиев А.М. Батыштагы Байыркы түрктөр Ош-2008
64. Эшиев А.М. Орто кылымдык орток түрк жана Иран-Тажик поэмасындагы интеграциялык процесстер: гумандуулук идеялары Бишкек-2008
65. Эшиев А.М. Древний SACRI мир ... (этно-код концепция) Бишкек-2014

66. Эшиев А.М. Манастын улуу кыргыз мамлекети: рухий дүйнөсү, идеологиясы, геосаясаты, маданияты. 1-китеп. Б.:2014
67. Эшиев А. Истоки и параллели в эпосе “Манас”
68. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин төркүнү (этимологиясы) Бишкек-2016
69. Турсунов Э. Куран. Кыргызстан басмасы, Бишкек – 1991.

**Чокоева Д.М.**

# Өзгөнү ээрчиген өзүн унутат

Редактор Ашимбаева Г.
Корректор Нурматова М.
Көркөмдөөчү редактор Абдразакова Г.
Компьютердик макеттөө Абдразакова Г.

Басууга кол коюлду 15.03.2021.
Басууга берилди 15.03.2021.
Кагаздын форматы 60×84 1\8 Тираж 300даана 9,25 бас.т.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин басмаканасында
басылып чыгарылды.
715600 Жалал-Абад ш., Ленин к.57, тел: 5-51-72